## ***Финансылык отчёттуулуктун концептуалдык негиздери***

*Финансылык отчёттуулуктун концептуалдык негиздери* 2010-жылдын сентябрында Финансылык отчёттуулуктун эл аралык стандарттары боюнча кеңеш тарабынан жарыяланган. Ал 2018-жылдын мартында кайра каралган.

© ФОЭС Фонду

**МАЗМУНУ**

*Пунктту караңыз*

***КОНЦЕПТУАЛДЫК НЕГИЗДЕРДИН*** **СТАТУСУ ЖАНА МАКСАТЫ** **SP1.1**

**1 глава— ЖАЛПЫ БАГЫТТАГЫ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУУЛУКТУН МАКСАТЫ**

**КИРИШҮҮ** **1.1**

**ЖАЛПЫ БАГЫТТАГЫ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУУЛУКТУН МАКСАТЫ, ПАЙДАЛУУЛУГУ ЖАНА ЧЕКТӨӨЛӨРҮ** **1.2**

**ОТЧЕТ БЕРҮҮЧҮ ИШКАНАНЫН ЭКОНОМИКАЛЫК РЕСУРСТАРЫ, ИШКАНАГА ТАЛАПТАР, РЕСУРСТАРДЫ ЖАНА ТАЛАПТАРДЫ ӨЗГӨРТҮҮ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ** **1.12**

**Экономикалык ресурстар жана талаптар** **1.13**

**Экономикалык ресурстардагы жана талаптардагы өзгөрүүлөр** **1.15**

**Чегерүү методунун негизинде чагылдырылган финансылык натыйжалуулук** **1.17**

**Өткөн мезгилдер үчүн акча каражаттарынын кыймылынын негизиндеги метод менен чагылдырылган финансылык натыйжалуулук** **1.20**

**Финансылык натыйжалуулук менен байланышпаган экономикалык ресурстардагы жана талаптардагы өзгөрүүлөр** **1.21**

**ИШКАНАНЫН ЭКОНОМИКАЛЫК РЕСУРСТАРЫН ПАЙДАЛАНУУ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ** **1.22**

**2-ГЛАВА — ПАЙДАЛУУ ФИНАНСЫЛЫК МААЛЫМАТТЫН САПАТТЫК МҮНӨЗДӨМӨСҮ**

**КИРИШҮҮ** **2.1**

**ПАЙДАЛУУ ФИНАНСЫЛЫК МАЛЫМАТТЫН САПАТТЫК МҮНӨЗДӨМӨЛӨРҮ** **2.4**

**Негизги сапаттык мүнөздөмөлөр** **2.5**

**Маалыматтын пайдалуулугун жогорулатуучу сапаттык мүнөздөмөлөр** **2.23**

**ПАЙДАЛУУ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУУЛУКТУ ТҮЗҮҮГӨ ЧЫГЫМДАРДЫ ЧЕКТӨӨ** **2.39**

**3-ГЛАВА — ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУУЛУК ЖАНА ОТЧЕТ БЕРҮҮЧҮ ИШКАНА**

**ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУУЛУК** **3.1**

**Финасылык отчеттуулуктун максаты жана көлөмү** **3.2**

**Отчеттук мезгил** **3.4**

**Финансылык отчеттуулукта кабыл алынган перспектива** **3.8**

**Ишкананын ишмердүүлүгүнүн үзгүлтүксүздүгү жөнүндө божомол** **3.9**

**ОТЧЕТ БЕРҮҮЧҮ ИШКАНА** **3.10**

**Бириктирилген жана бириктирилбеген финансылык отчеттуулук** **3.15**

**4-ГЛАВА — ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУУЛУКТУН ЭЛЕМЕНТТЕРИ**

**КИРИШҮҮ** **4.1**

**АКТИВДИН АНЫКТАМАСЫ** **4.3**

**Укук** **4.6**

**Экономикалык пайданы алып келүү потенциалы** **4.14**

 © ФОЭС Фонду

**Контроль** 4.19
**МИЛДЕТТЕНМЕНИН АНЫКТАМАСЫ** 4.26
**Милдет** 4.28
**Экономикалык ресурсту өткөрүп берүү** 4.36
**Өткөн окуялардын натыйжасында пайда болгон учурдагы милдет** 4.42
**АКТИВДЕР ЖАНА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** 4.48
**Эсеп бирдиги** 4.48
**Аткарыла турган келишимдер** 4.56
**Келишимдик укуктардын жана келишимдик милдеттенмелердин маңызы** 4.59
**ӨЗДҮК КАПИТАЛДЫН АНЫКТАМАСЫ** 4.63
**КИРЕШЕЛЕРДИН ЖАНА ЧЫГАШАЛАРДЫН АНЫКТАМАЛАРЫ** 4.68
**5-ГЛАВА — ТААНУУ ЖАНА ТААНУУНУ ТОКТОТУУ**
**ТААНУУ ПРОЦЕССИ** 5.1
**ТААНУУ КРИТЕРИЙЛЕРИ** 5.6
**Жөндүүлүк** 5.12
**Туура көрсөтүү** 5.18
**ТААНУУНУ ТОКТОТУУ** 5.26
**6-ГЛАВА—БААЛОО**
**КИРИШҮҮ** 6.1
**БААЛОО БАЗАСЫ** 6.4
**Баштапкы нарк** 6.4
**Учурдагы нарк** 6.10
**БААЛООНУН КОНКРЕТТҮҮ БАЗАСЫ АРКЫЛУУ АЛЫНГАН МААЛЫМАТ** 6.23
**Баштапкы нарк** 6.24
**Учурдагы нарк** 6.32
**БААЛОО БАЗАСЫН ТАНДООДО ЭСКЕ АЛЫНУУЧУ ФАКТОРЛОР** 6.43
**Жөндүүлүк** 6.49
**Туура көрсөтүү** 6.58
**Маалыматтын пайдалуулугун жогорулатуучу сапаттык мүнөздөмөлөр жана чыгымдар боюнча чектөө** 6.63
**Баштапкы баалоо үчүн мүнөздүү факторлор** 6.77
**Бирден ашык баалоо базасын пайдалануу** 6.83
**ӨЗДҮК КАПИТАЛДЫ БААЛОО** 6.87
**АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН АГЫМДАРЫНА НЕГИЗДЕЛГЕН БААЛОО МЕТОДДОРУ** 6.91
**7-ГЛАВА —МААЛЫМАТТЫ БЕРҮҮ ЖАНА АЧЫП КӨРСӨТҮҮ**
**МААЛЫМАТТЫ БЕРҮҮ ЖАНА АЧЫП КӨРСӨТҮҮ - КОММУНИКАЦИЯНЫН ИНСТРУМЕНТИ КАТАРЫ** 7.1
**МААЛЫМАТТЫ БЕРҮҮНҮН ЖАНА АЧЫП КӨРСӨТҮҮНҮН МАКСАТЫ ЖАНА** 7.4

© ФОЭС Фонду 

**ПРИНЦИПТЕРИ**

**КЛАССИФИКАЦИЯ** **7.7**

**Активдерди жана милдеттенмелерди классификациялоо** **7.9**

**Капиталды классификациялоо** **7.12**

**Кирешелерди жана чыгашаларды классификациялоо** **7.14**

**АГРЕГАЦИЯЛОО** **7.20**

**8-ГЛАВА КАПИТАЛДЫН ЖАНА КАПИТАЛДЫН КӨЛӨМҮН КОЛДООНУН КОНЦЕПЦИЯЛАРЫ**

**КАПИТАЛДЫН КОНЦЕПЦИЯЛАРЫ** **8.1**

**КАПИТАЛДЫН КӨЛӨМҮН КОЛДООНУН КОНЦЕПЦИЯЛАРЫ ЖАНА ПАЙДАНЫ АНЫКТОО** **8.3**

**КАПИТАЛДЫ КОЛДОО МЕНЕН БАЙЛАНЫШКАН ОҢДОП-ТҮЗӨӨЛӨР** **8.10**

**ТИРКЕМЕ — ТЕРМИНДЕРДИН АНЫКТАМАСЫ**

**2018-ЖЫЛДЫН МАРТЫНДА ЖАРЫЯЛАНГАН *ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТТУУЛУКТУН КОНЦЕПТУАЛДЫК НЕГИЗДЕРИН* КЕҢЕШТИН ЖАКТЫРУУСУ**

***ЧЕЧИМДЕРДИ КАБЫЛ АЛУУ ҮЧҮН НЕГИЗДЕРДИ УШУЛ БАСЫЛМАНЫН С БӨЛҮГҮНӨН КАРАҢЫЗ***

**ЧЕЧИМДЕРДИ КАБЫЛ АЛУУ ҮЧҮН НЕГИЗДЕР**

 © ФОЭС Фонду

## *КОНЦЕПТУАЛДЫК НЕГИЗДЕРДИН СТАТУСУ ЖАНА МАКСАТЫ*

SP1.1 *Финансылык отчеттуулуктун концептуалдык негиздери (Концептуалдык негиздер)* жалпы багыттагы финансылык отчеттулуктун максатын жана концепциясын сүрөттөйт. *Концептуалдык негиздердин* максаты төмөнкүлөр:

(a) макулдашылган концепцияларга негизделген ФОЭС (стандарттар) стандарттарын иштеп чыгууда Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары боюнча кеңешке (Кеңешке) жардам көрсөтүү;

(b) конкреттүү операцияга же башка окуяга бир да стандарт колдонулбаган учурда, же стандарт эсеп саясатын тандоого мүмкүндүк бергенде отчетту түзүүчүлөргө ырааттуу эсеп саясатын иштеп чыгууга жардам берүү; жана

(c) бардык тараптарга стандарттарды түшүнүүгө жана чечмелөөгө көмөк көрсөтүү.

SP1.2 *Концептуалдык негиздер* стандарт болуп саналбайт. *Концептуалдык негиздерде* эч нерсе кайсы бир стандартты же стандарттын кайсы бир талаптарын жокко чыгарбайт.

SP1.3 Жалпы багыттагы финансылык отчеттуулуктун максатына жетүү үчүн Кеңеш айрым учурларда *Концептуалдык негиздердин* алкагынан чыккан талаптарды коё алат. Эгер Кеңеш ушундай кылса, ошол стандарт боюнча Негиздөө бөлүмүндө мындай четтөөнү түшүндүрүп берет.

SP1.4 *Концептуалдык негиздер* мезгил-мезгили менен Кеңештин аны менен иштеген тажрыйбасынын негизинде кайра каралып турушу мүмкүн. *Концептуалдык негиздерди* кайра карап чыгуу стандарттарды автоматтык өзгөртүүгө алып келбейт. Стандартка өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү бардык чечимдер долбоорду өз күн тартибине киргизүү жана ал стандартка өзгөртүүнү иштеп чыгуу үчүн Кеңеш тарабынан тиешелүү жол жободон өтүүнү талап кылат.

SP1.5 *Концептуалдык негиздер* ФОЭС Фондунун жана ФОЭС Фондунун бөлүгү болгон Кеңештин белгиленген миссиясын ишке ашырууга салым кошот. Бул миссия бүткүл дүйнө боюнча финансылык рыноктордун айкындыгын, отчеттуулугун жана натыйжалуулугун камсыз кылуучу стандарттарды иштеп чыгууда турат. Кеңештин иши дүйнөлүк экономикада ишенимди, өсүштү жана узак мөөнөттүү финансылык туруктуулукту бекемдөө аркылуу коомдук кызыкчылыкка кызмат кылат. К*онцептуалдык негиздер* стандарттар үчүн базаны камсыз кылат, алар:

(a) эл аралык салыштырмалуулукту жана финансылык маалыматтын сапатын жогорулатуунун эсебинен инвесторлорго жана рыноктун башка катышуучуларына негиздүү экономикалык чечимдерди кабыл алууга мүмкүндүк берүү аркылуу ачык-айкындуулукка салымын кошот.

(b) капиталды берүүчүлөр жана алар өз акчаларын ишенип аманатка берген адамдар ортосундагы маалыматтык ажырымды кыскартуунун эсебинен отчеттуулукту күчөтөт. *Концептуалдык негиздерге* негизделген стандарттар жетекчиликтин отчеттуулугун камсыз кылуу үчүн керек болгон маалыматты беришет. Бул стандарттар маалыматтын глобалдуу деңгээлинде салыштырмалуу булак катары бүткүл дүйнөдөгү жөнгө салуучу органдар үчүн өтө зарыл мааниге ээ.

(c) инвесторлорго бүткүл дүйнө жүзүндөгү мүмкүнчүлүктөрдү жана тобокелдиктерди аныктоого жардам берүү, аны менен бирге капиталдын бөлүштүрүлүүсүн жакшыртуу менен экономикалык натыйжалуулуктун жогорулашына көмөк көрсөтөт. Ишканалар үчүн *Концептуалдык негиздерге* негизделген стандарттардан келип чыккан бирдиктүү, ишенимдүү бухгалтердик эсептин тилин пайдалануу капиталдын наркын төмөндөтөт жана эл аралык отчеттуулукка чыгымдарды кыскартат.

**МАЗМУНУ**

Пунктту караңыз

**1-глава — Жалпы багыттагы финансылык отчеттуулуктун максаты**

**КИРИШҮҮ** **1.1**

**ЖАЛПЫ БАГЫТТАГЫ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУУЛУКТУН МАКСАТЫ, ПАЙДАЛУУЛУГУ ЖАНА ЧЕКТӨӨЛӨРҮ** **1.2**

**ОТЧЕТ БЕРҮҮЧҮ ИШКАНАНЫН ЭКОНОМИКАЛЫК РЕСУРСТАРЫ, ИШКАНАГА ТАЛАПТАР, РЕСУРСТАРДЫ ЖАНА ТАЛАПТАРДЫ ӨЗГӨРТҮҮ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ** **1.12**

**Экономикалык ресурстар жана талаптар** **1.13**

**Экономикалык ресурстардагы жана талаптардагы өзгөрүүлөр** **1.15**

**Чегерүү методунун негизинде чагылдырылган финансылык көрсөткүчтөр** **1.17**

**Өткөн мезгилдердеги акча каражаттарынын кыймылынын негизиндеги метод менен чагылдырылган финансылык көрсөткүчтөр** **1.20**

**Финансылык натыйжалуулук менен байланышпаган экономикалык ресурстардагы жана талаптардагы өзгөрүүлөр** **1.21**

**ИШКАНАНЫН ЭКОНОМИКАЛЫК РЕСУРСТАРЫН ПАЙДАЛАНУУ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ** **1.22**


© ФОЭС Фонду

## Киришүү

1.1 Жалпы багыттагы финансылык отчёттуулуктун максаты *Концептуалдык негиздердин* базасын түзөт. *Концептуалдык негиздердин* башка аспектилери – пайдалуу финансылык маалыматтардын сапаттык мүнөздөмөлөрү жана аларга болгон чыгымдардын чектөөсү, отчёт берүүчү ишкананын концепциясы, финансылык отчёттуулуктун элементтери, таануу жана таанууну токтотуу, маалыматты баалоо, берүү жана ачып көрсөтүү – максаттан логикалык түрдө келип чыгат.

## Жалпы багыттагы финансылык отчёттуулуктун максаты, пайдалуулугу жана чектөөлөрү

1.2 Жалпы багыттагы финансылык отчёттуулуктун максаты[1] - ишканага ресурстарды берүүгө тиешелүү чечимдерди кабыл алууга потенциалдуу инвесторлорго, зайым берүүчүлөргө жана башка кредиторлорго пайдалуу болгон отчет берүүчү ишкана жөнүндө финансылык малыматты берүү болуп саналат.[2] Бул чечимдер төмөнкүлөргө тиешелүү:

(a) үлүштүк жана карыз инструменттерин сатып алуу, сатуу же кармап туруу;

(b) зайымдарды же кредиттин башка формаларын берүү же төлөө; же

(c) ишкананын экономикалык ресурстарын колдонууга таасир этүүчү жетекчиликтин иш-аракеттерине добуш берүү же башка жол менен таасир этүү укуктарын ишке ашыруу.

1.3 1.2-пунктта баяндалган чечимдер учурдагы жана потенциалдык инвесторлор, зайым берүүчүлөр жана башка кредиторлор күткөн кирешелерден көз каранды болот, мисалы, дивиденддерге, негизги сумманы жана пайыздарды төлөөлөргө же базар баасынын өсүшү. Инвесторлордун, зайым берүүчүлөрдүн жана башка кредиторлордун кирешеге карата күтүүлөрү алардын ишканага келечектеги таза акча каражаттарынын түшүүсүнүн суммасын, мөөнөтүн жана айкын эместигин (перспективасын) баалоосунан жана алардын жетекчилик тараптан ишкананын экономикалык ресуртарын башкаруусун баалоосунан көз каранды болот. Учурдагы жана потенциалдуу инвесторлор, зайым берүүчүлөр жана башка кредиторлор мындай баалоону аткарууга жардам берүү үчүн маалыматка муктаж..

1.4 1.3-пунктта баяндалган баалоону жүргүзүү үчүн учурдагы жана потенциалдык инвесторлор, зайым берүүчүлөр жана башка кредиторлор төмөнкүлөр жөнүндө маалыматка муктаж:

(a) ишкананын экономикалык ресурстары, ишканага талаптар жана бул ресурстардагы жана талаптардагы өзгөрүүлөр жөнүндө (1.12 – 1.21– пункттарын караңыз); жана

(b) ишкананын жетекчилиги жана башкармасы[3] ишкананын экономикалык ресурстарын пайдалануу боюнча өз милдеттерин канчалык деңгээлде майнаптуу жана натыйжалуу аткарып жаткандыгы жөнүндө (1.22 – 1.23–пункттарын караңыз).

1.5 Көптөгөн учурдагы жана потенциалдуу инвесторлор, зайым берүүчүлөр жана башка кредиторлор отчёт берүүчү ишканалардан маалыматты аларга түздөн-түз берүүнү талап кыла албайт жана аларга керек болгон финансылык маалыматтын көпчүлүк бөлүгүн алуу максатында жалпы багыттагы финансылык отчёторго таянышы керек. Демек, жалпы багыттагы финансылык отчёттор алар үчүн багытталган жана алар негизги пайдалануучулар болуп саналат.[4]

1.6 Ошентсе да, жалпы багыттагы финансылык отчёттор учурдагы жана потенциалдык инвесторлор, зайым берүүчүлөр жана башка кредиторлор муктаж болгон бардык маалыматты камтыбайт жана аларды бере албайт. Бул пайдалануучулар башка булактардан алынуучу тиешелүү маалыматты эске алуулары керек, мисалы, жалпы экономикалык шарттар жана күтүүлөр, саясий окуялар жана саясий климат, ошондой эле тармактын жана компаниянын перспективалары.

---

[1] Бүткүл *Концептуалдык негиздер* боюнча «финансылык отчёттор» жана «финансылык отчеттуулук» терминдери, эгерде атайын башкасы көрсөтүлбөсө, жалпы багыттагы финансылык отчётторго жана жалпы багыттагы финансылык отчёттуулукка тиешелүү..

[2] Эгерде атайын башкасы көрсөтүлбөсө, бүткүл *Концептуалдык негиздер* боюнча «ишкана» термини отчёт берүүчү ишканага тиешелүү.

[3] Эгерде атайын башкасы көрсөтүлбөсө, бүткүл *Концептуалдык негиздер боюнча* «жетекчилик» термини ишкананын жетекчилигине жана башкаруучу кеңешине тиешелүү.

[4] *Бүткүл Концептуалдык негиздер боюнча* «негизги пайдалануучулар» жана «пайдалануучулар» терминдери алар муктаж болгон финансылык маалыматтын көбү үчүн жалпы багыттагы финансылык отчетко таянышы керек болгон учурдагы жана потенциалдуу инвесторлорго, зайым берүүчүлөргө жана башка кредиторлорго тиешелүү.

1.7 Жалпы багыттагы финансылык отчеттор отчёт берүүчү ишкананын баалуулуктарын көрсөткөнгө багытталган эмес; бирок алар учурдагы жана потенциалдуу инвесторлорго, зайым берүүчүлөргө жана башка кредиторлорго отчёт берүүчү ишкананын баалуулуктарын баалоого жардам бере алган маалыматтарды беришет.

1.8 Кээ бир негизги пайдалануучуларда ар түрдүү, жана, балким, карама-каршы келүүчү маалыматтык керектөөлөр жана каалоолор бар. Стандарттарды иштеп чыгууда Кеңеш негизги пайдалануучулардын максималдык санынын керектөөлөрүн канааттандыруучу маалыматтар топтомун бергенге аракет кылат. Бирок, жалпы маалыматтык керектөөлөргө көңүл буруунун фокусу отчёт берүүчү ишканага негизги пайдалануучулардын белгилүү бир тобуна пайдалуураак болгон кошумча маалыматты да киргизип койгонго тоскоолдук жаратпайт.

1.9 Отчёт берүүчү ишкананын жетекчилиги да ал ишкана тууралуу финансылык маалымат алганга кызыкдар. Бирок, жетекчилик жалпы багыттагы финансылык отчётко таянганга зарылчылык деле болбойт, себеби ал керектүү финансылык маалыматты ишкананын ичинен ала алат.

1.10 Иинвесторлор, зайым берүүчүлөр жана башка кредиторлордон башка жөнгө салуучу органдар, коомчулуктун өкүлдөрү сыяктуу башка тараптар жалпы багыттагы финансылык отчётторду пайдалуу деп эсептей алышат. Бирок, бул отчёттор биринчи кезекте мындай башка топторго арналган эмес.

1.11 Финансылык отчёттор негизинен так көрсөтүүлөргө эмес, баалоолорго, ой жүгүртүүлөргө жана моделдерге негизденген. *Концептуалдык негиздер* мындай баалоолордун, ой жүгүртүүлөрдүн жана моделдердин негизинде жаткан концепцияларды аныктайт. Концепция – бул Кеңеш жана финансылык отчётторду түзүүчүлөр умтулган максат. Көптөгөн башка максаттар сыяктуу эле, *Концептуалдык негиздердин* идеалдуу финансылык отчёттуулукка болгон көз карашы толук аткарылышы, жок дегенде кыска мөөнөттүн ичинде, мүмкүн эмес, себеби операцияларды жана башка окуяларды талдоонун жаңы ыкмаларын түшүнүү, кабыл алуу жана ишке киргизиши үчүн убакыт талап кылынат. Ошентсе да финансылык отчёттуулуктун пайдасын жогорулатуу максатында аны өнүктүрүү үчүн умтула турган максатты белгилөө зор мааниге ээ.

## Отчет берүүчү ишкананын экономикалык ресурстары, ишканага талаптары, ресурстардын жана талаптардын өзгөрүшү жөнүндө маалымат

1.12 Жалпы багыттагы финансылык отчеттор отчет берүүчү ишкананын финансылык абалы жөнүндө маалыматты берет, бул ишкананын экономикалык ресурстары жана ишканага коюлган талаптар тууралуу маалымат. Финансылык отчёттор ошондой эле отчет берүүчү ишкананын экономикалык ресурстарын жана талаптарды өзгөрткөн операциялардын жана башка окуялардын кесепеттери жөнүндө маалыматтарды берет. Маалыматтын эки тиби тең ишканага ресурстарды берүүгө тиешелүү чечимдерди кабыл алуу үчүн пайдалуу маалыматтарды берет.

### Экономикалык ресурстар жана талаптар

1.13 Отчёт берүүчү ишкананын экономикалык ресурстарынын жана талаптарынын мүнөзү жана суммасы жөнүндөгү маалымат пайдалануучуларга отчёт берүүчү ишкананын финансылык күчтүү жана алсыз жактарын аныктоого жардам бере алат. Бул маалымат отчёт берүүчү ишкананын ликвиддүүлүгүн жана төлөө жөндөмдүүлүгүн, анын кошумча каржылоого муктаждыгын жана мындай каржылоонун канчалык ийгиликтүү болушун баалоого жардам берет. Бул маалымат пайдалануучуларга ишкананын жетекчилиги ишкананын экономикалык ресурстарын башкаруусун баалоого жардам берет. Учурдагы талаптар боюнча артыкчылыктары жана төлөм талаптары жөнүндө маалымат пайдалануучуларга келечектеги акча каражаттарынын агымдары отчет берүүчү ишканага доо-талабы бар жактардын ортосунда кантип бөлүштүрүлөөрүн болжолдоого жардам берет.

1.14 Экономикалык ресурстардын ар түрдүү типтери пайдалануучунун келечектеги акча каражаттарынын агымына карата отчет берүүчү ишкананын келечегин баалоосуна ар түрдүүчө таасир этет. Айрым келечектеги акча каражаттарынын агымдары дебитордук карыз сыяктуу болгон экономикалык ресурстардан түздөн-түз келип чыгат. Башка акча каражаттарынын агымдары кардарларга товарларды же кызматтарды өндүрүү жана сатуу үчүн бир нече ресурстарды айкалыштыруудан келип чыгат. Бул акча каражаттарынын агымдарын өзүнчө экономикалык ресурстар (же талаптар) боюнча идентификациялоого мүмкүн болбосо дагы, финансылык отчёттуулуктун пайдалануучулары отчет берүүчү ишкананын ишинде колдонуу үчүн жеткиликтүү болгон ресурстардын мүнөзүн жана көлөмүн билиши керек.


© ФОЭС Фонду

## Экономикалык ресурстардын жана талаптардын өзгөрүшү

1.15 Отчет берүүчү ишкананын экономикалык ресурстарындагы жана талаптарындагы өзгөрүүлөр ошол ишкананын финансылык натыйжалуулугунан (1.17-1.20-пункттарын караңыз) жана карыз же үлүштүк инструменттерди чыгаруу сыяктуу операциялардан же башка окуялардан келип чыгат (1.21-пунктту караңыз). Отчет берүүчү ишканага келечектеги таза акча каражаттарынын агымынын келечегин да, жетекчиликтин анын экономикалык ресурстарын башкаруусун да туура баалаш үчүн, пайдалануучулардын өзгөрүүнүн ушул эки тибин идентификациялоого мүмкүнчүлүгү болуш керек.

1.16 Отчет берүүчү ишкананын финансылык натыйжалуулугу жөнүндө маалымат пайдалануучуларга ишкана өзүнүн экономикалык ресурстарынан алган кирешесин түшүнүүгө жардам берет. Ишкана алган киреше жөнүндөгү маалымат пайдалануучуларга жетекчиликтин ишкананын экономикалык ресурстарын башкаруусун баалоого жардам берет. Бул кирешенин өзгөрүлмөлүүлүгү жана компоненттери жөнүндөгү маалымат дагы маанилүү, өзгөчө келечектеги мезгилдердин акча агымдарынын айкын эместигин баалоодо маанилүү. Отчет берүүчү ишкананын мурдагы финансылык натыйжалуулугу жана анын жетекчилигинин башкаруучулук милдеттерин кантип аткаргандыгы жөнүндөгү маалымат, негизинен, ишкананын анын экономикалык ресурстарынан келечектеги кирешесин болжолдоого көмөктөшөт.

## Чегерүү методунун негизинде чагылдырылган финансылык натыйжалуулук

1.17 Чегерүү методунун негизинде эсепке алуу операциялардын жана башка окуялардын жана жагдайлардын отчет берүүчү ишкананын экономикалык ресурстарына жана талаптарына, эгер тиешелүү акчалай түшүүлөр жана төлөмдөр башка учурда болуп өтсө дагы, ал таасир этүү болгон мезгилдердеги таасирлерин чагылдырат. Бул өтө маанилүү, себеби отчет берүүчү ишкананын мезгил ичиндеги экономикалык ресурстары жана талаптары жана экономикалык ресурстарынын жана талаптарынын өзгөрүүлөрү жөнүндөгү маалымат, ошол мезгилдин ичиндеги акчалай гана түшүүлөр жана төлөмдөр жөнүндөгү маалыматка караганда, ишкананын өткөн жана келечектеги натыйжалуулугун баалоо үчүн мыкты негизди камсыздап берет.

1.18 Түздөн-түз инвесторлордон жана кредиторлордон кошумча ресурстарды алуудан башка (1.21-пунктту караңыз), анын экономикалык ресурстарынын жана талаптарынын өзгөрүүлөрү менен чагылдырылган мезгил ичиндеги отчет берүүчү ишкананын финансылык натыйжалуулугу жөнүндөгү маалымат ишкананын таза акчалай түшүүлөрдү өткөндөгү жана келечектеги жаратуу жөндөмдүүлүгүн баалоодо пайдалуу. Бул маалымат отчет берүүчү ишкана өзүнүн жеткиликтүү экономикалык ресурстарын канчалык деңгээлде көбөйткөндүгүн, ошондой эле, анын таза акча каражаттарынын түшүүлөрүн инвесторлордон жана кредиторлордон түздөн-түз кошумча ресурстарды алуунун эсебинен эмес өз ишмердүүлүгү менен жаратуу жөндөмдүүлүгүн көрсөтүп турат. Мезгил ичиндеги отчет берүүчү ишкананын финансылык натыйжалуулугу тууралуу маалымат, пайдалануучуларга ишкананын жетекчилигинин анын экономикалык ресурстарын башкаруусун баалоого да жардам бериши мүмкүн.

1.19 Мезгил ичиндеги отчет берүүчү ишкананын финансылык натыйжалуулугу тууралуу маалымат рыноктук баалардын же пайыздык ставкалардын өзгөрүшү сыяктуу окуялар, анын акча каражаттарынын таза түшүүлөрүн жаратуу жөндөмдүүлүгүнө таасир этүү менен, ишкананын экономикалык ресурстарынын жана талаптарынын канчалык деңгээлде көбөйткөнүн же азайтканын көрсөтөт.

## Мурдагы мезгилдердеги акча каражаттарынын кыймылынын методу менен чагылдырылган финансылык натыйжалуулук

1.20 Мезгил ичиндеги отчет берүүчү ишкананын акча каражаттарынын кыймылы жөнүндөгү маалымат пайдалануучуларга ишкананын келечектеги акча каражаттарынын таза түшүүлөрүн жаратуу жөндөмдүүлүгүн баалоого жана ишкананын жетекчилигинин анын экономикалык ресурстарын башкаруусун баалоого жардам берет. Бул маалымат отчет берүүчү ишкана акча каражаттарын кантип алаарын жана чыгымдашын, анын ичинде зайымды карыз алуусу жана карызын кайтаруу, акчалай дивиденддерди же инвесторлорго башка акчалай төлөмдөрү жөнүндө маалымат, ошондой эле ишкананын ликвиддүүлүгүнө жана кредитти төлөө жөндөмдүүлүгүнө таасир эте алган башка факторлорду да көрсөтөт. Акча каражаттарынын кыймылы жөнүндөгү маалымат пайдалануучуга отчет берүүчү ишкананын операцияларын түшүнүүсүнө, анын финансылык жана инвестициялык ишмердүүлүгүн баалоого, анын ликвиддүүлүгүн жана кредитти төлөө жөндөмдүүлүгүн баалоого жана финансылык натыйжалуулугу тууралуу башка малыматты талкуулаганга жардам берет.

## Финансылык натыйжалуулук менен байланышпаган экономикалык ресурстардагы жана талаптардагы өзгөрүүлөр

1.21 Отчет берүүчү ишкананын экономикалык ресурстары жана талаптары финансылык натыйжалуулугу менен байланышпаган себептер боюнча, мисалы, карыз же үлүштүк инструменттерди чыгаруудан өзгөрүшү мүмкүн. Өзгөрүүнүн бул тиби жөнүндөгү маалымат пайдалануучуларга отчет берүүчү ишкананын экономикалык ресурстары жана талаптары эмне себептен өзгөргөндүгүн жана ал өзгөрүүлөрдүн келечектеги финансылык натыйжалуулугуна тийгизүүчү кесепеттерин толук түшүнүү үчүн зарыл.

## Ишкананын экономикалык ресурстарын колдонуу жөнүндө маалымат

1.22 Отчет берүүчү ишкананын жетекчилиги анын экономикалык ресурстарын колдонуу боюнча өз милдеттерин канчалык натыйжалуу жана майнаптуу аткаргандыгы жөнүндөгү маалымат пайдалануучуларга жетекчиликтин бул ресурстарды колдонуусун баалоого жардам берет. Мындай маалымат ошондой эле келечектеги мезгилдерде жетекчилик ишкананын экономикалык ресурстарын канчалык деңгээлде натыйжалуу жана майнаптуу пайдалана алаарын болжолдоо үчүн да маанилүү. Демек, бул ишкананын келечектеги акча каражаттарынын таза түшүүлөрүнө карата келечегин баалоо үчүн пайдалуу.

1.23 Ишкананын экономикалык ресурстарын колдонуу боюнча жетекчиликтин милдеттеринин мисалдары бул ресурстарды баалардын жана технологиялардын өзгөрүшү сыяктуу экономикалык факторлордун жагымсыз таасиринен коргоону, ошондой эле ишкананын колдонулган мыйзамдарды, ченемдик актыларды жана келишимдердин жоболорун сактоону камсыз кылуусун камтыйт.

 © ФОЭС Фонду

**МАЗМУНУ**

*Пунктту караңыз*

**2-ГЛАВА — Пайдалуу финансылык маалыматтын сапаттык мүнөздөмөлөрү**

| | |
|---|---|
| **КИРИШҮҮ** | **2.1** |
| **ПАЙДАЛУУ ФИНАНСЫЛЫК МАЛЫМАТТЫН САПАТТЫК МҮНӨЗДӨМӨЛӨРҮ** | **2.4** |
| **Негизги сапаттык мүнөздөмөлөр** | **2.5** |
| Жөндүүлүк | **2.6** |
| Маанилүүлүк | **2.11** |
| Туура көрсөтүү | **2.12** |
| Негизги сапаттык мүнөздөмөлөрдү колдонуу | **2.20** |
| **Маалыматтын пайдалуулугун жогорулатуучу сапаттык мүнөздөмөлөр** | **2.23** |
| Салыштырмалуулук | **2.24** |
| Текшерилиши | **2.30** |
| Өз убагындалык | **2.33** |
| Түшүнүктүүлүк | **2.34** |
| Маалыматтын пайдалуулугун жогорулатуучу сапаттык мүнөздөмөлөрдү колдонуу | **2.37** |
| **ПАЙДАЛУУ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУУЛУКТУ ТҮЗҮҮГӨ ЧЫГЫМДАРДЫ ЧЕКТӨӨ** | **2.39** |

## Киришүү

2.1 Бул главада талкууланган пайдалуу финансылык маалыматтын сапаттык мүнөздөмөсү учурдагы жана потенциалдуу инвесторлор, зайым берүүчүлөр жана башка кредиторлор үчүн отчет берүүчү ишканага карата анын финансылык отчетунда (финансылык маалымат) камтылган маалыматтын негизинде чечимдерди кабыл алуу үчүн эң пайдалуу болушу мүмкүн болгон маалыматтын типтерин аныктайт.

2.2 Финансылык отчеттор отчет берүүчү ишкананын экономикалык ресурстары, отчет берүүчү ишканага коюлган талаптар жана ал ресурстарды жана талаптарды өзгөртүүчү операциялардын, башка окуялардын жана шарттардын кесепеттери жөнүндө маалыматты берет. (Бул маалымат *Концептуалдык негиздерде* экономикалык кубулуштар жөнүндөгү маалымат катары эскертилет). Айрым финансылык отчеттор жетекчиликтин отчет берүүчү ишканага карата күтүүлөрү жана стратегиялары жөнүндөгү түшүндүрүүчү материалдарды, ошондой эле болжолдоочу маалыматтын башка түрлөрүн камтыйт.

2.3 ThПайдалуу финансылык маалыматтын сапаттык мүнөздөмөлөрү[5] финансылык отчеттуулукта берилген финансылык маалыматка, ошондой эле башка ыкма менен берилген финансылык маалыматка колдонулат. Отчет берүүчү ишкананын пайдалуу финансылык маалыматты берүү мүмкүнчүлүктөрүнүн ар тараптуу чектөөсү болуп саналган чыгымдар ушундай эле колдонулат. Бирок сапаттуу мүнөздөмөлөрдү жана чыгымдар боюнча чектөөлөрдү колдонуудагы ой-пикирлер маалыматтын ар түрдүү тиби үчүн ар түрдүү болушу мүмкүн. Мисалы, аларды болжолдоочу маалыматка колдонуу аларды болгон экономикалык ресурстар жана талаптар жөнүндө маалыматка, ошондой эле бул ресурстардагы жана талаптардагы өзгөрүүлөргө колдонуудан айырмаланышы мүмкүн.

## Пайдалуу финансылык маалыматтын сапаттык мүнөздөмөлөрү

2.4 Финансылык маалымат пайдалуу болуш үчүн ал жөндүү болушу жана ал көрсөтүүгө тийиш болгон нерсени туура көрсөтүшү керек. Финансылык маалыматтын пайдалуулугу эгер ал салыштырылса, текшерүүгө жатса, өз убагында жана түшүнүктүү болсо жогорулайт.

### Негизги сапаттык мүнөздөмөлөр

2.5 Жөндүүлүк жана туура көрсөтүү негизги сапаттык мүнөздөмөлөр болуп саналат.

#### Жөндүүлүк

2.6 Жөндүү финансылык маалымат пайдалануучулар кабыл алган чечимдердеги айырмачылыкты жаратууга жөндөмдүү. Эгер айрым пайдалануучулар ал маалыматты өз кызыкчылыгына колдонууну көздөбөсө да, же ал тууралуу башка булактардан билсе да, маалымат чечимдердеги айырмачылыктарды жаратууга жөндөмдүү.

2.7 Финансылык маалымат болжолдоочу баалуулугу, ырастоочу баалуулугу же экөө тең болсо, анда ал чечимдердеги айырмачылыктарды жаратууга жөндөмдүү.

2.8 Финансылык маалымат, эгер аны келечектеги натыйжаларды болжолдоо үчүн пайдалануучулар колдонгон процесстерде баштапкы малыматтар катары колдонула алса, анда болжолдоочу баалуулукка ээ. Болжолдоочу баалуулукка ээ болуш үчүн финансылык маалымат сөзсүз түрдө эле алдын ала айтуучу же болжолдоочу болушу шарт эмес. Болжолдоочу баалуулукка ээ финансылык маалымат пайдалануучулар тарабынан өзүнүн болжолдоосун түзүү үчүн колдонулат.

2.9 Эгер ал мурдагы баалоолорго карата кайтарым байланышты камсыз кылса (аларды ырастайт же аларды өзгөртөт), анда ал финансылык маалымат ырастоочу баалуулукка ээ.

2.10 Финансылык маалыматтын болжолдоочу баалуулугу жана ырсатоочу баалуулугу өз ара тыгыз байланышта. Болжолдоочу баалуулукка ээ маалымат көпчүлүк учурларда тастыктоочу да баалуулукка ээ. Мисалы, аны келечектеги жылдардагы кирешелерди болжолдоо үчүн негиз катары пайдаланууга мүмкүн болгон, үстүдөгү жылга кирешелер жөнүндөгү маалымат өткөн жылдардагы жасалган үстүдөгү жылга кирешелердин болжолу менен салыштырууга болот. Бул

5 Бүткүл *Концептуалдык негиздерде* «сапаттык мүнөздөмөлөр» жана «чыгымдарды чектөө» терминдери пайдалуу финансылык маалыматтын сапаттык мүнөздөмөлөрүнө жана ага чыгымдарды чектөөгө тийиштүү.


© ФОЭС Фонду

салыштыруулардын жыйынтыктары пайдалануучуга мурдагы ушундай болжолдоолорду түзүү үчүн пайдаланылган процесстерди жакшыртууга жана оңдоого жардам бере алат.

*Маанилүүлүк*

2.11 Эгер анын камтылбай калышы, бурмаланышы же жашырылышы жалпы багыттагы финансылык отчеттуулуктун (1.5-пунктту караңыз) негизги пайдалануучулары конкреттүү отчет берүүчү ишкана жөнүндө финансылык маалымат берген отчеттордун негизинде кабыл алган чечимдерине таасир этет деп күтүлсө, анда ал маалымат маанилүү болуп саналат. Башкача айтканда, маанилүүлүк – бул жеке ишкананын финансылык отчетунун контекстиндеги маалымат тиешелүү болгон беренелердин мүнөзүнө же чоңдугуна өлчөмүнө, же экөөнө тең негизделген жөндүүлүктүн ишкана үчүн мүнөздүү аспектиси. Демек, Кеңеш маанилүүлүктүн бирдиктүү сандык босогосун белгилей же конкреттүү учурда эмне маанилүү болорун алдын ала аныктай албайт.

## Туура көрсөтүү

2.12 Финансылык отчеттор экономикалык кубулуштарды сөздөр жана сандар менен берет. Финансылык маалымат пайдалуу болушу үчүн тиешелүү кубулушту гана чагылдырбастан, ал көрсөтүүгө тийиш болгон кубулуштун маңызын тура көрсөтүп бериши керек. Көпчүлүк учурларда экономикалык кубулуштун маңызы жана анын укуктук формасы дал келет. Эгер алар дал келишпесе малыматты укуктук формада гана берүү экономикалык кубулуштарды туура көрсөтпөй калат (4.59-4-62-пункттарды караңыз).

2.13 Өтө туура көрсөтүүгө жетиш үчүн чагылдыруу үч мүнөздөмөгө ээ болушу керек. Ал толук, бейтарап жана каталардан эркин болушу керек. Албетте, өтө тактыкка сейрек учурда гана жетишүүгө болот, эгер бул мүмкүн болсо. Кеңештин милдети бул сапаттарды мүмкүн болушунча жогорулатуу болуп саналат.

2.14 Толук чагылдыруу пайдалануучуга чагылдырылып жаткан кубулушту түшүнүү үчүн зарыл болгон бардык маалыматты, анын ичинде бардык керектүү сыпаттамаларды жана түшүндүрмөлөрдү камтыйт. Мисалы, активдердин тобун толук чагылдыруу, жок дегенде, ошол топтогу активдердин мүнөзүнүн сыпаттамасын, топтогу бардык активдердин сандык чагылдырылышын, ошондой эле ошол сандык чагылдыруу эмнени көрсөтөөрүн (мисалы, баштапкы наркын же адилет наркын) камтып турушу керек. Айрым беренелер үчүн толук чагылдыруу алардын сапаты жана мүнөзү, ошол сапатка жана мүнөзгө таасир эте турган факторлор жана жагдайлар, ошондой эле сандык чагылдырууну аныктоодо колдонулган процесс жөнүндө олуттуу фактыларды түшүндүрүүнү камтыйт.

2.15 Бейтарап чагылдыруу – бул финансылык маалыматты тандоодо же көрсөтүүдө бир жактуулуктун болбоосу. Бейтарап чагылдыруу финансылык маалымат пайдалануучу тарабынан жагымдуу же жагымсыз кабыл алынышынын ыктымалдуулугун арттыруу үчүн пайдалануучунун пикирин кайсы бир тарапка бурбайт, ага басым жасабайт же анча басым жасабайт, же кандайдыр бир ыкма менен пайдалануучуларды алагды кылбайт. Бейтарап маалымат кандайдыр бир максаты жок, же пайдалануучулардын чечимине таасир эте албаган маалымат дегенди билдирбейт. Тескерисинче, аныктамасы боюнча жөндүү финансылык маалымат пайдалануучулардын чечимдериндеги айырмачылыктарды жаратууга жөндөмдүү.

2.16 Бейтараптуулук этияттуулук менен бекемделет. Этияттуулук – айкын эместик шарттарында ой жүгүртүүдө этияттуулукту кармануу. Этияттуулук активдердин жана кирешелердин ашыкча көрсөтүлбөшүн, ал эми милдеттенмелер менен чыгашалардын азайтылып көрсөтүлбөшүн билдирет.[6] Ошол сыяктуу эле, этиятуулукту жүзөгө ашыруу активдерди же кирешелерди азайтып, же милдеттенмелерди же чыгашаларды ашыкча көрсөтүүгө жол бербейт. Мындай бурмалоолор келечектеги мезгилдерде кирешелерди же чыгашаларды ашыкча көрсөтүлүшүнө же азайтылып көрсөтүлүшүнө алып келиши мүмкүн.

2.17 Этияттуулукту жүзөгө ашыруу ассиметриядагы муктаждыкты, мисалы, милдеттенмелерди же чыгашаларды таанууга караганда активдерди же кирешелерди таанууну колдоо үчүн ынанымдуу далилдерге системалуу муктаждыкты билдирбейт. Мындай ассиметрия пайдалуу финансылык маалыматтын сапаттык мүнөздөмөсү болуп саналбайт. Андан тышкары, эгер туура көрсөтүлгөн кыйла жөндүү маалыматты тандоого багытталган чечимдердин натыйжасы болсо, аныкталган стандарттар ассиметриялык талаптарды камтып турушу мүмкүн.

6 Активдер, милдеттенмелер, кирешелер жана чыгашалар 4.1-таблицада аныкталган. Алар финансылык отчеттуулуктун элементтери болуп саналат.

2.18 Туура көрсөтүү бардык жагынан тактыкты билдирбейт. Каталардын жоктугу экономикалык кубулуштун баяндалышында каталар же камтылбай кетүүлөр жок дегенди билдирет, жана билдирилген маалыматты алуу үчүн колдонулган процесс, анда катасы жок тандалып алынган жана колдонулган. Бул контекстте каталардын жоктугу бардык жагынан абсолюттук тактыкты билдирбейт. Мисалы, байкоо жүргүзүлбөгөн бааны же наркты баалоо так же так эмес деп аныкталышы мүмкүн эмес. Бирок, эгер сумма баалануучу маани катары так жана ачык көрсөтүлсө, баалоо процессинин мүнөзү жана чектөөсү түшүндүрүлсө, ал эми баалануучу маанини аныктоодо тиешелүү процессти тандоодо жана колдонууда катага жол берилбесе, мындай бааны берүү туура болушу мүмкүн.

2.19 Финансылык отчеттордогу акча суммалары түздөн-түз байкоого мүмкүн болбогондо жана бааланышы керек болсо, баалоодо айкын эместик пайда болот. Акылга сыярлык баалоону пайдалануу финансылык маалыматты даярдоонун маанилүү бөлүгү болуп саналат, жана эгер баалоо так жана ачык баяндалып, түшүндүрүлсө, ал маалыматтын пайдалуулугун төмөндөтпөйт. Ал гана эмес баалоонун айкын эместигинин бийик деңгээли мындай баалоого пайдалуу маалыматты берүүгө тоскоолдук кылбайт (2.22-пунктту караңыз).

### Негизги сапаттык мүнөздөмөлөрдү колдонуу

2.20 Пайдалуу болуш үчүн маалымат көрсөтүүгө тийиш нерсени жөндүү да, туура да көрсөтүшү керек. Жөндүү эмес экономикалык кубулушту туура көрсөтүү да, жөндүү экономикалык кубулуштун туура эмес көрсөтүлүшү да пайдалануучулардын туура чечим кабыл алышына жардам бербейт.

2.21 Фундаменталдык сапаттык мүнөздөмөлөрдү колдонуунун эң майнаптуу жана натыйжалуу процесси негизинен төмөнкүдөй болот (бул мисалда каралбаган мүнөздөмөлөрдү жогорулатуунун жана чыгымдар менен байланышкан чектөөлөрдүн таасирлерин эске алганда). Биринчиден, отчет берүүчү ишкананын финансылык маалыматын пайдалануучулар үчүн пайдалуу болгон экономикалык кубулушту аныктоо. Экинчиден, жөндүү болгон ошол экономикалык кубулуш жөнүндө маалыматтын тиби аныкталат. Үчүнчүдөн, ал маалыматтын жеткиликтүүлүгү жана анын экономикалык кубулушту туура көрсөтө алышы аныкталат. Эгер ушундай болсо, фундаменталдык сапаттык мүнөздөмөлөргө маалыматты шайкеш келтирүү процесси ушул этапта бүтөт. Эгер ушундай болбосо, процесс маалыматтын андан кийинки жөндүү тибине карата кайталанат.

2.22 Айрым учурларда экономикалык кубулуштар жөнүндө пайдалуу маалымат берүүгө багытталган финансылык отчеттуулуктун максатына жетүү үчүн фундаменталдык сапаттык мүнөздөмөлөрдүн ортосунда компромисс керек болушу мүмкүн. Мисалы, кубулуш жөнүндөгү эң жөндүү маалымат өтө айкын эмес баалоо болушу мүмкүн. Айрым учурларда, ошол баалоого байланышкан баалоонун айкын эместигинин деңгээли ушунчалык жогору болушу мүмкүн, анын негизинде баалоо бул кубулуштун жетиштүү деңгээлде туура көрсөтүлүшүн камсыз кыларына күмөн жаралышы мүмкүн. Айрым мындай учурларда, эң пайдалуу маалымат, баалоонун баяндалышы жана ага таасир эткен айкын эместиктерди түшүндүрүү менен коштолгон, кыйла айкын эмес баалоо болуп калышы мүмкүн. Башка мындай учурларда, эгер бул маалымат бул кубулуштун жетишерлик туура көрсөтүлүшүн камсыз кылбаса, анда андан эң пайдалуу маалымат бир аз жөндүү эмес, бирок баалоонун төмөнүрөөк айкын эместигине кабылган башка типти баалоону камтып калышы мүмкүн. Чектелген жагдайларда пайдалуу маалыматты бере турган баалоо болбошу ыктымал. Бул чектелген жагдайларда баалоого негизделбеген маалыматты берүү талап кылынышы мүмкүн.

## Маалыматтын пайдалуулугун жогорулатуучу сапаттык мүнөздөмөлөр

2.23 Салыштырмалуулук, текшерилиши, өз убагындалык жана түшүнүктүүлүк жөндүү да жана маалыматты туура көрсөтүүнү да кошкондогу пайдалуу маалыматтын сапатын жогорулатуучу сапаттык мүнөздөмө болуп саналышат. Маалыматтын пайдалуулугун жогорулатуучу сапаттык мүнөздөмөлөр эгер экөө тең бирдей деңгээлде жөндүү маалыматты жана кубулушту туура көрсөтүүнү камсыз кылат деп эсептелсе, эки ыкманын кайсынысы ошол кубулушту чагылдыруу үчүн колдонулушу керектигин аныктоого жардам бере алат.

### Салыштырмалуулук

2.24 Пайдалануучулардын чечимдери, мисалы, инвестицияны сатуу же кармап туруу, отчет берүүчү ишканага же башка ишканага инвестициялоо сыяктуу альтернативалардын арасынан тандоону камтыйт. Натыйжада, отчет берүүчү ишкана жөнүндө маалымат, эгер ал башка ишканалар жөнүндөгү окшош маалымат жана ошол эле ишкананын башка мезгил үчүн же башка күнгө окшош маалымат менен салыштырылса, көбүрөөк пайдалуу.

 © ФОЭС Фонду

2.25 Салыштырмалуулук сапаттык мүнөздөмө болуп саналат, ал пайдалануучуларга беренелер ортосундагы окшоштуктарды жана айырмачылыктарды аныктоого жана түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Калган сапаттык мүнөздөмөлөрдөн айырмаланып, салыштырмалуулук өзүнчө алынган берененин мүнөздөмөсү болуп саналбайт. Салыштыруу үчүн жок дегенде эки берене талап кылынат.

2.26 Ырааттуулук салыштырмалуулук менен байланышта болсо дагы, алар айырмаланып турат. Ырааттуулук же бир ишкананын ичиндеги ар башка мезгилдердеги же ар башка ишканалардагы бир мезгил ичиндеги бирдей беренелерге карата бирдей методдорду колдонууну билдирет. Салыштырмалуулук максат болуп саналат; ырааттуулук бул максатка жетүүгө жардам берет.

2.27 Салыштырмалуулук бир түрдүүлүк болуп эсептелбейт. Маалымат салыштырмалуу болуш үчүн окшош нерселер бир түрдө көрүнүшү керек, ал эми айырмаланган нерселер ар түрдүүчө көрүнүшү керек. Финансылык маалыматтын салыштырмалуулугу ар түрдүү нерселерди окшош кылып көрсөтүү менен, тескерисинче окшош нерселерди айырмалантып көрсөтүү менен жогорулабайт.

2.28 Фундаменталдык сапаттык мүнөздөмөлөрүнө шайкеш келүү менен салыштырмалуулуктун айрым бир даражасына жетишүүгө мүмкүн. Жөндүү экономикалык кубулуштун туура көрсөтүлүшү башка отчет берүүчү ишкана тарабынан окшош жөндүү экономикалык кубулуштун туура көрсөтүлүшү менен табигый түрдө кандайдыр бир деңгээлде салыштырууну камтып турушу керек.

2.29 Бир экономикалык кубулуш бир нече ыкма менен туура көрсөтүлүшү мүмкүн болгонуна карабай, ошол эле экономикалык кубулушка карата эсепке алуунун альтернативдүү методдорун колдонууга жол берилсе, салыштырмалуулук азаят.

### Текшерилиш

2.30 Текшерилиш пайдалануучуларды маалымат ал көрсөтүүгө багытталган экономикалык кубулуштардын туура көрсөтүлөөрүнө ынандырууга жардам берет. Текшерилиш ар кандай маалыматы бар жана көз карандысыз байкоочулар белгилүү бир чагылдыруу туура көрсөтүлгөндүгү боюнча, сөзсүз түрдө толук макул болбосо да, консенсуска жетишиши мүмкүн экендигин билдирет. Сандык маалымат текшерилиши үчүн жападан жалгыз мүмкүн болгон бааланууучу маани болушун билдирбейт. Мүмкүн болуучу маанилердин жана алар менен байланышкан ыктымалдуулуктардын диапазону да текшерилиши мүмкүн.

2.31 Текшерилиш түз же кыйыр боло алат. Түз текшерилиш түздөн-түз байкоо аркылуу сандык же башка маалыматты текшерүүнү билдирет, мисалы, акча каражаттарын саноо. Кыйыр текшерилиш модель, формула жана башка техникалар үчүн баштапкы маалыматтарды текшерүүнү жана алынган жыйынтыктарды ошол эле методологияны колдонуу менен кайра эсептеп чыгууну билдирет. Мисал катары баштапкы маалыматтарды (санын жана наркын) текшерүү жана нарктын кыймылы жөнүндөгү окшош божомолдорду колдонуп (мисалы, «биринчи түшүү – биринчи сатуу» ыкмасын колдонуп) акырындагы запастарды кайра эсептеп чыгуу менен запастардын баланстык наркын текшерүү.

2.32 Айрым түшүндүрмөлөрдү жана болжолдуу маалыматты текшерүү мүмкүнчүлүгү келечектеги мезгилде гана болушу же такыр болбошу мүмкүн. Пайдалануучуларга ал маалыматты колдонууну каалашын чечүүгө жардам берүү үчүн, демейде, негизги божомолдор, маалыматты топтоо методдору, жана ушул маалыматты негиздөөчү башка факторлор жана жагдайлар жөнүндө маалыматтар ачып көрсөтүлүшү зарыл.

### Өз убагындалык

2.33 Өз убагындалык чечим кабыл алуучулардын алардын чечимдерине таасир эте ала турган маалыматка өз убагында ээ болуусун билдирет. Адатта, маалымат канчалык эски болсо, анын пайдалуулугу ошончолук төмөн болот. Бирок, айрым маалымат отчеттук мезгил аяктагандан кийин деле узак убакытка чейин өз убагындагы болуп кала берген учурлар болот, себеби, мисалы, айрым пайдалануучуларга тенденцияларды таап, баалоо керек болуп калышы мүмкүн.

### Түшүнүктүүлүк

2.34 Маалыматты так жана кыска классификациялоо, системалаштыруу жана берүү аны түшүнүктүү кылат.

2.35 Айрым экономикалык кубулуштар табиятынан татаал болушат жана түшүнүү үчүн жөнөкөй формада берилиши мүмкүн эмес. Мындай экономикалык кубулуштар жөнүндөгү маалыматты

финансылык отчеттордон алып салуу бул финансылык отчетторду түшүнүүнү жеңилдетет. Бирок, мындай отчеттор толук болбой калат да, жыйынтыгында, адашууга алып келет.

2.36 Финансылык отчеттор бизнес жана экономикалык ишмердүүлүк жөнүндө акылга сыярлык билими бар, ошондой эле маалыматты кылдаттык менен иликтеген жана талдаган пайдалануучулар үчүн түзүлөт. Айрым учурларда татаал экономикалык кубулуштар жөнүндө маалыматты түшүнүү үчүн, жетиштүү маалыматы бар жана кылдат пайдалануучулар да кеңешчинин жардамына муктаж болушу мүмкүн.

### Маалыматтын пайдалуулугун жогорулатуучу сапаттык мүнөздөмөлөрдү колдонуу

2.37 Маалыматтын пайдалуулугун жогорулатуучу сапаттык мүнөздөмөлөр колдон келишинче деңгээлде камсыздалышы керек. Бирок, маалыматтын пайдалуулугун жогорулатуучу сапаттык мүнөздөмөлөр, же жекече, же топ катары, эгер маалымат жөндүү болбосо же туура көрсөтүлбөсө, маалыматты пайдалуу кыла албайт.

2.38 Маалыматтын пайдалуулугун жогорулатуучу сапаттык мүнөздөмөнү колдонуу алдын ала белгиленген тартипке ээ болбогон кайталануучу процессти түшүндүрөт. Кээде бир маалыматтын пайдалуулугун жогорулатуучу сапаттык мүнөздөмөнү көбөйтүү үчүн, башка маалыматтын сапатын жогорулатуучу сапаттык мүнөздөмөнү кыскартуу зарылдыгы пайда болот. Мисалы, жаңы стандартты перспективдүү колдонуунун натыйжасында салыштырмалуулукту убактылуу төмөндөтүү – узак мөөнөттүү мезгилде маалыматтын жөндүүлүгүн же туура көрсөтүлүшүн жакшыртуу менен акталышы мүмкүн. Маалыматты тийиштүү ачып көрсөтүү маалыматтын салыштырылбастыгын жарым-жартылай компенсациялайт.

## Пайдалуу финансылык отчеттуулукту түзүүгө чыгымдарды чектөө

2.39 Чыгымдар финансылык отчеттуулукта берилиши мүмкүн болгон маалыматка карата ажырагыс чектөө болуп саналат. Финансылык маалыматтын отчеттуулугу чыгымдарды талап кылат жана ошол чыгымдар ошол маалыматтын отчеттуулугунун пайдалары менен негизделиши маанилүү. Чыгымдардын жана пайдалардын карап чыгуу керек болгон бир нече типтери бар.

2.40 Финансылык маалыматты берүүчүлөр финансылык маалыматты топтоого, иштеп чыгууга, текшерүүгө жана жайылтууга көптөгөн аракеттерди жумшашат, бирок пайдалануучулар акырында бул чыгымдарды азайтылган пайда түрүндө тартышат. Финансылык маалыматтын пайдалануучулары берилген маалыматты талдоого жана чечмелөөгө кеткен чыгымдарды тартышат. Эгер керектүү маалымат берилбесе, пайдалануучулар ошол маалыматты башка булактардан алуу же ага баалоо жүргүзүү менен байланышкан кошумча чыгымдарды тартышат.

2.41 Жөндүү жана туура көрсөтүлгөн финансылык маалыматтын отчеттуулугу пайдалануучуларга көбүрөөк ишеним менен чечим кабыл алууга жардам берет. Бул капиталдар рынокторунун натыйжалуу иштешине жана бүтүндөй экономика үчүн капиталдын наркынын төмөндөшүнө алып келет. Жеке инвестор, зайым берүүчү же башка кредитор дагы негизделген чечимдерди кабыл алуу менен пайда алат. Бирок жалпы багыттагы финансылык отчеттор ар бир пайдалануучу жөндүү деп эсептеген бүткүл маалыматты бере албайт.

2.42 Чыгымдар боюнча чектөөнү колдонууда, Кеңеш белгилүү бир маалыматты берүүнүн пайдасы ошол маалыматты берүүгө жана пайдаланууга кеткен чыгымдарды ыктымалдуу актай алаарын баалайт. Сунушталган стандартты иштеп чыгууда чыгымдар боюнча чектөөнү колдонгондо, Кеңеш ошол стандарттын пайдаларынын жана чыгымдарынын күтүлгөн мүнөзү жана көлөмү тууралуу финансылык маалыматты бергендердин, пайдалануучулардын, аудиторлордун, илимий чөйрөнүн өкүлдөрүнүн жана башкалардын пикирин сурайт. Көпчүлүк учурдарда баалоолор сандык жана сапаттык маалыматтын айкалышына негизделет.

2.43 Финансылык маалыматтын отчеттуулугунун айрым беренелеринин чыгымдарын жана пайдаларын түрдүү адамдардын баалоосу, аларга мүнөздүү субъективдүүлүктөн улам айырмаланышат. Натыйжада, Кеңеш финансылык отчеттуулукка карата чыгымдарды жана пайдаларды жеке отчет берүүчү ишканаларга карата гана эмес, жалпысынан финансылык отчеттулукка карата кароого умтулат. Бул чыгымдарды жана пайдаларды баалоо бардык ишканалар үчүн бирдей отчеттуулук талаптарын ар дайым актайт дегенди түшүндүрбөйт. Айырмачылыктар ишканалардын ар кандай көлөмдөрүнө, капиталды тартуунун ар кандай жолдоруна (ачык же жеке), пайдалануучулардын ар кандай муктаждыктарына жана башка факторлорго байланыштуу болушу мүмкүн.

 © ФОЭС Фонду

**МАЗМУНУ**


| | Пунктту караңыз |
|---|---|
| **3-глава —Финансылык отчеттуулук жана отчет берүүчү ишкана** | |
| **ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУУЛУК** | **3.1** |
| **Финасылык отчеттуулуктун максаты жана көлөмү** | **3.2** |
| **Отчеттук мезгил** | **3.4** |
| **Финансылык отчекттуулукта кабыл алынган перспективалар** | **3.8** |
| **Ишкананын ишмердүүлүгүнүн үзгүлтүксүздүгү** | **3.9** |
| **ОТЧЕТ БЕРҮҮЧҮ ИШКАНА** | **3.10** |
| **Бириктирилген жана бириктирилбеген финансылык отчеттуулук** | **3.15** |

## Финансылык отчеттуулук

3.1 1 жана 2-главаларда жалпы багыттагы финансылык отчеттуулукта көрсөтүлгөн маалымат талкууланат, ал эми 3–8-главаларда жалпы багыттагы финансылык отчеттордун өзгөчө формасы болгон жалпы багыттагы финансылык отчеттуулукта көрсөтүлгөн маалыматтар талкууланат. Финансылык отчеттуулук[7] финансылык отчеттуулуктун элементтеринин аныктамасына туура келген отчет берүүчү ишкананын экономикалык ресурстары, ишканаларга коюлган талаптарды жана ал ресурстардагы жана талаптардагы өзгөрүүлөр жөнүндө маалыматты берет (4.1-таблицаны караңыз).

### Финансылык отчёттуулуктун максаты жана көлөмү

3.2 Финансылык отчеттуулуктун максаты – отчет берүүчү ишкананын активдери, милдеттенмелери, өздүк капиталы, кирешелери жана чыгашалары жөнүндө[8] финансылык маалымат берүү, бул маалымат финансылык отчеттуулукту пайдалануучуларга отчет берүүчү ишкананын келечектеги акча каражаттарынын таза түшүүлөрүнүн келечегин баалоодо жана жетекчиликтин ишкананын экономикалык ресурстарын башкаруусун баалоодо пайдалуу болот (1.3-пунктту караңыз).

3.3 Мындай маалымат берилет:

(a) финансылык абал жөнүндө отчетто активдерди, милдеттенмелерди жана өздүк капиталды таануу жолу менен;

(b) финансылык натыйжалуулук жөнүндө отчетто (отчеттордо)[9] кирешелерди жана чыгашаларды таануу жолу менен; жана

(c) башка отчеттордо жана эскертүүлөрдө, төмөнкүлөр жөнүндөгү маалыматтарды берүү жана ачып көрсөтүү жолу менен:

(i) таанылган активдер, милдеттенмелер, өздүк капитал, кирешелер жана чыгашалар (5.1-пунктту караңыз), анын ичинде алардын мүнөзү жана бул таанылган активдерден жана милдеттенмелерден келип чыккан тобокелдиктер жөнүндө маалымат;

(ii) таанылбаган активдер жана милдеттенмелер (5.6-пунктту караңыз), анын ичинде алардын мүнөзү жана алардан келип чыккан тобокелдиктер жөнүндөгү маалымат;

(iii) акча каражаттарынын кыймылы;

(iv) өздүк капиталга карата талаптардын ээлеринин салымдары жана алардын пайдасына бөлүштүрүүлөр; жана

(v) берилген же ачып көрсөтүлгөн суммаларды баалоодо колдонулган методдор, божомолдор жана ой жүгүртүүлөр, ошондой эле бул методдордогу, божомолдордогу жана ой жүгүртүүлөрдөгү өзгөрүүлөр.

### Отчеттук мезгил

3.4 Финансылык отчеттуулук белгилүү бир мезгилге (отчеттук мезгил) түзүлөт жана төмөнкүлөр жөнүндө маалыматты берет:

(a) таанылбаган активдерди жана милдеттенмелерди кошкондогу активдер жана милдеттенмелер,отчеттук мезгилдин аягында же отчеттук мезгилдин ичинде болгон капитал; жана

(b) отчеттук мезгилдеги кирешелер жана чыгашалар.

3.5 Финансылык отчеттуулуктун пайдалануучуларына өзгөрүүлөрдү жана тенденцияларды аныктоого жана баалоого жардам берүү үчүн финансылык отчеттуулук жок дегенде мурдагы бир отчеттук мезгил үчүн салыштырмалуу маалыматты дагы берет.

---

[7] Бүткүл «*Концептуалдык негиздерде»* «финансылык отчеттуулук» термини жалпы багыттагы финансылык отчеттуулукка тиешелүү болот.

[8] Активдер, милдеттенмелер, өздүк капитал, кирешелер жана чыгашалар 4.1-таблицада аныкталган. Алар финансылык отчеттуулуктун элементтери болуп саналышат.

[9] «*Концептуалдык негиздерде*» финансылык натыйжалуулук жөнүндө отчеттун (отчеттордун) бир отчетту же эки отчетту камтый турганын тактабайт.

3.6 Мүмкүн болгон келечектеги операциялар жана мүмкүн болгон келечектеги башка окуялар (болжолдоочу маалымат) жөнүндөгү маалымат, эгер ал төмөндөгүдөй болсо, финансылык отчеттуулукка киргизилет:

(a) ишкананын активдерине же милдеттенмелерине, таанылбаган активдерди же милдеттенмелерди кошкондо, же отчеттук мезгилдин аягында же отчеттук мезгил ичинде болгон өздүк капиталга, же отчеттук мезгилдеги кирешелерге же чыгашаларга тиешелүү болсо; жана

(b) финансылык отчеттуулукту пайдалануучулар үчүн пайдалуу болсо.

Мисалы, эгер актив же милдеттенме келечектеги акча каражаттарынын агымдарын баалоо аркылуу бааланса, анда ушул келечектеги болжолдонгон акча каражаттарынын агымдары жөнүндө маалымат финансылык отчёттуулукту пайдалануучуларга отчеттогу көрсөткүчтөрдү түшүнүүгө жардам берет. Финансылык отчеттуулук адатта болжолдоочу малыматтын башка типтерин көрсөтпөйт, мисалы, отчет берүүчү ишканага карата жетекчиликтин күтүүлөрү жана стратегиялары жөнүндөгү түшүндүрүүчү материалдар.

3.7 Эгер мындай маалыматты берүү финансылык отчеттуулуктун максатына жетүү үчүн керек болсо, финансылык отчеттуулук отчёттук мезгил бүткөндөн кийин болуп өткөн операциялар жана башка окуялар жөнүндө маалыматты камтып турат (3.2-пунктту караңыз).

### Финансылык отчеттуулукта кабыл алынган перспектива

3.8 Финансылык отчеттуулук операциялар жана башка окуялар жөнүндө маалыматты ишкананын учурдагы же потенциалдык инвесторлорунун, зайым берүүчүлөрдүн жана башка кредиторлорунун кайсы-бир конкреттүү тобунун көз карашынан эмес, бүтүндөй отчет берүүчү ишкананын көз карашынан берет.

### Ишмердүүлүктүн үзгүлтүксүздүгү жөнүндө божомол

3.9 Финансылык отчеттуулук адатта ишкана ишмердүүлүгүн үзгүлтүксүз жүзөгө ашырышы жана аны жакынкы келечекте улантаары жөнүндө божомолдун негизинде түзүлөт. Ошентип, ишкана өзүнүн ишмердүүлүгүн токтотууга же өзүнүн ишмердүүлүгүнүн көлөмүн олуттуу кыскартууга эч кандай ниети да, зарылдыгы да жок деп болжолдонот. Мындай ниет же зарылдык болсо финансылык отчеттуулук башка негизде түзүлүшү керек. Эгер мындай болсо, финансылык отчеттуулук колдонулган негизди ачып көрсөтүшү керек.

## Отчет берүүчү ишкана

3.10 Отчет берүүчү ишкана - бул финансылык отчеттуулукту түзүүсү талап кылынган же аны түзүүнү чечкен ишкана. Отчет берүүчү ишкана жеке ишкананы, же ишкананын бир бөлүгү болушу мүмкүн, же бирден ашык ишкананы камтышы мүмкүн. Отчет берүүчү ишкана сөзсүз түрдө юридикалык жак эмес.

3.11 Айрым учурларда бир ишкана (башкы ишкана) башка ишкананы (туунду ишкананы) контролдойт. Эгер отчет берүүчү ишкана өзүнө башкы ишкананы да, туунду ишканаларды да камтып турса, отчет берүүчү ишкананын финансылык отчеттуулугу «бириктирилген финансылык отчеттуулук» деп аталат (3.15-316-пункттарын караңыз). Эгер отчет берүүчү ишкана башкы ишкана гана болсо, отчет берүүчү мындай ишкананын финансылык отчеттуулугу «бириктирилбеген финансылык отчеттуулук» деп аталат (3.17-3.18-пункттарын караңыз).

3.12 Эгер отчет берүүчү ишкана башкы-туунду мамиле менен байланышпаган эки же андан ашык ишканалардан турса, отчет берүүчү ишкананын финансылык отчеттуулугу «айкалышкан финансылык отчеттуулук» деп аталат.

3.13 Отчет берүүчү ишкананын тиешелүү чегин аныктоо кыйын болушу мүмкүн, эгерде отчет берүүчү ишкана:

(a) юридикалык жак болбосо; жана

(b) башкы-туунду мамилелер менен байланышкан юридикалык жактарды гана камтыбаса.

3.14 Мындай учурларда отчет берүүчү ишкананын чегин аныктоо отчет берүүчү ишкананын финансылык отчеттуулугунун негизги пайдалануучуларынын маалыматтык муктаждыктары менен аныкталат. Бул пайдалануучулар өзү бериши керек болгон нерсени туура көрсөткөн жана жөндүү маалыматка муктаж. Маалыматтын туура көрсөтүлүшү үчүн төмөнкүлөр талап кылынат:

(a) отчет берүүчү ишкананын чеги экономикалык ишмердүүлүктөрдүн ыктыярдуу же толук эмес топтомун камтыбашы;

(b) экономикалык ишмердүүлүктөрдүн мындай топтомун отчет берүүчү ишкананын чегине киргизүү бейтарап маалыматты алууга алып келет; жана

(c) отчет берүүчү ишкананын чеги кандай аныкталгандыгы жана отчет берүүчү ишкананы эмне түзөрү жөнүндө баяндалат.

## Бириктирилген жана бириктирилбеген финансылык отчеттуулук

3.15 Бириктирилген финансылык отчет башкы жана туунду ишканалардын активдери, милдеттенмелери, өздүк капиталы, кирешелери жана чыгашалары жөнүндөгү маалыматты бир отчет берүүчү ишкана катары берет. Бул маалымат башкы ишкананын учурдагы жана потенциалдуу инвесторлору, зайым берүүчүлөрү жана башка кредиторлору үчүн башкы ишкананын келечектеги акча каражаттарынын таза түшүүлөрүнүн перспективасын баалоодо пайдалуу. Бул акча каражаттарынын башкы ишканага таза түшүүлөрү башкы ишканага анын туунду ишканаларынан төлөмдөрүн камтып турганы менен байланышкан, жана бул төлөмдөр туунду ишканаларга акча каражаттарынын таза түшүүлөрүнөн көз каранды.

3.16 Бириктирилген финансылык отчеттуулук кайсы бир туунду ишкананын активдери, милдеттенмелери, капиталы, кирешелери жана чыгашалары жөнүндөгү өзүнчө маалыматты берүүгө багытталган эмес. Мындай маалыматты берүүгө туунду ишканынын жеке финансылык отчеттуулугу багытталган.

3.17 Бириктирилбеген финансылык отчеттуулук, анын туунду ишканаларынын эмес, башкы ишкананын активдери, милдеттенмелери, өздүк капиталы, кирешелери жана чыгашалары жөнүндө маалыматты берүүгө багытталган. Бул маалымат башкы ишкананын учурдагы жана потенциалдуу инвесторлоруна, зайым берүүчүлөрүнө жана башка кредиторлоруна пайдалуу болушу мүмкүн, себеби:

(a) башкы ишканага талап бул талаптын ээсине туунду ишканаларга талап койгонго укук бербейт; жана

(b) айрым юрисдикцияларда башкы ишканага өздүк капиталга карата талаптардын ээлеринин ортосунда юридикалык бөлүштүрүлө турган суммалар башкы ишкананын бөлүштүрүлүүчү резервдеринен көз каранды.

Башкы ишкананын гана айрым же бардык активдери, милдеттенмелери, өздүк капиталы, кирешелери жана чыгашалары жөнүндө маалыматты берүүнүн дагы бир жолу – аны бириктирилген финансылык отчеттуулуктун эскертүүлөрүндө баяндоо болуп саналат.

3.18 Бириктирилбеген финансылык отчеттуулукта берилген маалымат адатта башкы ишкананын учурдагы жана потенциалдуу инвесторлорунун, зайым берүүчүлөрүнүн жана башка кредиторлорунун маалыматтык муктаждыктарын канааттандыруу үчүн жетишсиз. Демек, бириктирилген финансылык отчеттуулук талап кылынганда, бириктирилбеген финансылык отчеттуулук бириктирилген финансылык отчеттуулуктун ордун алмаштыруучу боло албайт. Ошого карабастан, башкы ишкана бириктирилген финансылык отчеттуулукка кошумча бириктирилбеген финансылык отчеттуулукту түзүүсү талап кылынат же аны түзүүнү чечүүсү мүмкүн.

 © ФОЭС Фонду

**МАЗМУНУ**

Пунктту караңыз

**4-глава — Финансылык отчеттуулуктун элементтери**

| | |
|---|---|
| **КИРИШҮҮ** | **4.1** |
| **АКТИВДИН АНЫКТАМАСЫ** | **4.3** |
| **Укук** | **4.6** |
| **Экономикалык пайданы алып келүү потенциалы** | **4.14** |
| **Контроль** | **4.19** |
| **МИЛДЕТТЕНМЕНИН АНЫКТАМАСЫ** | **4.26** |
| **Милдет** | **4.28** |
| **Экономикалык ресурсту өткөрүп берүү** | **4.36** |
| **Өткөн окуялардын натыйжасында пайда болгон учурдагы милдет** | **4.42** |
| **АКТИВДЕР ЖАНА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | **4.48** |
| **Эсеп бирдиги** | **4.48** |
| **Аткарыла турган келишимдер** | **4.56** |
| **Келишимдик укуктардын жана келишимдик милдеттенмелердин маңызы** | **4.59** |
| **ӨЗДҮК КАПИТАЛДЫН АНЫКТАМАСЫ** | **4.63** |
| **КИРЕШЕЛЕРДИН ЖАНА ЧЫГАШАЛАРДЫН АНЫКТАМАЛАРЫ** | **4.68** |


© ФОЭС Фонду

## Киришүү

4.1 *«Концептуалдык негиздерде»* аныкталган финансылык отчеттуулуктун элементтери:

(a) отчет берүүчү ишкананын финансылык абалына тиешелүү болгон активдер, милдеттенмелер жана өздүк капитал; жана

(b) отчет берүүчү ишкананын финансылык натыйжалуулугуна тиешелүү кирешелер жана чыгашалар.

4.2 Бул элементтер 1-главада талкууланган жана 4.1-таблицада аныкталган экономикалык ресурстар, талаптар, экономикалык ресурстардагы жана талаптардагы өзгөрүүлөр менен байланышкан.

**4.1-таблица— Финансылык отчеттуулуктун элементтери**

| **1-главада каралуучу берене** | **Элемент** | **Аныктамасы же сыпаттамасы** |
|---|---|---|
| Экономикалык ресурс | Актив | Өткөн окуялардын натыйжасында ишкана тарабынан контролдонгон учурдагы экономикалык ресурс.<br>Экономикалык ресурс – бул экономикалык пайда алып келүү потенциалына ээ болгон укук. |
| Талап | Милдеттенме | Өткөн окуялардын натыйжасында ишкананын экономикалык ресурсту өткөрүп берүү боюнча учурдагы милдети. |
| | Өздүк капитал | Бардык милдеттенмелерин алып салгандан кийин ишкананын активдериндеги калган үлүш. |
| Экономикалык ресурстагы жана талаптардагы финансылык натыйжалуулукту чагылдырган өзгөрүүлөр | Киреше | Өздүк капиталга талаптардын ээлеринин салымдарына тиешелүү болгондордон тышкары, капиталдын көбөйүшүнө алып келген активдердин көбөйүшү же милдеттенмелердин азайышы. |
| | Чыгашалар | Өздүк капиталга талаптардын ээлерине бөлүштүрүүлөргө тиешелүү болгондордон тышкары, капиталдын азайышына алып келген активдердин азайышы же милдеттенмелердин көбөйүшү. |
| Экономикалык ресурстардагы жана талаптардагы башка өзгөрүүлөр | – | Өздүк капиталга талаптардын ээлеринин салымдары жана аларга бөлүштүрүүлөр. |
| | – | Капиталдын көбөйүшүнө же азайышына алып келбеген активдер же милдеттенмелер менен алмаштыруу. |

## Активдин аныктамасы

4.3 Актив – өткөн окуялардын натыйжасында ишкана тарабынан контролдонгон учурдагы экономикалык ресурс.

4.4 Экономикалык ресурс – бул экономикалык пайда алып келүү потенциалына ээ болгон укук.

4.5 Ушул бөлүмдө бул аныктамалардын үч аспектиси каралат:

(a) укук (4.6–4.13-пункттарын караңыз);


© ФОЭС Фонду

(b) экономикалык пайдаларды алып келүү потенциалы (4.14–4.18-пункттарын караңыз); жана

(c) контроль (4.19–4.25-пункттарын караңыз).

## Укук

4.6 Экономикалык пайдаларды алып келүү потенциалына ээ укуктар түрдүү формаларга ээ болушу мүмкүн:

(a) башка тараптын милдеттенмесине туура келген укук (4.39-пунктту караңыз), мисалы:

(i) акча каражаттарын алууга укук.

(ii) товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү алууга укук.

(iii) башка тарап менен экономикалык ресурстарды пайдалуу шарттарда алмаштырууга укук. Мындай укуктарга, мисалы, азыркы учурда пайдалуу болгон шарттарда экономикалык ресурстарды сатып алууга форварддык келишим, же экономикалык ресурсту сатып алууга опцион.

(iv) анын болушуна ишенич болбогон белгилүү бир келечектеги окуя болгон учурда башка тараптын экономикалык ресурсту өткөрүп берүү милдеттенмеси менен шартталган пайдага укук (4.37-пунктту караңыз).

(b) башка тараптын милдеттенмелерине ылайык келбеген укук, мисалы:

(i) негизги каражаттар объектилери же запастар сыяктуу физикалык объектилерге укуктар. Мындай укуктардын мисалдары болуп физикалык объектини колдонууга укук же ижара объектисинин жоюу наркынан пайда алууга укук.

(ii) интеллектуалдык менчикти пайдаланууга укук.

4.7 Көптөгөн укуктар келишим, мыйзамдар же ушул сыяктуулар менен белгиленет. Мисалы, ишкана физикалык объектилерге ээлик кылуудан же ижарага алуудан, карыздык инструментке же үлүштүк инструментке ээ болуудан же катталган патентке ээ болуудан укуктарды ала алат. Бирок, ишкана дагы башка жолдор менен да укукка ээ болот, мисалы:

(a) жалпыга жеткиликсиз болгон ноу-хауну сатып алуу же түзүү жолу менен (4.22-пунктту караңыз); же

(b) башка тараптын өзүнүн анын пайда болгон иштиктүү тажрыйбасына, жарыяланган саясатына же конкреттүү билдирүүсүнө каршы келген иш-аракет кылууга практикалык жөндөмү болбогондугунан келип чыккан башка тараптын милдеттенмеси аркылуу (4.31-пунктту караңыз).

4.8 Айрым товарлар же кызмат көрсөтүүлөр, мисалы жумушчулардын кызматы, алардын алынышы менен колдонулушу дал келет. Мындай товарлардан жана кызмат көрсөтүүлөрдөн экономикалык пайданы алууга ишкананын укугу бул товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү ишкана тарабынан колдонгон учурга чейин убактылуу болот.

4.9 Ишкананын бардык укуктары ошол ишкананын активдери боло бербейт - ишкананын активдери болуш үчүн эки шарт сакталышы керек: укуктар башка бардык тараптар үчүн жеткиликтүү болгон экономикалык пайдалардан тышкары ишкананын экономикалык пайдасын түзүү потенциалына ээ болуш керек (4.14-4.18-пункттарын караңыз), жана ишкана тарабынан контролдонушу керек (4.19-4.21-пункттарын караңыз). Мисалы, бардык тараптарга олуттуу чыгымдарсыз жеткиликтүү болгон укуктар – негизинен, ачык жеткиликтүү жолду же ачык жеткиликтүү ноу-хауну пайдалануу укугу сыяктуу коомдук товарларды колдонуу укуктары – адатта, аларды кармаган ишканалар үчүн активдер болуп эсептелбейт.

4.10 Ишкана өзүнөн экономикалык пайда алуу укугуна ээ боло албайт. Андан булар келип чыгат:

(a) ишкана чыгарган жана кайра сатып алган жана кармап турган карыз инструменттер же үлүштүк инструменттер, мисалы кайра сатып алынган өздүк акциялар, ошол ишкананын экономикалык ресурстары болуп саналбайт; жана

(b) эгер отчёт берүүчү ишкана бирден ашык юридикалык ишканаларды камтып турса, карыз инструменттер же үлүштүк инструменттер ошол юридикалык ишканалардын бири тарабынан чыгарылса жана ошол юридикалык ишканалардын бири тарабынан кармалса, алар отчёт берүүчү ишкананын экономикалык ресурстары болуп саналбайт.

4.11 Негизинен ишкананын ар бир укугу өзүнчө актив болуп саналат. Бирок, бухгалтердик эсептин максаттары үчүн байланышкан укуктар көпчүлүк учурларда бир актив болгон бир эсеп бирдиги

катары каралат (4.48-4.55-пункттарын караңыз). Мисалы, физикалык объектиге мыйзамдуу менчик укугу бир нече укуктардын пайда болушун шарттайт, төмөнкүлөрдү кошкондо:

(a) объектиге ээлик кылуу укугу;

(b) объектиге укугун сатуу укугу;

(c) объектиге укуктарды күрөөгө өткөрүп берүү укугу; жана

(d) (a)-(c) пунктчаларында көрсөтүлбөгөн башка укуктар.

4.12 Көпчүлүк учурларда физикалык объектиге мыйзамдуу менчик укугунан келип чыккан укуктардын топтому бир актив катары эсепке алынат. Концепция боюнча экономикалык ресурс - бул физикалык объект эмес, укуктардын топтому. Ошого карабастан, укуктардын топтомун физикалык объект катары сыпаттоо көпчүлүк учурларда мындай укуктарды кыска жана түшүнүктүү ыкма менен туура көрсөтүүнү камсыз кылат.

4.13 Айрым учурларда укуктардын болушунун айкын эместиги орун алат. Мисалы, ишкана менен башка бир тарап ишкананын ошол башка тараптан экономикалык ресурсту алууга укугу бар же жок экендигин талашышы мүмкүн. Болуунун мындай айкын эместиги чечилмейин, мисалы, соттун чечими менен, ишканада укугу бар же жок экендиги, демек активдин бар же жок экендиги айкын эмес. (Алардын болушунун айкын эместиги бар болгон активдердин таанылышы 5.14-пунктунда каралган).

## Экономикалык пайданы алып келүү потенциалы

4.14 Экономикалык ресурс – бул экономикалык пайда алып келүү потенциалына ээ болгон укук. Мындай потенциалдын болушу үчүн – бул укук экономикалык пайда алып келеринин ал тургай мүмкүн болушунун зарылчылыгы жок. Укуктун бар болушу, жок эле дегенде бир жагдайда, ишкана үчүн бардык башка тараптарга жеткиликтүү болгон экономикалык пайдадан тышкары экономикалык пайда алып келиши зарыл.

4.15 Укук экономикалык ресурстун аныктамасын канааттандыра алат, демек ал экономикалык пайданы алып келүү ыктымалдуулугу төмөн болсо да, актив боло алат. Ошентсе да, бул төмөн ыктымалдуулук актив жөнүндө кандай маалыматты берүү жана ал маалыматты кантип берүү жөнүндө чечимдерге, анын ичинде активди таануу же тааныбоо (5.15-5.17-пункттарын караңыз) жана аны кантип баалоо жөнүндө чечимдерге таасир берет.

4.16 Экономикалык ресурс, мисалы, төмөнкү иш-аракеттердин бирин же бир нечесин аткарууга укук берүү же мүмкүнчүлүк берүү аркылуу экономикалык пайданы алып келиши мүмкүн:

(a) келишимдик акча каражаттарынын агымдарын же башка экономикалык ресурстарды алуу;

(b) пайдалуу шарттарда башка тарап менен экономикалык ресурстарды алмашуу;

(c) акча каражаттарынын түшүшүн камсыз кылуу же акча каражаттарынын чыгышын болтурбоо, мисалы, төмөнкүлөр аркылуу:

  (i) товарларды өндүрүү же кызматтарды көрсөтүү үчүн экономикалык ресурсту же жекече, же башка экономикалык ресурстар менен айкалыштырып пайдалануу;

  (ii) башка экономикалык ресурстардын наркын жогорулатуу үчүн экономикалык ресурсту пайдалануу; же

  (iii) бул экономикалык ресурсту башка тарапка ижарага берүү;

(d) экономикалык ресурсту сатуунун натыйжасында акча каражаттарын же башка экономикалык ресурстарды алуу; же

(e) экономикалык ресурсту өткөрүп берүү жолу менен милдеттенмелерди төлөө.

4.17 Экономикалык ресурстун наркы келечектеги экономикалык пайданы алып келүү потенциалы менен аныкталганына карабай бул экономикалык ресурс бул укук алып келе турган келечектеги экономомикалык пайданы эмес, ошол потенциалды камтыган учурдагы укук болуп саналат. Мисалы, сатып алынган опциондун наркы анын бул опционду келечектеги күндө аткаруу аркылуу экономикалык пайда алып келүү потенциалы менен аныкталат. Бирок экономикалык ресурс - бул азыркы укук, ал опционду келечектеги күндө аткаруу укугун билдирет. Экономикалык ресурс – бул опцион аткарылган учурда аны кармап турууучу ала турган келечектеги экономикалык пайда эмес.

4.18 Чыгымдарды тартуунун жана активдерди сатып алуунун ортосунда тыгыз байланыш бар, бирок бул экөө сөзсүз түрдө дал келе бербейт. Демек, ишкана чыгымдарды тартканда бул ишкананын келечектеги экономикалык пайда алууга умтулгандыгы жөнүндө күбөлөндүрүшү мүмкүн, бирок ишкана актив алгандыгынын түздөн-түз далили боло албайт. Ошол сыяктуу эле тийиштүү

чыгымдардын жоктугу тигил же бул берененин активдердин аныктамасын канааттандырганына тоскоолдук жаратпайт. Активдерге, мисалы, мамлекет тарабынан ишканага бекер берилген же башка тараптын ишканага тартуу кылган укуктарын киргизүүгө болот.

### Контроль

4.19 Контроль экономикалык ресурсту ишканага байланыштырат. Контролдун болушун баалоо ишкана тарабынан эсепке алынуучу экономикалык ресурсту аныктоого жардам берет. Мисалы, ишкана бүткүл кыймылсыз мүлккө менчик укугу менен шартталган укукту контролдобостон, кыймылсыз мүлктүн пропорционалдуу үлүшүн контролдой алат. Мындай учурларда ишкананын активи болуп ал контролдобогон бүткүл кыймылсыз мүлккө менчик укугу менен шартталган укуктар эмес, ал контролдогон кыймылсыз мүлктүн үлүшү болот.

4.20 Эгер экономикалык ресурсту пайдаланууну башкарууга жана андан алынышы мүмкүн болгон экономикалык пайданы алууга азыркы мүмкүнчүлүгү бар болсо, анда ишкана экономикалык ресурсту контролдойт. Контролдоо башка тараптар экономикалык ресурсту пайдаланууну башкаруусуна жана андан алынышы мүмкүн болгон экономикалык пайданы алууга бөгөт коюу мүмкүнчүлүгүн камтыйт. Демек, эгер бир тарап экономикалык ресурсту контролдосо, башка бир да тарап аны контролдобойт.

4.21 Ишкана экономикалык ресурсту өз ишмердүүлүгүндө колдонууга же башка тарапка ал экономикалык ресурсту ошол башка тараптын ишмердүүлүгүндө пайдаланууга уруксат берүү укугуна ээ болсо, ишкана экономикалык ресурсту пайдаланууну башкаруунун азыркы мүмкүнчүлүгүнө ээ.

4.22 Экономикалык ресурстарды контролдоо мыйзамдуу укуктарды жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүнөн келип чыгат. Бирок контролдоо, эгер экономикалык ресурстарды пайдаланууну башкаруу жана андан алынышы мүмкүн болгон экономикалык пайданы алууга азыркы мүмкүнчүлүгү ишкананын өзүндө бардыгын, башка эч бир тарапта эместигин, камсыз кылуунун башка каражаттары болсо, келип чыгышы мүмкүн. Мисалы, эгер ноу-хау катталган патент менен корголбосо да ишкана ошол ноу-хауга жете алса, жана аны жашыруун сактоого азыркы мүмкүнчүлүгү болсо, коомдук жеткиликтүү болбогон ноу-хауну колдонууга укукту контролдой алат.

4.23 Ишкана экономикалык ресурсту контролдоосу үчүн бул ресурстан келечектеги экономикалык пайдалар башка тарапка эмес, ошол ишканага тике же кыйыр түрдө түшүп турушу керек. Контролдоонун бул аспектиси бардык жагдайларда экономикалык ресурс экономикалык пайдаларды алып келерин ишкана камсыздай алат дегенди билдирбейт. Тескерисинче, бул – экономикалык ресурс экономикалык пайданы алып келсе, анда ишкана аларды тике же кыйыр түрүндө ала турган тарап болуп саналаарын билдирет.

4.24 Экономикалык ресурстар алып келген экономикалык пайдалардын өлчөмүнүн олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болуусу ишкана бул ресурсту контролдогонун көрсөтөт. Бирок, бул контролдун болгонун жалпы баалоодо көңүлгө ала турган факторлордун бири гана болуп саналат.

4.25 Айрым учурларда бир тарап (принципал) башка тарапты (агентти) принципалдын атынан жана анын кызыкчылыгында аракетке тартат. Мисалы, принципал ошол принципал контролдогон товарларды сатууну уюштуруу үчүн агентти тарта алат. Эгер агент принципал контролдогон экономикалык ресурсту сактоого алса, бул экономикалык ресурс агенттин активи болуп саналбайт. Андан тышкары эгер агент принципал контролдогон экономикалык ресурсту үчүнчү жакка өткөрүп бергенге милдеттүү болсо, өткөрүлүп берилүүчү экономикалык ресурс агенттин эмес, принципалдын экономикалык ресурсу болгондуктан, агенттин милдеттенмеси болуп саналбайт.

## Милдеттенменин аныктамасы

4.26 Миледеттенме - бул ишкананын өткөн окуялардын натыйжасында экономикалык ресурстарды өткөрүп берүү боюнча азыркы учурдагы милдети.

4.27 Милдеттенме болушу үчүн үч критерийдин бардыгы канааттандырылышы керек:

(a) ишканада милдеттин болушу (4.28-4.35-пункттарды караңыз);

(b) милдет экономикалык ресурсту өткөрүп берүүдө турат (4.36-4.41-пункттарын караңыз); жана

(c) милдет - өткөн окуялардын натыйжасында пайда болгон азыркы учурдагы милдет (4.42-4.47-пункттарын караңыз);

© ФОЭС Фонду 

## Милдет

4.28 Милдеттенменин биринчи критерийи ишкананын милдетинин болушу.

4.29 Милдет – бул ишкана аткарбай коюуга учурдагы мүмкүнчүлүгү болбогон милдет же жоопкерчилик. Милдет дайыма башка тараптын (же тараптардын) алдында пайда болот. Мындай башка тарап (же тараптар) болуп жеке жак же ишкана, жеке жактардын же ишканалардын тобу же жалпы эле коом болушу мүмкүн. Ага карата милдети болгон тарапты (тараптарды) билүү зарыл эмес.

4.30 Эгер бир тараптын экономикалык ресурсту өткөрүп берүү милдети болсо, демек башка тарапта (же тараптарда) ошол экономикалык ресурсту алууга укугу болот. Бирок, бир тарап милдеттенмени таанышы жана аны белгилүү бир суммада баалашы үчүн талап экинчи тарап (же тараптар) активди таанышы же аны ошол суммада баалашы керек дегенди билдирбейт. Мисалы, белгилүү бир стандарттар бир тараптын милдеттенмесин жана экинчи тараптын тиешелүү активин таануунун ар кандай критерийлеринин же аны баалоосунун ар кандай талаптарын камтышы мүмкүн, эгер мындай ар кандай критерийлер же талаптар алар көрсөтүүгө тийиш нерсени туура көрсөткөн жөндүү маалыматты тандоого багытталган чечимдердин натыйжасы болсо.

4.31 Көптөгөн милдеттер келишим, мыйзамдар же ушул сыяктуулар менен белгиленет жана башка тараптын (же тараптардын) алдында пайда болгон милдеттер юридикалык жактан бекитилген болуп саналат. Бирок, милдеттер ишкананын пайда болгон иштиктүү тажрыйбасынан, жарыяланган саясаттын же конкреттүү билдирүүлөрдөн жаралышы мүмкүн, эгер ишканада мындай тажрыйбалардан, же саясаттардан же билдирүүлөрдөн айырмаланган иш-аракет кылууга практикалык мүмкүнчүлүгү жок болсо. Мындай кырдаалдарда жаралган милдет айрым учурларда «конструктивдүү милдет» деп аталат.

4.32 Айрым кырдаалдарда ишкананын экономикалык ресурсту өткөрүп берүү милдети же жоопкерчилиги ишкана өзү жасай турган келечектеги конкреттүү иш-аракети менен шартталат. Мындай иш-аракеттер бизнестин белгилүү бир түрүн жүзөгө ашырууну же белгилүү бир рынокто келечектеги белгиленген күнү операцияларды жүзөгө ашырууну, келишимдерде каралган конкреттүү опциондорду аткарууну камтышы мүмкүн. Мындай кырдаалдарда, эгер ишкана бул иш-аракеттерди аткарбай коюуга практикалык мүмкүнчүлүгү жок болсо, анда ишкананын милдети болот.

4.33 Ишкананын финансылык отчеттуулугун ишмердүүлүктүн үзгүлдүксүздүгү жөнүндөгү божомолдордон улам даярдоо максатка ылайык деген корутунду – ишканада ресурсту өткөрүп бербөөгө практикалык мүмкүнчүлүгү жоктугун түшүндүрөт, мында ишкананы жоюунун же бизнес ишмердүүлүктү токтотуунун натыйжасында гана ресурстарды өткөрүп бербей кое алат.

4.34 Ишканада экономикалык ресурсту өткөрүп бербөө практикалык мүмкүнчүлүгүн баалоодо колдонулуучу факторлор ишкананын милдетинин же жоопкерчилигинин мүнөзүнөн көз каранды болушу мүмкүн. Мисалы, айрым учурларда ишкана экономикалык ресурсту өткөрүп бербөө практикалык мүмкүнчүлүгүнө ээ болбой калышы мүмкүн, эгер ал мындай өткөрүп бербөө максатында жасай турган бардык иш-аракеттер мындай өткөрүп берүүнүн өзүнө караганда олуттуу жагымсыз экономикалык кесепеттерди алып келе турган болсо. Бирок өткөрүп берүүнү жүзөгө ашыруу ниети да, мындай өткөрүп берүү ыктымалдыгынын жогорулугу да ишканада өткөрүп бербөөгө практикалык мүмкүнчүлүгү жок деген жыйынтык үчүн жетиштүү негиз боло албайт.

4.35 Айрым учурларда милдеттин болушу же болбошу айкын эмес. Мисалы, эгер башка тарап ишкананын туура эмес деп болжолдонгон иш-аракети үчүн компенсация талап кылса, ал иш-аракеттин болушу же болбошу, аны ишкана жасаганы же жасабаганы, мыйзамдар кандай колдонулаары айкын эмес болушу мүмкүн. Болуунун мындай айкын эместиги чечилмейин, мисалы, соттун чечими менен, ишкананын компенсация талап кылган тараптын алдында милдетинин болушу же болбошу, демек, жоопкерчиликтин болушу же болбошу айкын эмес. (Болушу айкын эмес милдеттенмелерди таануу 5.14-пунктунда каралган).

## Экономикалык ресурсту өткөрүп берүү

4.36 Милдеттенменин экинчи критерийи – бул экономикалык ресурсту өткөрүп берүү боюнча милдеттин болушу.

4.37 Бул критерийди канааттандыруу үчүн милдет ишканадан экономикалык ресурсту башка тарапка (же тараптарга) өткөрүп берүүнү талап кылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек. Мындай потенциал болушу үчүн ишканадан экономикалык ресурсту өткөрүп берүүсүн талап кылынышынын так болушунун же ыктымалдуулугунун зарылдыгы жок, - мындай өткөрүп берүү, мисалы, белгилүү бир айкын эмес келечектеги окуялар болгондо гана талап кылынышы мүмкүн. Милдеттин мурунтан


© ФОЭС Фонду

болушу керек жана жок дегенде бир жагдайда ал ишканадан экономикалык ресурсту өткөрүп берүүнү талап кылат.

4.38 Экономикалык ресурсту өткөрүп берүү ыктымалдуулугу төмөн болсо дагы, милдет милдеттенменин аныктамасын канааттандыра алат. Ошентсе да бул төмөн ыктымалдуулук милдеттенме жөнүндө кандай маалыматты берүү керектиги жана ал маалыматты кандай түрдө берүү, анын ичинде милдеттенмени таанылышы же таанылбашы (5.15–5.17-пункттарын караңыз) жана анын кандай бааланышы тууралуу чечимдерге таасир этет.

4.39 Экономикалык ресурсту өткөрүп берүү милдеттерине төмөнкүлөр кирет:

(a) акча каражаттарын төлөп берүү милдети;

(b) товарларды өткөрүп берүү же кызмат көрсөтүү милдеттери;

(c) пайдалуу эмес шарттарда башка тарап менен экономикалык ресурстарды алмашуу милдеттери. Мындай милдеттерге, мисалы, азыркы учурда пайдалуу эмес шарттарда экономикалык ресурсту сатууга форварддык келишим же башка тарап ишканадан экономикалык ресурсту сатып алууга укук берген опцион кирет;

(d) белгилүү бир айкын эмес келечектеги окуя болгон учурда экономикалык ресурсту өткөрүп берүү милдеттери;

(e) эгер мындай финансылык инструмент ишкананы экономикалык ресурсту өткөрүп берүүгө милдеттендирсе, финансылык инструментти чыгаруу милдеттери.

4.40 Экономикалык ресурсту алуу укугу болгон тарапка аны өткөрүп берүү милдетин аткаруунун ордуна ишканалар айрым учурларда төмөндөгүдөй чечимдерди кабыл алат, мисалы:

(a) милдеттен бошотуу жөнүндө сүйлөшүүлөрдүн негизинде ошол милдетти жөнгө салуу;

(b) милдетти үчүнчү жакка өткөрүп берүү; же

(c) экономикалык ресурсту өткөрүп берүү боюнча милдетти жаңы бүтүмдү түзүү аркылуу башка милдетке алмаштыруу.

4.41 4.40-пунктунда баяндалган жагдайларда ишкана бул милдет төлөнмөйүнчө, өткөрүп берилмейинче же алмаштырылмайынча экономикалык ресурсту өткөрүп берүү милдетине ээ болуп кала берет.

## Өткөн окуялардын натыйжасында пайда болгон учурдагы милдет

4.42 Милдеттин үчүнчү критерийи – бул милдеттин өткөн окуялардын натыйжасында пайда болгон учурдагы милдет болушу.

4.43 Учурдагы милдет өткөн окуялардын натыйжасында пайда болот, эгер:

(a) ишкана экономикалык пайда алса же кандайдыр бир иш-аракетти аткарса; жана

(b) натыйжада, ишкана башка жол менен өткөрүп берүүгө туура келбеген экономикалык ресурсту өткөрүп берүүсү керек же милдеттүү болушу мүмкүн.

4.44 Алынган экономикалык пайда, мисалы, товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү камтышы мүмкүн. Аткарылган иш-аракеттер, мисалы, бизнестин белгилүү бир түрүн жүзөгө ашырууну же белгилүү бир рынокто операцияларды жүзөгө ашырууну камтышы мүмкүн. Эгер кандайдыр бир мезгил аралыгында экономикалык пайда алынса же кандайдыр бир иш-аракет аткарылса, тиешелүү учурдагы милдет ошол мезгил аралыгында топтолушу мүмкүн.

4.45 Эгер жаңы мыйзамдар күчүнө кирсе, анда учурдагы милдет бул мыйзам колдонулган иш-аракеттерди жасоонун же экономикалык пайда алуунун натыйжасында, ишкана башка жол менен өткөрүп берүүгө туура келбеген, экономикалык ресурсту өткөрүп бергенде же өткөрүүгө милдеттүү болгондо гана пайда болот. Мыйзамдардын күчүнө кириши ишканада учурдагы милдеттин пайда болушу үчүн жеткиликтүү негиз эмес. Ушул сыяктуу эле, 4.31-пунктунда берилген типтеги ишкананын калыптанган иштиктүү тажрыйбасы, жарыяланган саясаты же конкреттүү билдирүүсү учурдагы милдеттин пайда болушуна ушул тажрыйба, саясат же билдирүү колдонулган иш-аракеттерди жасоонун же экономикалык пайда алуунун натыйжасында, ишкана башка жол менен өткөрүп берүүгө туура келбеген, экономикалык ресурсту өткөрүп бергенде же өткөрүүгө милдеттүү болгондо гана алып келет.

4.46 Экономикалык ресурстарды өткөрүп берүү келечекте кандайдыр бир учурга чейин аткарылбаса да, учурдагы милдеттин болушу мүмкүн. Мисалы, келишим келечектеги күнгө чейин төлөмдү талап кылбаса да, акча каражаттарын төлөө боюнча келишимдик милдеттенме азыркы учурда болушу мүмкүн. Ошо сыяктуу эле, контрагент ишканадан ишти ошол келечектеги күнгө чейин аткарууну

талап кыла албаса дагы, ишкананын ишти келечектеги күндө аткаруу боюнча келишимдик милдети азыркы учурда болушу мүмкүн.

4.47 Эгерде 4.43-пунктундагы критерийлер канааттандырыла элек болсо, башкача айтканда, эгерде ишкана башка жол менен өткөрүп берүүгө туура келбеген, экономикалык ресурсту өткөрүп берүүнү ишканадан талап кылган же кыла алган экономикалык пайда али алына элек болсо же иш-аракеттер али жасалбаса, ишканада экономикалык ресурсту өткөрүп берүү боюнча учурдагы милдети али болбойт. Мисалы, эгер ишкана кызматкерге ошол кызматкердин кызмат көрсөтүүсүнө алмашып эмгек акыны төлөө боюнча келишим түзсө, ишканада ошол кызматкер кызмат көрсөткөнгө чейин эмгек акыны төлөп берүү боюнча учурдагы милдети болбойт. Ага чейин келишим аткарыла турган келишим болуп саналат – ишканада келечектеги эмгек акыны кызматкердин келечектеги кызмат көрсөтүүсүнө алмаштыруу укугу жана ошол эле убакта милдети да бар болот (4.56-4.58-пункттарын караңыз).

## Активдер жана милдеттенмелер

### Эсеп бирдиги

4.48 Эсеп бирдиги - бул таануу критерийлери жана баалоо концепциясы колдонулган укук же укуктардын тобу, милдет же милдеттердин тобу, же укуктардын жана милдеттердин тобу.

4.49 Активге же милдеттенмеге карата эсеп бирдиги ошол активди же милдеттенмени жана алар менен байланышкан кирешелерди жана чыгашаларды таануу критерийлери жана баалоо концепциясы кандайча колдонуларын кароодо тандалат. Айрым жагдайларда, таануу үчүн бир эсеп бирдигин, жана баалоо үчүн башка бир эсеп бирдигин тандоо туура болушу мүмкүн. Мисалы, келишимдер айрым учурларда жекече таанылышы мүмкүн, бирок келишимдердин портфелинин бир бөлүгү катары бааланат. Маалыматты берүү жана ачып көрсөтүү максатында активдерди, милдеттенмелерди, кирешелерди жана чыгашаларды, бириктирүү же компоненттерге бөлүү керек болушу мүмкүн.

4.50 Эгер ишкана активдин бир бөлүгүн же милдеттенменин бир бөлүгүн өткөрүп берсе, анда эсеп бирдиги ошол убакта өзгөрүшү мүмкүн, ошол өткөрүлүп берилген компонент жана калган компонент өзүнчө эсеп бирдиктери болуп калат (5.26-5.33-пункттарды караңыз).

.4.51 Эсеп бирдиги төмөнкүлөрдү билдирген пайдалуу маалыматты берүү үчүн тандалат:

(a) актив же милдеттенме, жана аларга байланыштуу кирешелер жана чыгашалар жөнүндө берилген маалымат жөндүү болушу керек. Укуктардын жана милдеттердин тобун бирдиктүү эсеп бирдиги катары кароо ар бир укукту же милдеттенмени өзүнчө эсеп бирдиги катары кароого караганда кыйла жөндүү маалыматты бере алат, эгерде, мисалы, бул укуктар жана милдеттер:

(i) өзүнчө операциялардын предмети боло албайт же болушу күмөн;

(ii) колдонуу мөөнөтү аякташынын ар кандай мүнөзүнө ээ болушу мүмкүн эмес же күмөн;

(iii) окшош экономикалык мүнөздөмөлөргө жана тобокелдиктерге ээ жана демек, ишканага келечектеги таза акча каражаттарынын түшүүлөрүнүн же ишканадан таза акча каражаттарынын чыгууларынын перспективасы үчүн окшош кесепеттерге ээ болушу мүмкүн; же

(iv) акча каражаттарынын агымдарын түзүү үчүн ишкана жүргүзгөн бизнестин иш-аракеттеринде чогуу колдонулат жана алардын өз ара көз каранды келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын баалоосуна таянуу менен бааланат.

(b) актив же милдеттенме жана аларга байланыштуу кирешелер жана чыгашалар жөнүндө берилген маалымат алар келип чыккан операциянын же башка окуянын туура чагылдырышы керек. Демек, ар кандай булактардан келип чыккан укуктарды же милдеттерди эсеп бирдиги катары кароо же бир булактан келип чыккан укуктарды же милдеттерди бөлүп кароо зарыл болушу мүмкүн (4.62-пунктту караңыз). Ушул сыяктуу эле, бири-бирине байланышпаган укуктарды жана милдеттерди туура көрсөтүү үчүн, аларды өз-өзүнчө таануу жана баалоо зарыл болушу мүмкүн.

4.52 Чыгымдар финансылык отчеттор боюнча башка чечимдерди чектегендей эле, ал эсеп бирдигин тандоону да чектейт. Демек, эсеп бирдигин тандоодо, ошол эсеп бирдигин тандоо аркылуу финансылык отчеттуулукту пайдалануучуларга берилген маалыматтын пайдасы ошол маалыматты берүүгө жана пайдаланууга кеткен чыгымдарды актаарынын же актабасынын ыктымалдыгын эске

 © ФОЭС Фонду

алуу маанилүү. Жалпысынан активдерди, милдеттенмелерди, кирешелерди жана чыгашаларды таануу жана баалоо менен байланышкан чыгымдар, эсеп бирдигинин өлчөмү кичирейген сайын көбөйөт. Демек, жалпысынан алганда, бир эле булактан келип чыккан укуктар же милдеттер, эгерде алынган маалымат пайдалуураак болсо, жана анын пайдасы чыгымдардан жогору болсо гана бөлүнүшөт.

4.53 Кээде укуктар да, милдеттер да бир эле булактан келип чыгат. Мисалы, кээ бир келишимдер ар бир тарап үчүн укуктарды да, милдеттерди да белгилейт. Эгерде бул укуктар жана милдеттер бири-биринен көз каранды болсо жана аларды бөлүүгө мүмкүн болбосо, алар бирдиктүү ажырагыс активди же милдеттенмени түзөт жана демек, бир эсеп бирдигин түзөт. Мисалы, аткарыла турган келишимдерде ушундай болот (4.57-пунктту караңыз). Тескерисинче, эгерде укуктар милдеттенмелерден бөлүнсө, бир же бир нече өзүнчө активдер жана милдеттенмелерди аныктоого алып келген укуктарды милдеттерден өзүнчө топтоо көбүрөөк ылайыктуу болушу мүмкүн. Башка учурларда, бөлүнө алган укуктарды жана милдеттерди бир актив же бир милдет катары кароо менен бир эсеп бирдигинде топтоо көбүрөөк ылайыктуу болушу мүмкүн.

4.54 Укуктардын жана милдеттердин тобун бир эсеп бирдиги катары кароо активдерди жана милдеттенмелерди өз ара чегерүүлөрдөн айырмаланат (7.10-пунктту караңыз).

4.55 Мүмкүн болгон эсеп бирдиктерине төмөнкүлөр кирет:

(a) жеке укук же жеке милдет;

(b) бардык укуктар, бардык милдеттер, же бир булактан келип чыккан бардык укуктар жана милдеттер, мисалы, бир келишим;

(c) мындай укуктардын жана/же милдеттердин кичи тобу, мисалы, пайдалуу кызмат мөөнөтү жана керектөө мүнөзү ошол эле объектиге болгон башка укуктардан айырмаланган негизги каражаттардын объектисине болгон укуктардын кичи тобу;

(d) окшош объекттердин портфелдеринен келип чыккан укуктардын жана/же милдеттердин тобу;

(e) окшош эмес объекттердин портфелдеринен келип чыккан укуктардын жана/же милдеттердин тобу, мисалы, бир бүтүмдүн алкагында чыгып калууга жаткан активдердин жана милдеттердин портфели; жана

(f) объекттердин портфелинин алкагында тобокелдикке кабылуу - эгер объекттердин портфели жалпы тобокелдикке кабылса, мындай портфелди эсепке алуунун айрым аспекттери портфелдин алкагында ошол тобокелдикке жалпы кабылуусуна көңүл бурушу мүмкүн.

## Аткарыла турган келишимдер

4.56 Аткарыла турган келишим – бул бирдей деңгээлде аткарылбаган келишим же келишимдин бөлүгү: эч бир тарап өзүнүн милдеттеринин аткарган эмес же эки тарап тең өз милдеттерин бирдей деңгээлде жарым-жартылай аткарган.

4.57 Аткарыла турган келишим экономикалык ресурстарды алмашуу боюнча бириктирилген укукту жана милдетти белгилейт.  Ал укук менен милдет өз ара көз каранды жана бөлүнбөйт. Демек, бириктирилген укук жана милдеттенме бир активди же милдеттенмени түзөт. Эгерде алмашуу шарттары азыркы учурда жагымдуу болсо, ишканада актив болот; алмашуу шарттары азыркы учурда жагымсыз болсо, ишканада милдетенме болот. Мындай активдин же милдеттенменин финансылык отчеттуулукка киргизилиши же киргизилбеши ошол актив же милдеттенме үчүн тандалып алынган таануу критерийинен да (5-главаны караңыз), жана баалоо негизинен да (6-главаны караңыз), анын ичинде, эгер мүмкүн болсо, оордотулган келишим экенин текшерүүдөн көз каранды.

4.58 Тараптардын бири келишим боюнча өз милдетин аткарары менен, келишим мындан ары аткарыла турган келишим болбойт. Эгер келишим боюнча милдетти отчет берүүчү ишкана биринчи аткарса, анда бул аткаруу отчет берүүчү ишкананын экономикалык ресурстарды алмашуу укугун жана милдетин экономикалык ресурс алуу укугуна өзгөрткөн окуя болот. Мындай укук - бул актив. Эгер келишим боюнча милдетти башка тарап биринчи аткарса, анда бул аткаруу отчет берүүчү ишкананын экономикалык ресурстарды алмашуу укугун жана милдетин экономикалык ресурсту өткөрүп берүү милдетине өзгөрткөн окуя болот. Мындай милдет - бул милдеттенме.

### Келишимдик укуктардын жана келишимдик милдеттердин маңызы

4.59 Келишимдин шарттары ушул келишимдин тарабы болгон ишкана үчүн укуктарды жана милдеттерди түзөт. Мындай укуктарды жана милдеттерди туура көрсөтүү үчүн финансылык отчеттуулукта алардын маңызы чагылдырылат (2.12-пунктту караңыз). Кээ бир учурларда, укуктардын жана милдеттердин маңызы келишимдин укуктук формасынан айкын көрүнүп турат. Башка учурларда, келишимдин, же келишимдердин тобунун, же сериясынын шарттары тиешелүү укуктардын жана милдеттердин маңызын аныктоо үчүн талдоону талап кылат.

4.60 Келишимдеги бардык шарттар - ачык же кыйыр болсо да - эч кандай маңызга ээ болбой калганга чейин каралат. Кыйыр шарттар, мисалы, мыйзам тарабынан жүктөлгөн, мисалы, кардарларга товарларды сатуу боюнча келишимдерди түзгөн ишканага жүктөлгөн кепилдик милдеттери сыяктуу милдеттерди камтышы мүмкүн.

4.61 Экономикалык маңызга ээ эмес шарттар эсепке алынбайт. Эгер шарт келишимдин экономикасына көрүнүктүү таасир этпесе, бул шарт маңызга ээ эмес. Маңызга ээ эмес шарттар төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн, мисалы:

(a) эч бир тарапты милдеттендирбеген шарттар; же

(b) ээлик кылуучу эч бир жагдайда ишке ашырууга практикалык мүмкүнчүлүгү болбогон укуктар, анын ичинде опциондор.

4.62 Келишимдердин тобу же ырааттуу түзүлгөн келишимдердин сериясы жалпы коммерциялык натыйжага жете алат же жетүү үчүн иштелип чыгышы мүмкүн. Мындай келишимдердин маңызын чагылдыруу үчүн, мындай келишимдердин тобунан же сериясынан келип чыккан укуктарды жана милдеттерди бир эсеп бирдиги катары кароо зарыл болушу мүмкүн. Мисалы, бир келишим боюнча укуктар же милдеттер бир эле контрагент менен бир эле учурда түзүлгөн башка келишимдеги бардык укуктарды же милдеттерди жокко чыгарса, бириктирилген натыйжада бул эки келишим эч кандай укуктарды же милдеттерди жаратпайт. Тескерисинче, эгерде бир келишим өзүнчө эки же андан көп келишим аркылуу түзүлүшү мүмкүн болгон укуктардын же милдеттердин эки же андан көп топтомун түзсө, ишкана укуктарды жана милдеттерди туура көрсөтүү үчүн ар бир топту өзүнчө келишимдерден келип чыккандай эсепке алышы керек (4.48-4.55-пункттарды караңыз).

## Өздүк капиталдын аныктамасы

4.63 Өздүк капитал – бул ишкананын бардык милдеттенмелерин алып салгандан кийинки анын активдериндеги калдык үлүш.

4.64 Өздүк капиталга карата талаптар - ишкананын бардык милдеттенмелерин алып салгандан кийинки ишкананын активдериндеги калдык үлүшкө карата талап кылуу укуктары. Башкача айтканда, милдеттенменин аныктамасына жооп бербеген ишканага карата талаптар. Мындай талаптар келишим, мыйзамдар же ушул сыяктуулар менен белгилениши мүмкүн, жана алар милдеттенменин аныктамасына жооп бербеген даражада төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

(a) ишкана тарабынан чыгарылган акциялардын ар кандай түрлөрү; жана

(b) ишкананын өздүк капиталына карата башка талапты чыгаруу боюнча ишкананын айрым бир милдеттери.

4.65 Ишкананын, жөнөкөй акциялар жана артыкчылыктуу акциялар сыяктуу, өздүк капиталына карата талаптардын ар түрдүү класстары алардын кармоочуларына ар түрдүү укуктарды бериши мүмкүн, мисалы, ишканадан төмөндөгүдөйлөрдүн айрымдарын же бардыгын алууга укуктарды:

(a) дивиденддер, эгерде ишкана укуктуу ээлерге дивиденддерди төлөөнү чечсе;

(b) ишкананын өздүк капиталына карата талаптарды канааттандыруудан түшкөн каражаттар, же толук көлөмдө – ишкананы жойгондо, же жарым жартылай – башка окуяларга байланыштуу; же

(c) өздүк капиталга карата башка талаптар.

4.66 Айрым учурларда, мыйзамдардын, ченемдик укуктук актылардын талаптары же башка талаптар өздүк капиталдын, уставдык капитал же бөлүштүрүлбөгөн пайда сыяктуу, айрым компоненттерине таасир этет. Мисалы, мындай кээ бир талаптар ишканага өздүк капиталга карата талаптардын ээлерине бөлүштүрүүнү жүргүзүүгө, эгер ишкана ошол талаптар бөлүштүрүлүүчү катары белгилеген жетиштүү резервге ээ болгондо гана, уруксат берет.


© ФОЭС Фонду

4.67 Бизнес ишмердүүдүгүн көбүнчө жеке ишкерлер, өнөктөштүк, трасттар же мамлекеттик чарба жүргүзүүчү ишканалардын ар кандай түрлөрү сыяктуу ишканалар жүргүзүшөт. Мындай ишканаларга карата колдонулган ченемдик укуктук актылардын базасы, көпчүлүк учурларда, акционердик капиталы бар ишканаларга карата колдонулган базалардан айырмаланып турат. Мисалы, мындай ишканалар үчүн өздүк капиталга карата талаптардын ээлерине бөлүштүрүүгө чектөөлөр, эгер болсо, аз болушу мүмкүн. Ошентсе да, «*Концептуалдык негиздердин*» 4.63-пунктундагы өздүк капиталдын аныктамасы бардык отчет берүүчү ишканаларга карата колдонулат.

## Кирешелердин жана чыгашалардын аныктамалары

4.68 Кирешелер – бул ишкананын өздүк капиталына карата талаптардын ээлеринин төгүмдөрүнөн тышкары, өздүк капиталдын көбөйүшүнө алып келген активдердин көбөйүшү же милдеттенмелердин азайышы.

4.69 Чыгашалар – бул ишкананын өздүк капиталына карата талаптардын ээлерине бөлүштүрүүлөрдөн тышкары, өздүк капиталдын азайышына алып келген активдердин азайышы же милдеттенмелердин көбөйүшү.

4.70 Кирешелердин жана чыгашалардын бул аныктамаларынан улам, ишкананын өздүк капиталына карата талаптардын ээлеринин төгүмдөрү кирешелер болуп саналбайт, ал эми ишкананын өздүк капиталына карата талаптардын ээлерине бөлүштүрүүлөр чыгашалар болуп эсептелбейт.

4.71 Кирешелер жана чыгашалар ишкананын ишмердүүлүгүнүн финансылык натыйжасы менен байланышкан финансылык отчёттуулуктун элементтери болуп саналат. Финансылык отчёттуулуктун пайдалануучуларына ишкананын финансылык абалы жөнүндөгү маалымат да, жана анын финансылык натыйжалуулугу жөнүндөгү маалымат да керек. Демек, кирешелер жана чыгашалар активдердеги жана милдеттенмелердеги өзгөрүүлөргө жараша аныкталса да, кирешелер жана чыгашалар жөнүндөгү маалымат активдер жана милдеттенмелер жөнүндөгү маалымат сыяктуу эле маанилүү.

4.72 Ар кандай операциялар жана башка окуялар ар кандай мүнөздөмөлөргө ээ кирешелерди жана чыгашаларды жаратат. Ар кандай мүнөздөмөлөргө ээ болгон кирешелер жана чыгашалар жөнүндө өзүнчө маалымат берүү финансылык отчеттуулуктун пайдалануучуларына ишкананын финансылык натыйжалуулугун түшүнүүгө жардам берет (7.14–7.19-пункттарын караңыз).

**МАЗМУНУ**

*Пунктту караңыз*

**5-глава —Таануу жана таанууну токтотуу**

**ТААНУУ ПРОЦЕССИ** **5.1**

**ТААНУУ КРИТЕРИЙЛЕРИ** **5.6**

**Жөндүүлүк** **5.12**

Болуунун айкын эместиги **5.14**

Экономикалык пайданын түшүшүнүн же чыгышынын ыктымалдуулугунун төмөндүгү **5.15**

**Туура көрсөтүү** **5.18**

Баалоонун айкын эместиги **5.19**

Башка факторлор **5.24**

**ТААНУУНУ ТОКТОТУУ** **5.26**

 © ФОЭС Фонду

## Таануу процесси

5.1 Таануу – бул финансылык отчеттуулуктун элементтеринин – активдин, милдеттенменин, өздүк капиталдын, кирешенин же чыгашанын аныктамасын канааттандырган нерсени финансылык абал жөнүндө отчетко же финансылык натыйжалуулук жөнүндө отчетко (отчётторго) киргизүү үчүн идентификациялоо процесси. Таануу нерсени ошол отчеттордун биринде, өзүнчө же башка нерселер менен бириктирип, сөз менен жана акчалай суммада чагылдырууну жана ал сумманы ошол отчёттун бир же бир нече жыйынтык көрсөткүчтөрүнө киргизүүнү камтыйт. Финансылык абал жөнүндө отчетто таанылган активдин, милдеттенменин же өздүк капиталдын суммасы анын “балanstык наркы” деп аталат.

5.2 Th Финансылык абал жөнүндө отчет жана финансылык натыйжалуулук жөнүндө отчет (отчеттор) ишкананын активдерин, милдеттенмелерин, өздүк капиталын, кирешелерин жана чыгашаларын, финансылык маалыматты салыштырууга жана түшүнүктүү кылууга багытталган түзүмдөштүрүлгөн жыйындыларда чагылдырат. Бул жыйындылардын түзүмдөрүнүн маанилүү өзгөчөлүгү болуп отчетто таанылган суммалар жалпы жыйындыда жана, эгер мүмкүн болсо, отчетто таанылган беренелерди байланыштырган аралык жыйындыларда киргизилгендиги саналат.

5.3 Таануу элементтерди, финансылык абал жөнүндө отчетту жана финансылык натыйжалуулук жөнүндө отчетту (отчетторду) төмөндөгүдөй байланыштырат (5.1-схеманы караңыз):

(a) финансылык абал жөнүндө отчётто отчёттук мезгилдин башталыш күнүнө жана аяктоо күнүнө карата активдердин жалпы көлөмүнөн милдеттенмелердин жалпы көлөмүн алып салгандан кийинки өздүк капиталдын жалпы көлөмүн туюндуруп турат; жана

(b) отчёттук мезгилде өздүк капиталдагы таанылган өзгөрүүлөр төмөнкүлөрдү камтыйт:

(i) финансылык натыйжалуулук жөнүндө отчётто (отчёттордо) таанылган чыгашалар, алып салынган кирешелер; плюс

(ii) өздүк капиталга карата талаптардын ээлеринин пайдасына бөлүштүрүүлөр алып салынган өздүк капиталга карата талаптардын ээлеринин төгүмдөрү.

5.4 Отчёттор өз ара байланышкан болот, себеби бир беренени таануу (же анын балanstык наркын өзгөртүү) башка бир же бир нече беренени таанууну же таанууну токтотууну (же бир же бир нече башка берененин балanstык наркын өзгөртүүнү) талап кылат. Мисалы:

(a) кирешелерди таануу төмөнкүлөр менен бир убакта жүзөгө ашырылат:

(i) активди баштапкы таануу же активдин балanstык наркын жогорулатуу менен; же


(ii) милдеттенмени таанууну токтотуу же милдеттенменин балanstык наркын азайтуу менен.

(b) чыгашаларды таануу төмөнкүлөр менен бир мезгилде жүзөгө ашырылат:

(i) милдеттенмени баштапкы таануу же милдеттенменин балanstык наркын жогорулатуу менен; же

(ii) активди таанууну токтотуу же активдин балanstык наркын азайтуу менен.

### 5.1-схема: Таануу финансылык отчёттуулуктун элементтерин кантип байланыштырат






© ФОЭС Фонду

5.5 Операциялардын же башка окуялардын натыйжасында пайда болуучу активдерди же милдеттенмелерди баштапкы таануу кирешелерди, ошондой эле алар менен байланышкан чыгашаларды бир маалда таанууга алып келиши мүмкүн. Мисалы, акча каражаттарына товарларды сатуу кирешени (бир активди таануудан – акча каражаттарын) да, чыгашаны (башка активди таанууну токтотуудан – сатылган товарларды) да таанууга алып келет. Кирешелерди жана алар менен байланышкан чыгашаларды бир маалда таануу айрым учурларда сарптоолорду кирешелер менен салыштыруу деп аташат. «*Концептуалдык негиздердин*» концепцияларын таануу – активдерде жана милдеттенмелерде өзгөртүүлөрдү таануудан келип чыккан салыштырууга алып келет. Бирок, чыгымдарды кирешелер менен салыштыруу *Концентуалдык негиздердин* максаты болуп саналбайт. «*Концептуалдык негиздер*» финансылык абал жөнүндөгү отчётто активди, милдеттенмени же капиталды аныктоого шайкеш келбеген беренелерди таанууга мүмкүндүк бербейт.

## Таануу критерийлери

5.6 Финансылык абал жөнүндө отчётто активдин, милдеттенменин же өздүк капиталдын аныктамасына жооп берген беренелер гана таанылат. Ошол сыяктуу эле финансылык натыйжалуулук жөнүндө отчётто (отчёттордо) кирешелердин же чыгашалардын аныктамасына жооп берген беренелер гана таанылат. Бирок, көрсөтүлгөн элементтердин аныктамаларынын бирине жооп берген бардык эле беренелер таанылa бербейт.

5.7 Элементтердин биринин аныктамасына жооп берген беренени таанныбоо финансылык абал жөнүндө отчётту жана финансылык натыйжалуулук жөнүндө отчётту (отчётторду) толук эмес кылат жана финансылык отчеттуулуктан пайдалуу маалыматты алып салууга алып келиши мүмкүн. Экинчи жагынан, айрым жагдайларда финансылык отчеттуулуктун элементтеринин биринин аныктамасына жооп берген айрым беренелерди таануу пайдалуу маалыматтарды алып келбейт. Актив же милдеттенме, эгерде бул активди же милдеттенмени жана кирешелердин, чыгашалардын негизинде же өздүк капиталда өзгөрүүлөрдүн негизинде пайда болгондорду таануу финансылык отчёттуулукту пайдалануучуларга пайдалуу болгон маалыматты берсе гана таанылат, тактап айтканда:

(a) бул актив же милдеттенме жана тиешелүү кирешелер, чыгашалар же өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндөгү жөндүү маалыматты (5.12-5.17-пункттарын караңыз); жана

(b) бул активди же милдеттенмени жана тиешелүү кирешелерди, чыгашаларды же өздүк капиталдагы өзгөрүүлөрдү туура көрсөтүүнү (5.18-5.25- пункттарын караңыз).

5.8 Чыгымдар финансылык отчетторду берүүгө карата башка чечимдерге чектөө койгондой эле, алар таанууга тиешелүү чечимдерге да чектөөлөрдү коет. Активди же милдеттенмени таануу чыгымдар менен коштолот. Финансылык отчёттуулукту түзүүчүлөр активди же милдеттенмени жөндүү баалоону аныктоодо чыгымдарды тартат. Финансылык отчёттуулукту пайдалануучулар да берилген маалыматты талдоого алууда жана чечмелөөдө чыгымдарды тартат. Эгерде мындай таануунун натыйжасында финансылык отчёттуулукту пайдалануучуларга берилген маалыматтан алынган пайда ошол маалыматты берүүгө жана пайдаланууга кеткен чыгымдарды актайт деген ыктымалдуулук жогору болсо, актив же милдеттенме таанылат. Айрым учурларда таануу менен байланышкан чыгымдар мындай таануудан көрүлгөн пайдадан ашып кетиши мүмкүн.

5.9 Активди же милдеттенмелерди таануу кайсы учурларда финансылык отчёттуулукту пайдалануучуларга пайдалуу маалыматты берүүнү камсыз кылаарын жана мында таануу менен байланышкан чыгымдар тиешелүү пайдалардан ашпай тургандыгын так аныктоо мүмкүн эмес. Пайдалануучулар үчүн маалыматтын пайдалуулугу беренеге жана конкреттүү фактылар менен жагдайларга көз каранды. Тиешелүү түрдө, тигил же бул беренени таануу керектиги же жоктугу жөнүндө маселени чечүүдө ой жүгүртүүнү колдонуу керек жана ошондуктан ар түрдүү стандарттарда же бир эле стандарттын алкагында каралган таанууга талаптарда айырмачылыктар керек болушу мүмкүн.

5.10 Таануу жөнүндөгү чечимди кабыл алууда, эгерде актив же милдеттенме таанылбаган болсо, пайдалануучуларга кайсы маалымат бериле тургандыгын талдоо маанилүү. Мисалы, тартылган чыгымдар активди таанууга алып келбесе, анда чыгаша таанылат. Убакыттын өтүшү менен мындай чыгашаларды таануу айрым учурларда пайдалуу маалыматты, мисалы финансылык отчёттуулукту пайдалануучуларга тренддерди табууга мүмкүндүк бере турган маалыматты бериши мүмкүн.

5.11 Активдин же милдеттенменин аныктамасына жооп берген берене таанылбаса да, балким, ишкана бул берене жөнүндөгү маалыматты эскертүүдө бериши керек болот. Мындай маалымат берененин жоктугун финансылык абал жөнүндөгү отчётто, эгерде колдонууга мүмкүн болсо, финансылык

натыйжалуулук жөнүндө отчётто (отчёттордо) берилген, түзүмдөштүрүлгөн жалпыланган маалыматта конпенсациялоо үчүн жетишерлик белгилүү болушу жөнүндө кам көрүү маанилүү.

## Жөндүүлүк

5.12 Активдер, милдеттенмелер, өз капитал, кирешелер жана чыгашалар жөнүндөгү маалымат финансылык отчёттуулукту пайдалануучулар үчүн жөндүү болуп саналат. Бирок, конкреттүү активди же милдеттенмени жана мунун натыйжасында пайда болгон кирешелерди, чыгашаларды же өздүк капиталдагы өзгөрүүлөрдү таануу дайым эле жөндүү маалыматты камсыз кыла бербейт. Мисалы, мындай кырдаал төмөнкү учурларда орун алышы мүмкүн:

(a) активдин же милдеттенменин болушуна карата айкын эместик болсо (5.14-пуктту караңыз); же

(b) актив же милдеттенме бар, бирок экономикалык пайданын түшүү же чыгуу ыктымалдуулугу төмөн (5.15 - 5.17-пункттарын караңыз).

5.13 5.12-пунктта көрсөтүлгөн факторлордун биринин же экөөнүн тең болушу таануунун натыйжасында берилген маалымат жөндүү эмес деген корутундуга өзүнөн-өзү алып келбейт. Ал тургай, маалыматтын жөндүүлүгү жөнүндө корутундуга 5.12-пунктта көрсөтүлбөгөн дагы башка факторлор таасир этиши мүмкүн. Таануу жөндүү маалыматты камсыз кыла тургандыгы же жоктугу жөнүндө чечим кандайдыр бир факторго эмес, факторлордун жыйындысына көз каранды болушу мүмкүн.

### Болуунун айкын эместиги

5.14 4.13 жана 4.35-пункттарда активдин же милдеттенменин болуусуна карата айкын эместик бар болгон учурлар каралат. Айрым учурларда мындай айкын эместик, балким, экономикалык пайдалардын түшүшүнүн же чыгышынын ыктымалдуулугунун төмөндүгү жана мүмкүн болуучу натыйжалардын кенен диапазону менен айкалышта кайсы бир суммада гана бааланган активди же милдеттенмени таануу жөндүү маалыматты бербей тургандыгын билдириши мүмкүн. Актив же милдеттенме таанылганына же таанылбаганына карабай финансылык отчёттуулукта аны менен байланышкан айкын эместикке карата түшүндүрүүчү маалыматты берүү керек.

## Экономикалык пайданын түшүшүнүн жана чыгышынын ыктымалдуулугунун төмөндүгү

5.15 Актив же милдеттенме экономикалык пайданын түшүү же чыгуу ыктымалдуулугу төмөн болгон учурда да болушу мүмкүн (4.15 - 4.18-пункттарын караңыз).

5.16 Эгерде экономикалык пайданын түшүү же чыгуу ыктымалдыгы төмөн болсо, мындай пайдалардын мүмкүн болуучу түшүүлөрүнүн же чыгууларынын көлөмү, алардын пайда болуусунун болжолдуу мөөнөтү жана алардын пайда болуу ыктымалдыгына таасир этүүчү факторлор жөнүндөгү маалымат актив же милдеттенме жөнүндөгү алда канча жөндүү маалымат болот. Адатта мындай маалымат эскертүүлөрдө берилет.

5.17 Экономикалык пайдалардын түшүү же чыгуу ыктымалдуулугу төмөн болгон учурда да, активди же милдеттенмени таануу 5.16-пунктта сыпатталгандан сырткары, жөндүү маалыматты бере алат. Мындай учур орун алгандыгы же жоктугу жөнүндө чечим көптөгөн факторлорго көз каранды. Мисалы:

(a) эгерде активди сатып алуу же милдеттенмени кабыл алуу рыноктук шартта алмашуу операциясынын алкагында жүргөн болсо, бул активдин жана милдеттенменин баштапкы наркы негизинен экономикалык пайданын түшүү же чыгуу ыктымалдуулугун чагылдырат. Ошентип, бул баштапкы нарк жөндүү маалымат болушу мүмкүн жана, эреже катары, ага оңой жетүүгө болот. Мындан сырткары, активди же милдеттенмени таанбоо алмашууну жүзөгө ашыруу учурунда чыгашаларды же кирешелерди таанууга алып келмек, ал ушул операцияны туура көрсөткүү болуп саналбашы мүмкүн (5.25(a)-пунктун караңыз).

(b) эгерде актив же милдеттенме алмашуу операциясынан айырмаланган окуянын негизинде пайда болсо, бул активди же милдеттенмени таануу демейде кирешелерди же чыгашаларды таанууга алып келет. Эгерде актив же милдеттенме экономикалык пайда алууга же анын чыгуусуна алып келет деген ыктымалдуулук төмөн болсо гана, анда финансылык отчёттуулукту пайдалануучулар активди жана кирешени же милдеттенмени жана чыгашаларды таануу жөндүү маалыматты бере албайт деп эсептей алышат.


© ФОЭС Фонду

## Туура көрсөтүү

5.18 Эгерде конкреттүү активди же милдеттенмени таануу жөндүү маалыматты берип гана тим болбостон, мындай активди же милдеттенмени жана натыйжада пайда болгон кирешелерди, чыгашаларды же өздүк капиталдагы өзгөрүүлөрдү туура көрсөтүүнү камсыз кылса, аларды таануу негиздүү болот. Туура көрсөтүү камсыз кылынары же жоктугу жөнүндөгү маселе ошол актив же милдеттенме менен байланышкан баалоонун айкын эместигинин, же башка факторлордун даражасына жараша болот.

### Баалоонун айкын эместиги

5.19 Активди же милдеттенмени таануу үчүн анын чоңдугун баалоо керек. Көпчүлүк учурларда мындай баалоону эсептөө жолу менен аныктоо зарыл жана, тиешелүү түрлдө, алар айкын эместикке кабылышы мүмкүн. 2.19-пунктта белгиленгендей, негизделген эсептик баалоолорду пайдалануу финансылык маалыматты даярдоонун ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана, эгерде бул эсептик баалоолор так жана туура сыпатталган жана түшүндүрүлгөн болсо, мындай маалыматтын пайдалуулугун төмөндөтпөйт. Айкын эместиктин жогорку даражасы да мындай эсептик баалоо пайдалуу маалыматты алып жүрүшүнө сөзсүз түрдө тоскоолдук жарата бербейт.

5.20 Айрым учурларда активдин же милдеттенменин көлөмүн эсептик баалоо менен байланышкан айкын эместиктин даражасы ушунчалык жогору болгондуктан, анын негизинде эсептик баалоо ошол активдин же өздүк капиталда кирешелердин, чыгашалардын же өзгөрүүлөрдүн натыйжасында пайда болгон милдеттенменин туура көрүнүшүн камсыз кыла алабы деген шектенүү келип чыгышы мүмкүн. Эгерде, мисалы, активдин же милдеттенменин көлөмүн аныктоонун жалгыз ыкмасы болуп акча каражаттарынын агымдарына негизделген баалоо методдорун колдонуу саналса, жана мында төмөнкү жагдайлардын бири же бир нечеси орун алса, баалоонун айкын эместигинин деңгээли ошончолук жогору болот:

(a) баалоонун мүмкүн болуучу натыйжаларынын диапозону өтө кенен, жана ар бир натыйжанын ыктымалдуулугун баалоо абдан татаал;

(b) бааланууучу чоңдук баалоонун түрдүү натыйжаларынын ыктымалдуулугунун эсептик баалоолорунун анча чоң эмес өзгөрүүлөрүнө да өтө сезгич – мисалы, эгерде акча каражаттарынын келекчекте түшүү же чыгуу ыктымалдыгы өтө төмөн болсо, бирок акча каражаттарынын мындай түшүүлөрүнүн же чыгууларынын көлөмү алар пайда болгон учурда өтө жогору болот;

(c) активди же милдеттенмени баалоо бааланууучу активге же милдеттенмеге гана таандык болбогон акча каражаттарынын агымдарын өтө татаал жана өтө субъективдүү бөлүштүрүүнү талап кылат.

5.21 5.20-пунктта сүрөттөлгөн айрым учурларда ошол эсептик баалоонун сыпатталышы жана ага таасир эткен айкын эместиктерди түшүндүрүү менен толукталган айкын эместиктин бийик деңгээли менен эсептелген көлөмдү баалоо алда канча пайдалуу маалымат болуп чыгышы мүмкүн. Эгерде көрсөтүлгөн көлөм активдин же милдеттенменин алда канча жөндүү баалоосу болуп саналса, кыязы, мындай кырдаал орун алышы баарынанн ыктымалдуу. Башка учурларда, эгерде бул маалымат активдин же милдеттеменин, жана натыйжада пайда болгон кирешелердин, чыгашалардын же өздүк капиталдагы өзгөрүүлөрдүн жетиштүү туура көрсөтүлүшүн камсыз кылбаса, бир аз жөндүүрөөк болгон, бирок баалоонун айкын эместигинин даражасы алда канча төмөн болгон башка баалоо (бардык керектүү сыпаттоолор жана түшүндүрмөлөр менен толукталган) алда канча пайдалуу маалымат болуп калышы мүмкүн.

5.22 Чектелген жагдайларда активдин же колдо болгон (же алынышы мүмкүн болгон) милдеттенменин бардык жөндүү баалоолору баалоонун мындай өтө айкын эместиги менен тастыкталышы мүмкүн, мындай баалоо аны алуу процессинде жасалган эсептик баалоонун сыпатталышы жана бул эсептик баалоого таасир эткен айкын эместиктерди түшүндүрүү менен толукталса да, анда алардын бири дагы актив же милдеттенме (жана натыйжасында пайда болгон кирешелер, чыгашалар же өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр) жөнүндө пайдалуу маалымат бере албайт. Мындай чектелген учурларда актив же милдеттенме таанылбайт.

5.23 Актив же милдеттенме таанылганына же таанылбаганына карабастан, бул активди же милдеттенмени туура көрсөтүү ошол активдин же милдеттенменин болушу же аны баалоо менен, же баалоонун жыйынтыгы – жыйынтыгында бул актив же милдеттенме боюнча пайда болуучу экономикалык пайданын түшүүсүнүн же чыгуусунун көлөмү же мөөнөтү менен байланышкан айкын эместиктер жөнүндөгү түшүндүрүү маалыматын киргизүүнү талап кылышы мүмкүн (6.60–6.62-пункттарын караңыз).

### Башка факторлор

5.24 Таанылган активди, милдеттенмени, өздүк капиталды, кирешелерди же чыгашаларды туура көрсөтүү ал беренени таанууну гана эмес, анын көлөмүн баалоону да, ошондой эле ал берене тууралуу маалыматты берүүнү жана ачып көрсөтүүнү да карайт (6-7-главаларды караңыз).

5.25 Ошентип, активди же милдеттенмени таануу ошол активди же милдеттенмени туура көрсөтүүнү камсыз кыла алабы/албайбы деген маселени чечүүдө алардын сыпатталышын жана финансылык абал жөнүндө отчеттогу баалоону гана эмес, төмөнкүлөрдү да эске алуу керек:

(a) мында пайда болгон кирешелерди, чыгашаларды жана өздүк капиталдагы өзгөрүүлөрдү чагылдыруу. Мисалы, эгер ишкана ордун толтурууга активди алмашуу менен сатып алса, активди тааныбоо чыгашаларды таанууга алып келмек жана ишкананын кирешесин жана өздүк капиталын азайтмак. Айрым учурларда, мисалы, эгер ишкана ал активди дароо керектебесе, мындай натыйжаны берүү ишкананын финансылык абалы начарлады деген адашууга алып келмек;

(b) аны менен байланышкан активдерди жана милдеттенмелерди таануу. Эгер алар таанылбаса, анда таануу таануу бөлүгүндөгү (эсептик шайкеш эместик) ыраатсыздыкка алып келиши мүмкүн. Эскертүүдө түшүндүрүүчү маалымат тиркелген болсо дагы, мындай ыкма операциянын же ошол активдин же милдеттенменин пайда болушуна алып келген башка окуянын жалпы таасирине түшүнүктүү жана туура көрсөтүүнү бербеши мүмкүн;

(c) ошол актив же милдеттенме жана натыйжада пайда болгон кирешелер, чыгашалар же өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндөгү маалыматты берүү жана ачып көрсөтүү. Толук чагылдыруу чагылдырылган экономикалык кубулушту, анын ичинде бардык керектүү сыпаттамаларды жана түшүндүрмөлөрдү түшүнүү үчүн финансылык отчетту колдонуучуга керек болгон бүткүл малыматты камтууну болжолдойт. Ошентип, тиешелүү маалыматты берүү жана ачып көрсөтүү активдин, милдеттенменин, өздүк капиталдын, кирешелердин жана чыгашалардын таанылган суммасынын туура көрсөтүлүшүн түзүүгө мүмкүндүк берет.

## Таанууну токтотуу

5.26 Таанууну токтотуу – бул мурда таанылган активдин же милдеттенменин бардыгын, же анын бөлүгүн ишкананын финансылык абалы жөнүндө отчеттон алып салуу. Таанууну токтотуу демейде бул берене андан ары активдин же милдеттенменин аныктамасына жооп бербей калган учурда болуп өтөт:

(a) активдерге карата таанууну токтотуу демейде мурда таанылган активдерге же анын бөлүгүнө контролду ишкана жоготуп койгон учурда жүрөт; жана

(b) милдеттенмелерге карата таанууну токтотуу ишканада мурда таанылган милдеттенменин бардыгына же бөлүгүнө карата болгон милдеттери андан ары жок болгондо жүрөт.

5.27 Таанууну токтотуу эсепте чагылдырууга карата талаптар төмөнкү эки аспектини туура көрсөтүүгө багытталган:

(a) операцияларды жүзөгө ашыргандан кийин же таанууну токтотууга алып келген башка окуядан кийин сакталып калган активдерди жана милдеттенмелерди (анын ичинде ошол операциянын алкагында же башка окуянын алкагында алынган, кабыл алынган же түзүлгөн активдерди же милдеттенмелерди); жана

(b) ошол операциянын же башка окуянын натыйжасында активдердин жана милдеттенмелердин өзгөрүшүн.

5.28 5.27-пунктта көрсөтүлгөн максаттар демейде төмөнкү ыкмалар менен жетишилет:

(a) колдонуу мөөнөтү өтүп кеткен же керектелген, алынган, аткарылган же өткөрүлүп берилген активдерди же милдеттенмелерди таанууну токтотуу, жана мында пайда болгон кирешелерди же чыгашаларды таануу жолу менен. Ушул главанын калган бөлүгүндө мындай активдердин жана милдеттенмелердин бардыгын белгилөө үчүн «өткөрүлүп берилген компонент» термини колдонулат;

(b) эгер «сакталган компонент» деген термин менен белгиленген булар болсо, артында сакталган активдерди же милдеттенмелерди таанууну улантуу жолу менен. Мындай сакталган компонент өткөрүлүп берилген компоненттен өзүнчө эсеп бирдиги болуп кала берет. Тиешелүү түрдө, өткөрүлүп берилген компонентти таанууну токтотуунун натыйжасында, таанууну токтотуу сакталган компонентке карата колдонулуучу баалоо

бөлүгүндөгү талаптарды өзгөртүүгө алып келген учурларды кошпогондо, сакталган компонентке карата эч кандай кирешелер же чыгашалар таанылбайт; жана

(c) эгер бул 5.27-пунктта көрсөтүлгөн бир же эки максатка тең жетүү үчүн керек болсо, төмөнкүдөй бир же бир нече жол-жоболорду колдонуу жолу менен:

(i) сакталган ар кандай компонентти финансылык абал жөнүндөгү отчетто өзүнчө көрсөтүүнү;

(ii) өткөрүлүп берилген компонентти таанууну токтотуунун натыйжасында таанылган бардык кирешелерди жана чыгашаларды финансылык натыйжалуулук жөнүндө отчетто (отчеттордо) өзүнчө көрсөтүүнү; же

(iii) түшүндүрүүчү маалыматты берүүнү.

5.29 Кырдаал ишкана активдерди же милдеттенмени өткөрүп бергендей, бирок мында ал актив же милдеттенме ишкананын активи же милдеттенмеси болуп кала алгыдай көрүнүшү мүмкүн. Мисалы:

(a) эгер ишкана активин өткөрүп берген болсо, бирок ошол актив түзө алган экономикалык пайданын көлөмүнүн олуттуу оң же терс өзгөрүүлөрүнө кабылуусун улантып жатса, анда бул айрым учурларда ишкана ал активди конролдоону улантып жаткандыгын көрсөтүшү мүкүн (4.24-пунктту караңыз); же

(b) эгер ишкана активди башка тарапка өткөрүп берген болсо, ал ушул ишкананын агенти катары ошол активди кармап турса, анда өткөрүп берүүчү тарап бул активди мурдагыдай эле контролдой берет (4.25-пунктту караңыз).

5.30 5.29-пунктта сыпатталган учурларда активди же милдеттенмени таанууну токтотуу негиздүү болуп саналбайт, себеби таанууну мындай токтотуу 5.27-пунктунда көрсөтүлгөн эки максаттын бирине да жетишин камсыз кылмак эмес.

5.31 Эгер ишканада өткөрүлүп берилген компонент жок болсо, ошол өткөрүлүп берилген компонентти таанууну токтотуу ошол фактыны туура көрсөтөт. Бирок айрым учурларда таанууну токтотуу 5.28(c)-пунктунда көрсөтүлгөн бир же бир нече жол-жобо колдонулса да, операция же дагы башка окуя ишкананын активдерин же милдеттенмесин канчалык өзгөрткөндүгүн туура көрсөтүүнү камсыз кыла албайт. Мындай учурларда өткөрүп берилген компонентти таанууну токтотуу, иш жүзүндөгүгө караганда, ишкананын финансылык абалынын олуттуу өзгөрүшү катары кабыл алынышы мүмкүн. Мындай кырдаал, мисалы, төмөнкү учурларда пайда болушу мүмкүн:

(a) эгер ишкана активдерин өткөрүп берген жана ошол эле маалда башка операцияны жүргүзгөн болсо, анын натыйжасында ошол активди сатып алууга колдонуудагы укукту же колдонуудагы милдеттенмени алса. Мында колдонуудагы укуктар жана колдонуудагы милдеттенмелер, мисалы, форварддык келишимдин, чыгарылган пут-опциондун же сатып алынган колл-опциондун натыйжасында пайда болушу мүмкүн;

(b) эгер ишкана өткөрүлүп берилген, ишкана аны эми контролдобогон компонент менен өндүрүлгөн экономикалык пайдалардын көлөмүнүн оң же терс өзгөрүүлөрүнүн тобокелдигине кабылуусун сактап калса.

5.32 5.28(c)-пунктунда көрсөтүлгөн бир же бир нече жол-жобону колдонгон учурда дагы, эгер таанууну токтотуу 5.27-пунктунда көрсөтүлгөн эки максатка жетүү үчүн жетишсиз болсо, анда бул эки максат айрым учурларда өткөрүлүп берилген компонентти таанууну улантуу жолу менен жетишилет. Мындай мамиле төмөндөгүдөй кесепеттерге ээ:

(a) мындай операциянын же башка окуянын натыйжасында сакталган да, өткөрүп берилген да компонетке карата эч кандай кирешелер же чыгашалар таанылбайт;

(b) активди (же милдеттенмени) өткөрүп берүүнүн натыйжасында алынган (же төлөнгөн) каражаттар алынган (же берилген) зайым катары эске алынат; жана

(c) өткөрүлүп берилген компоненттин финансылык абал жөнүндөгү отчётту өзүнчө берүү же түшүндүрүүчү маалыматты берүү ишкана өткөрүп берилген компоненттен улам келип чыккан укуктарга же милдеттенмелерге мындан ары ээ болбогон фактыны чагылдыруу үчүн керек. Ушундай эле түрдө аны өткөрүп бергенден кийин өткөрүлүп берилген компонентке байланыштуу пайда болгон кирешелер же чыгашалар жөнүндө маалыматты берүү талап кылынышы мүмкүн.

5.33 Таанууну токтотууга карата маселе жаралышы мүмкүн болгон учурлардын бири болуп келишим колдонуудагы укуктарды же милдеттерди кыскартуу же токтотуу болуп өткүдөй модификацияланган учур саналат. Келишимди модификациялоону кантип эсепке алуу керек деген маселени чечүүдө кайсы эсеп бирдиги финансылык отчеттун пайдалануучуларына активдер жана

милдетттенмелер жөнүндө жана модификация ишкананын активдерин жана милдеттенмелерин кантип өзгөрткөндүгү тууралуу алда канча пайдалуу маалыматты берерин талдоо керек:

(a) эгер келишимдин модификациясы болгону колдонуудагы укуктарды жана милдеттерди токтотсо, анда мындай укуктарды жана милдеттерди таанууну токтотуу керекпи деген маселени чечүүдө 5.26-5.32-пункттарындагы жоболор эске алынат;

(b) эгер келишимдин модификациясы болгону жаңы укуктарды жана милдеттерди кошсо, ал кошулган укуктарды жана милдеттерди өзүнчө актив же милдеттенме, же колдонуудагы укук жана милдеттенме түзгөн ошол эле эсеп бирдигинин бөлүгү катары эсептөөгө болорлугун аныктоо керек (4.48-4.55-пункттарын караңыз); жана

(c) эгер келишимдин модификациясы бир эле маалда колдонуудагы укукту жана милдеттенмени токтотуп, жаңы укуктарды жана милдеттенмелерди кошсо, мындай модификациянын өзүнчө, ошондой эле жыйынды натыйжасы катары кароо зарыл. Айрым ушундай учурларда келишим мындай модификациянын натыйжасында эски актив же милдеттенме жаңы активге же милдеттенмеге алмаштырылгыдай деңгээлде модификацияланат. Мындай масштабдуу модификация учурунда ишкана баштапкы активин же милдеттенмесин таанууну токтотуусу жана жаңы активди жана милдеттенмени таануусу керек болушу мүмкүн.


© ФОЭС Фонду

**МАЗМУНУ**


| | Пунктту караңыз |
|---|---|
| **6-ГЛАВА — БААЛОО** | |
| **КИРИШҮҮ** | **6.1** |
| **БААЛОО БАЗАЛАРЫ** | **6.4** |
| **Баштапкы нарк** | **6.4** |
| **Учурдагы нарк** | **6.10** |
| Адилет нарк | **6.12** |
| Колдонуу баалуулугу жана аткаруунун наркы | **6.17** |
| Учурдагы нарк | **6.21** |
| **БААЛООНУН ТИГИЛ ЖЕ БУЛ БАЗАСЫ БЕРҮҮЧҮ МААЛЫМАТ** | **6.23** |
| **Баштапкы нарк** | **6.24** |
| **Учурдагы нарк** | **6.32** |
| Адилет нарк | **6.32** |
| Колдонуу баалуулугу жана аткаруунун наркы | **6.37** |
| Учурдагы нарк | **6.40** |
| **БААЛОО БАЗАСЫН ТАНДООДО ЭСКЕ АЛУУ ЗАРЫЛ БОЛГОН ФАКТОРЛОР** | **6.43** |
| **Жөндүүлүк** | **6.49** |
| Активдин же милдеттенменин мүнөздөмөсү | **6.50** |
| Келечектеги акча каражаттарынын агымына салым | **6.54** |
| **Туура көрсөтүү** | **6.58** |
| **Маалыматтын пайдалуулугун жогорулатуучу сапаттык мүнөздөмөлөр жана чыгымдар боюнча чектөө** | **6.63** |
| Баштапкы нарк | **6.69** |
| Учурдагы нарк | **6.72** |
| **Баштапкы баалоо үчүн мүнөздүү факторлор** | **6.77** |
| **Бирден ашык баалоо базасын пайдалануу** | **6.83** |
| **ӨЗДҮК КАПИТАЛДЫ БААЛОО** | **6.87** |
| **АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН АГЫМДАРЫНА НЕГИЗДЕЛГЕН БААЛОО МЕТОДДОРУ** | **6.91** |


© ФОЭС Фонду 

## Киришүү

6.1 Финансылык отчеттуулукта таанылган элементтер акчалай туюнтулуп берилет. Ал үчүн баалоонун тиешелүү базасын тандап алуу керек. Баалоо базасы бааланууучу берененин белгиленген мүнөздөмөсү болуп саналат, мисалы, баштапкы нарк, адилет нарк же аткаруунун наркы. Активге же милдеттенмеге баалоо базасын колдонуу ошол активдин же милдеттенменин жана ага байланышкан кирешелердин жана чыгашалардын чоңдугун аныктайт.

6.2 Пайдалуу финансылык маалыматтын сапаттык мүнөздөмөсүн жана чыгымдарга карата чектөөлөрдү эске алуу менен түрдүү активдер, милдеттенмелер, кирешелер жана чыгашалар үчүн баалоонун түрдүү базасы тандалышы мүмкүн.

6.3 Тигил же бул стандартка ошол стандартта каралган баалоонун базасын кандайча колдонуу керектиги жөнүндө сыпаттаманы киргизүү керек болушу мүмкүн. Мындай сыпаттама төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

(a) баалоонун конкреттүү базасына шайкеш келген чоңдуктун эсептик баалоосу үчүн колдонула алган же колдонулушу керек болгон методдорду көрсөтүү;

(b) баалоонун артыкчылыктуу базасын колдонууда берилүүчү маалыматка окшош маалыматты берүүнү камсыз кылган баалоого жөнөкөйлөтүлгөн ыкманы көрсөтүү; же

(c) баалоо базасын кантип өзгөртүү керектигин түшүндүрүү, мисалы, милдеттенмени аткаруу наркынан ишкананын бул милдеттенмени (өзүнүн кредиттик тобокелдигин) аткарбай тургандыгынын мүмкүндүгү менен байланышкан натыйжаны алып салуу жолу менен.

## Баалоо базалары

### Баштапкы нарк

6.4 Баштапкы нарк боюнча баа активдер, милдеттенмелер жана алар менен байланышкан кирешелер жана чыгашалар жөнүндө акчалай түрдөгү маалыматты бери болгондо операциянын баасынан же алардын келип чыгышына негиз болгон башка окуядан жарым-жартылай алынган маалыматты пайдалануу менен берет. Төмөнкүдөй өзгөртүүлөр активдин наркынын түшүп кетиши же милдеттенме оордотуучу болуп калышы менен шартталган учурларды кошпогондо, учурдагы нарктан айырмаланып, баштапкы нарк нарктагы өзгөртүүлөрдү чагылдырбайт (6.7(c) жана 6.8(b)-пункттарын караңыз).

6.5 Активди сатып алуу же түзүү учуруна карата анын баштапкы наркы болуп бул активди сатып алуу же түзүү максатында төлөнгөн ордун толтурууну жана операциялык чыгымдарды камтыган ал активди сатып алууда же түзүүдө кетирилген чыгымдардын көлөмү саналат. Баштапкы нарк пайда болгон учурга карата анын наркы болуп өзүнө бул милдеттенмени алгандыгы үчүн алынган ордун толтуруунун наркы, минус операциялык чыгым саналат.

6.6 Активди сатып алууда же түзүүдө, же рыноктук шарттарда операция болуп саналбаган (6.80-пунктту караңыз) окуялардын натыйжасында милдеттенме пайда болгондо же аны өзүнө алганда баштапкы наркты аныктоого мүмкүн болбой калышы же баштапкы нарк бул актив же милдеттенме жөнүндө жөндүү маалыматты бере албай калышы мүмкүн. Айрым ушундай учурларда бул активди же милдеттенмени баштапкы таанууда учурдагы наркы шарттуу баштапкы нарк катары колдонулат жана мындай шарттуу баштапкы нарк кийин баштапкы наркы боюнча кийинки баалоо үчүн башталгыч нокоту катары колдонулат.

6.7 Активдин баштапкы наркы чагылдыруу үчүн убакыттын өтүшү менен жаңыланып турат, эгер төмөнкүлөр колдонулса:

(a) ошол актив түзгөн экономикалык ресурстун бөлүгүн же бүткүл бардыгын колдонуу (негизги каражаттардын же материалдык эмес активдердин амортизациясы);

(b) активдин бөлүгүн же активди толугу менен жоюучу алынган төлөмдөр;

(c) анын натыйжасында активдин баштапкы наркынын бөлүгү же бардыгы орду толтурулуучу болбой калган (наркы түшүү) окуялардын таасири; жана

(d) активге тиешелүү каржылоонун компонентин чагылдыруу үчүн пайыздарды чегерүү.

6.8 Милдеттенменин баштапкы наркы убакыттын өтүшү менен чагылдыруу үчүн жаңыланып турат, эгер төмөнкүлөр колдонула турган болсо:


© ФОЭС Фонду

(a) милдеттенменин жарым-жартылай же толук аткарылышы, мисалы, бул милдеттенмени жарым-жартылай же толугу менен жойгон төлөмдү жүзөгө ашыруунун эсебинен, же товарларды берүү милдетин аткаруунун эсебинен;

(b) милдеттенмени аткаруу үчүн керек болгон экономикалык ресурстарды өткөрүп берүү милдетинин наркын ушунчалык деңгээлге көтөрүп жиберген окуялардын таасири, ал милдеттенме оордотулган болуп калат. Эгерде милдеттенменин баштапкы наркы ошол милдеттенмени аткаруу боюнча милдетти чагылдыруу үчүн мындан ары жетиштүү болбосо, милдеттенме оордотуучу болуп саналат; жана

(c) милдеттенмеге тиешелүү каржылоонун компонентин чагылдыруу үчүн пайыздарды чегерүү.

6.9 Финансылык активдерге жана финансылык милдеттенмелерге карата баштапкы нарк боюнча баалоо базасын пайдалануунун ыкмаларынын бири болуп аларды амортизацияланган наркы боюнча баалоо саналат. Финансылык активдин же финансылык милдеттенменин амортизацияланган наркы баштапкы таануу учуруна карата аныкталган ставканы пайдалануу менен дисконттолгон келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын эсептик баалоосун чагылдырат. Өзгөрүлмө пайыздык ставкасы бар инструменттердин учурунда дисконттоо ставкасы ошол өзгөрүлмө ставканын өзгөрүшүн чагылдыруу үчүн жаңыланат. Финансылык активдин же финансылык милдеттенмелердин амортизацияланган наркы пайыздарды чегерүү, финансылык активдин наркынын түшүүсү жана акча каражаттарынын түшүүсү же төлөө сыяктуу кийинки өзгөрүүлөрдү чагылдыруу үчүн убакыттын өтүшү менен жаңыланып турат.

## Учурдагы нарк

6.10 Учурдагы нарк боюнча баалоо активдер, милдеттенмелер жана алар менен байланышкан кирешелер жана чыгашалар жөнүндөгү маалыматты баалоо күнүнө карата болгон шарттарды чагылдыруу үчүн жаңыртылган маалыматты пайдалануу аркылуу акчалай ченем менен берет. Мындай жаңылануунун натыйжасында активдердин жана милдеттенмелердин учурдагы наркы ошол учурдагы наркка киргизилген акча агымдарынын жана башка факторлордун эсептик баалоолорунда өзгөрүүнү баалоонун мурдагы күнүнөн баштап болгондорду чагылдырат (6.14-6.15 жана 6.20-пункттарын караңыз). Баштапкы нарктан айырмаланып активдин же милдеттенменин учурдагы наркы бул активдин же милдеттенменин пайда болушуна алып келген операциянын баасынын же башка окуянын негизинде жарым жартылай болсо дагы түзүлбөйт.

6.11 Учурдагы нарктын негизинде баалоо базасы төмөнкүлөрдү камтыйт:

(a) адилет наркты (6.12-6.16-пункттарын караңыз);

(b) активдерге карата колдонуу баалуулугун жана милдеттенмелерге карата аткаруунун наркын (6.17-6.20-пункттарын караңыз); жана

(c) учурдагы наркты (6.21-6.22-пункттарын караңыз).

### Адилет нарк

6.12 Адилет нарк - бул баалоо күнүнө карата рыноктун катышуучуларынын ортосунда демейки операциянын жүрүшүндө активди сатууда алына турган же милдеттенмени өткөрүп берүүдө төлөнө турган баа.

6.13 Адилет нарк рыноктун катышуучуларынын – аларга карата ишкана кирүүгө мүмкүндүгү болгон рыноктун катышуучуларынын позициясын чагылдырат. Эгерде актив же милдеттенме ошол активдин же милдеттенменин наркын аныктоодо рыноктун катышуучулары өзүлөрүнүн мыкты экономикалык кызыкчылыктарына ылайык аракет кылышса, рыноктун ошол катышуучулары колдонмок болгон ошол эле божомолдорду пайдалануу менен бааланат.

6.14 Айрым учурларда адилет наркты активдүү рыноктогу байкоо жүргүзүлүүчү баалардан улам түздөн-түз аныктоого болот. Башка учурларда ал баалоо ыкмасын, мисалы, төмөнкү бардык факторлорду чагылдырган акча каражаттарынын агымдарына негизделген баалоо методдорун пайдалануу менен кыйыр аныкталат (6.91-6.95-пункттарын караңыз):

(a) келечектеги акча агымдарынын эсептик баалоосун;

(b) эсептик сумманын мүмкүн болуучу вариативдүүлүгүн же бааланууч актив же акча каражаттарынын агымдарына мүнөздүү болгон айкын эместик менен шартталган милдеттенме боюнча келечектеги акча каражаттарынын агымынын пайда болуу мөөнөтүн;

(c) акчанын убакыт ичиндеги наркын;

(d) акча каражаттарынын агымдарына мүнөздүү болгон айкын эместикти өзүнө кабыл алуунун баасын (башкача айтканда, тобокелдик үчүн премияны же тобокелдик үчүн дисконтту). Өзүнө айкын эместикти кабыл алгандыгы үчүн баа мындай айкын эместиктин даражасына жараша болот. Ал ошондой эле инвесторлор чагылдырган фактыны чагылдырат, эреже катары, ал боюнча акча каражаттарынын агымдары айкын болуп саналган активге (же милдеттенмеге) караганда, ал боюнча акча каражаттарынын агымдары айкын эмес болуп саналган актив үчүн азыраак төлөшөт (жана өзүнө милдеттенмени алгандыгына көбүрөөк талап кылышат);

(e) эгер рыноктун катышуучулары пайда болгон жагдайларда ушул факторлорду эсине алып жүрүшсө, башка факторлорду, мисалы, ликвиддүүлүктү.

6.15 6.14(b) жана 6.14(d)-пункттарында белгиленген факторлор контрагент ишкана алдындагы өзүнүн милдеттенмесин аткарбай калышы мүмкүн (кредиттик тобокелдик) же ишкана өзүнүн милдеттенмесин аткарбай коюшу мүмкүн (өзүнүн кредиттик тобокелдиги) деген ыктымалдуулукту камтыйт.

6.16 Адилет нарк операциянын же анын негизинде актив же милддеттенме пайда болгон башка окуянын наркынан жарым-жартылай дагы туунду эмес болгондуктан адилет наркы активди сатып алууда тарткан операциялык чыгымдардын чоңдугуна көбөйбөйт жана өзүнө милдеттенме алууда тарткан операциялык чыгымдардын чоңдугуна азайбайт. Андан тышкары, адилет нарк активдин биротоло чыгып калуусунда же милдеттенмени өткөрүп берүүдө же төлөөдө тартылган операциялык чыгымдарды чагылдырбайт.

### Колдонуу баалуулугу жана аткаруунун наркы

6.17 Колдонуу баалуулугу – бул ишкана активди пайдаланышынын жана анын биротоло чыгып калышынын натыйжасында алууну күтүп жаткан акча каражаттарынын агымдарынын же башка экономикалык пайдалардын келтирилген наркы. Аткаруунун наркы – бул, ишкана күтүп жаткандай, ал өзүнүн милдеттенмесин аткаруунун эсебине өткөрүп берүүгө тийиш болгон акча каражаттарынын же башка экономикалык ресурстардын келтирилген наркы. Акча каражаттарынын же башка экономикалык ресурстардын мындай суммалары милдеттенме боюнча контрагентке өткөрүп берүүгө жаткан суммаларды гана эмес, ишкана күткөндөй, ал өз милдеттеринин аткарылышын камсыз кылуу максатында башка тараптарга өткөрүп берүүгө милдеттүү болгон сумманы да камтып турат.

6.18 Колдонуу баалуулугу жана аткаруунун наркы келечектеги акча каражаттарынын агымына негизделгендиктен алар активдерди сатып алууда же милдеттенмелерди алууда тартылган операциялык чыгымдарды камтыбайт. Бирок, колдонуу баалуулугу жана аткаруунун наркы ишкана активдин биротоло чыгып калышында же милдеттенмени аткарууда тартууну күткөн бардык операциялык чыгымдардын келтирилген наркын камтыйт.

6.19 Колдонуу баалуулугу жана аткаруунун наркы рыноктун катышуучулары тарабынан кабыл алынган божомолдорго эмес, ишкана үчүн мүнөздүү болгон божомолдорго негизделген. Иш жүзүндө рыноктун катышуучулары тарабынан пайдаланыла турган божомолдордун жана ишкананын өзү пайдалануучу божомолдордун ортосунда бир аз айырмачылык болушу мүмкүн.

6.20 Колдонуу баалуулугуна жана аткаруунун наркына түздөн-түз байкоо жүргүзүлбөйт жана алар акча каражаттарынын агымдарына негизделген баалоо методдорун пайдалануу менен аныкталат (6.91-6.95-пункттарын караңыз). Колдонуу баалуулугу жана аткаруунун наркы адилет наркка карата 6.14-пунктта көрсөтүлгөн факторлорду, бирок рыноктун катышуучусунун позициясынан эмес, ишканага мүнөздүү позициядан чагылдырат.

### Учурдагы нарк

6.21 Активдин учурдагы наркы – бул баалоо күнүнө төлөнүүгө тийиш болгон ордун толтуруунун жана ошол күнгө карата тартылышы мүмкүн болгон операциялык чыгымдардын суммасынан турган баалоо күнүнө карата эквиваленттүү активдин наркы. Милдеттенменин учурдагы наркы – бул ошол күнгө карата тартылышы мүмкүн болгон операциялык чыгымдарды алып салганда баалоо наркына карата эквиваленттүү милдеттенме үчүн алынууга тийиш болгон ордун толтуруу. Учурдагы нарк, баштапкы наркы сыяктуу эле, «кирүү наркы» болуп саналат: ал анда ишкана активди сатып алмак же милдеттенмени өзүнө алмак болгон рыноктогу бааны чагылдырат. Ошентип, бул чоңдук «чыгуу наркын» билдирген адилет нарктан, колдонуу баалуулугунан жана аткаруунун наркынан айырмаланып турат. Бирок, баштапкы нарктан айырмаланып, учурдагы нарк баалоо күнүнө карата болгон шартты чагылдырат..

 © ФОЭС Фонду

6.22 Айрым учурларда учурдагы наркты активдүү рынокто байкоо жүргүзүлгөн бааны колдонуу менен түздөн түз аныктоого мүмкүн эмес жана ал башка каражаттарды пайдалануу менен кыйыр аныкталат. Мисалы, эгер баалар жаңы активдер үчүн гана жеткиликтүү болсо, анда ишкана кармап турган активдин реалдуу мөөнөтүн жана абалын эске алуу үчүн урунулган активдин учурдагы наркын, балким, жаңы активдин учурдагы баасын оңдоп-түзөө жолу менен эсептөөгө болот.

## Баалоонун тигил же бул базасы камсыз кыла турган маалымат

6.23 Баалоонун базасын тандоодо финансылык абал жөнүндөгү отчётто, ошондой эле финансылык натыйжа жөнүндөгү отчётто (отчёттордо) баалоонун бул базасын пайдалануунун негизинде бериле турган маалыматтын мүнөзүн эске алуу керек. 6.1-таблицада жыйынды маалымат көрсөтүлгөн, ал 6.24-6.42-пункттарында алда канча кең-кесири каралат.

### Баштапкы нарк

6.24 Активди же милдеттенмени баштапкы нарк боюнча баалоонун натыйжасында берилүүчү маалымат финансылык отчётту пайдалануучулар үчүн жөндүү болушу мүмкүн, себеби баштапкы нарк бул активдин же милдеттенменин пайда болушуна алып келген башка окуянын же операциянын баасынан жарым-жартылай алынган маалыматты пайдаланат.

6.25 Эгер ишкана жакында жүргүзүлгөн операциянын алкагында рынок шартында активди сатып алган болсо, ал ошол активдин наркынын ордун толтуруу үчүн жетиштүү болгон ошол активден экономикалык пайда түшөт деп күтөт. Ошол сыяктуу эле, ишкана рынок шарттарында жакын арада жүргүзүлгөн операциянын натыйжасында милдеттенме пайда болсо же ишкана аны өзүнө алган болсо, ал бул милдеттенмени аткаруу үчүн экономикалык ресурсту берүү милдетинин наркы негизинен операциялык чыгымдарды алып салгандан кийин алынган ордун толтуруунун көлөмүнөн ашпайт деп күтөт. Ошентип, активди же милдеттенмени баштапкы наркы боюнча баалоо мындай учурларда актив же милдеттенме жөнүндөгү, ошондой эле анын натыйжасында ушул актив же милдеттенме пайда болгон операциянын баасы жөнүндө жөндүү малыматты берет.

6.26 Баштапкы нарк активди колдонууну жана анын наркынын түшүшүн чагылдыруу үчүн кемигендиктен ишкана актив боюнча ордун толтуруп берүүнү күткөн баштапкы нарк боюнча бааланган сумма жок дегенде анын баланстык наркына барабар болот. Ошол сыяктуу эле, эгер бул милдеттенме оордотуучу болуп калса , милдеттенменин баштапкы наркы жогорулагандыктан, милдеттенмелерди аткаруу үчүн керек болгон экономикалык ресурстарды өткөрүп берүү милдетинин наркы ошол милдеттенменин баланстык наркынан ашпайт.

6.27 Эгерде, финансылык активди кошпогондо, актив баштапкы наркы боюнча бааланса, бул активди бүтүндөй же анын бир бөлүгүн керектөө же сатуу, керектелген же сатылган активдин бөлүгүнө же активдин баштапкы наркына барабар болгон суммада бааланган чыгашалардын келип чыгышына алып келет.

6.28 Активди сатуунун натыйжасында пайда болгон чыгашалар мындай сатуунун натыйжасында алынган ордун толтуруунун кирешеси катары таануу менен бир убакта таанылат. Кирешелердин жана чыгашалардын ортосундагы айырма сатуудан түшкөн маржаны билдирет. Активдүү керектөөнүн негизинде пайда болгон чыгашаларды маржа жөнүндөгү маалыматты берүү үчүн тиешелүү кирешелер менен салыштырууга болот.

6.29 Ошол сыяктуу эле, эгер ишкана финансылык милдеттенме болуп саналбаган милдеттенмени ордун толтуруунун ордуна өзүнө алса жана ал милдеттенме баштапкы нарк боюнча бааланса, милдеттенменин бардыгын же бөлүгүн аткаруу милдеттенменин аткарылган бөлүгү үчүн алынган ордун толтуруунун көлөмүнө барабар болгон суммада бааланган кирешелердин пайда болушуна алып келет. Милдеттенмени аткаруунун натыйжасында пайда болгон бул кирешелердин жана чыгашалардын ортосундагы айырма аткаруудан түшкөн маржаны билдирет.

6.30 Сатылган же керектелген активдердин, анын ичинде дароо керектелген товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы жөнүндөгү (4.8-пунктту караңыз) жана алынган ордун толтуруунун көлөмү жөнүндөгү маалымат болжолдоочу баалуулукка ээ болушу мүмкүн. Мындай маалымат товарларды (анын ичинде азыркы учурда ишкана тарабынан кармалып турбаган товарларды) сатуудан жана келечекте кызматтарды көрсөтүүдөн, тиешелүү түрдө, акча каражаттарынын келечектеги таза түшүүлөрүнө карата ишкананын келечегин баалоо үчүн түшкөн келечектеги маржаны болжолдоодо баштапкы маалымат катары колдонулушу мүмкүн. Келечектеги акча агымдарына карата ишкананын келечектерин баалоо үчүн финансылык отчёттуулукту пайдалануучулар көп мезгилдер аралыгында ишкананын колдо болгон товарлардан пайданы жаратуу жөндөмүнө гана эмес келечектеги пайданы жаратууну уюштуруу жөндөмүнө көп көңүл бурат. Баштапкы нарк боюнча баалануучу кирешелер

менен чыгашалар ошондой эле тастыктоочу баалуулукка ээ, себеби алар финансылык отчёттуулукту пайдалануучуларга акча каражаттарынын агымдарына же маржага тиешелүү мурда жасалган болжолдоолорго карата далилдерди беришет. Сатылган же керектелген активдердин наркы жөнүндөгү маалымат ишкананын жетекчилиги ишкананын экономикалык ресурстарын пайдалануу боюнча өз милдеттерин канчалык сарамжалдуу жана натыйжалуу колдонгондугун баалоодо жардам бере алат.

6.31 Амортизацияланган нарк боюнча бааланган активдерге же милдеттенмелерге карата эсептелген пайыздар жөнүндө маалымат ошол эле себептер боюнча болжолдоочу жана тастыктоочу баалуулукка ээ боло алат.

## Учурдагы нарк

## Адилет нарк

6.32 Активдерди жана милддеттенмелерди адилет нарк боюнча баалоонун жыйынтыгында берилүүчү маалымат болжолдоочу баалуулукка ээ боло алат, себеби адилет наркы рыноктун катышуучуларынын келечектеги акча агымдарынын пайда болушунун жана айкын эместигинин мөөнөтүнө, суммасына карата учурдагы үмүттөрүн чагылдырат. Бул үмүттөр рыноктун катышуучуларынын тобокелдиктерге карата кезектеги артык көрүүсүн чагылдыргыдай бааланат. Мындай маалымат ошондой эле мурда жасалган баалоо жөнүндөгү далилдерди берүүнүн эсебинен тастыктоочу баалуулукка ээ болушу мүмкүн.

6.33 Рыноктун катышуучуларынын учурдагы үмүттөрүн чагылдыруучу кирешелер жана чыгашалар жөнүндөгү маалымат айрым болжолдоочу баалуулукка ээ болушу мүмкүн, себеби кирешелер жана чыгашалар жөнүндөгү мындай маалымат келечектеги кирешелерди жана чыгашаларды болжолдоодо баштапкы маалымат катары колдонулушу мүмкүн. Кирешелер жана чыгашалар жөнүндөгү маалымат ошондой эле ишкананын жетекчилиги ишкананын экономикалык ресурстарын пайдалануу боюнча өз милдеттерин канчалык сарамжалдуу жана натыйжалуу аткаргандыгын баалоодо пайдалуу болушу мүмкүн.

6.34 Активдин же милдеттенменин адилет наркын өзгөртүү 6.14-пунктунда белгиленген түрдүү факторлор менен шарттальшы мүмкүн. Мындай факторлор түрдүү мүнөздөмөлөргө ээ болгон учурда, бул факторлор менен шартталган кирешелерди жана чыгашаларды өз өзүнчө аныктоо финансылык отчётту пайдалануучуларга пайдалуу маалыматты бере алат (7.14(b)-пунктун караңыз).

6.35 Эгер ишкана бир рыноктон актив сатып алса жана башка рыноктогу (ишкана активди сатууну көздөгөн рыноктогу) бааларды пайдалануу менен анын адилет наркын аныктаса, бул эки рыноктогу баалардын айырмасы адилет нарк биринчи жолу аныкталып жаткандагы кирешелер катары таанылат.

6.36 Эгерде операция баасы ушул адилет наркты баалоодо пайдаланылган рынокто жасалса, активди сатуу же милдеттенмени өткөрүп берүү, эреже катары, ушул активдин же милдеттенменин адилет наркына барабар болгон суммада ордун толтуруп берүүнү карайт. Мындай учурларда актив же милдеттенме адилет нарк боюнча бааланса, сатуу же өткөрүп берүү учурунда пайда болгон таза киреше же таза чыгаша, эреже катары, операциялык чыгымдар олуттуу болгон учурларды кошпогондо, анча көп эмес болот.

### Колдонуу баалуулугу жана аткаруунун наркы

6.37 Колдонуу баалуулугу активди пайдалануунун жана анын биротоло чыгышынын натыйжасында пайда болгон эсептик акча каражаттарынын агымдарынын келтирилген наркы жөнүндөгү маалыматты билдирет. Бул маалымат болжолдоочу баалуулукка ээ болушу мүмкүн, себеби ал акча каражаттарынын келечектеги таза түшүүлөрүнүн келечегин баалоодо колдонулушу мүмкүн.

6.38 Аткаруунун наркы милдеттенмени аткаруу үчүн керек болгон эсептик акча каражаттарынын агымдарынын келтирилген наркы жөнүндөгү маалыматты берет. Тиешелүү түрдө, өзгөчө милдеттенме сүйлөшүүлөрдүн негизинде өткөрүп берилбестен же жоюлбастан, аткарылса, аткаруунун наркы болжолдуу баалуулукка ээ.

6.39 Колдонуу баалуулугунун жана аткаруу наркынын кайра каралган эсептик баалоосу келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын чоңдугун, мөөнөттөрүн жана пайда болушунун айкын эместигин эсептик баалоо жөнүндөгү маалымат менен бирге тастыкталган баалуулукка ээ болушу мүмкүн, себеби мындай маалымат колдонуу баалуулугунун же аткаруу наркынын мурда жасалган баалоолоруна карата далилди берет.

 © ФОЭС Фонду

### Учурдагы наркы

6.40 Учурдагы нарк боюнча бааланган активдер жана милдеттенмелер жөнүндөгү маалымат жөндүү болушу мүмкүн, себеби ордун толтуруунун учурдагы наркы баалоо күнүнө карата өзүнө окшош активди сатып алууга же түзүүгө мүмкүн болгон бааны же ошондой милдеттенмени өзүнө кабыл алгандыгы үчүн алынган ордун толтурууну чагылдырат.

6.41 Баштапкы нарк сыяктуу эле, учурдагы нарк керектелген активдин же милдеттенмелерди аткаруунун натыйжасында алынган кирешенин наркы жөнүндөгү маалыматты берет. Мындай маалымат учурдагы маржаны эсептөөдө, ошондой эле келечектеги маржаны болжолдоо үчүн баштапкы маалымат катары колдонулушу мүмкүн. Баштапкы нарктан айырмаланып, учурдагы нарк активди колдонгон же милдеттенмени аткарган учурда болгон бааны чагылдырат. Бааны олуттуу өзгөрткөн учурда ордун толтуруунун учурдагы наркынын көрсөткүчүнө негизделген маржа жөнүндөгү маалымат, баштапкы наркка негизделген маалыматка караганда, келечектеги маржаны болжолдоо үчүн алда канча пайдалуу болушу мүмкүн.

6.42 Активдин керектелген бөлүгүнүн учурдагы наркын (же милдеттенменин аткарылган бөлүгүнөн түшкөн учурдагы кирешени) чагылдыруу үчүн отчёттук мезгилде балансттык нарктын өзгөрүшүн активдин керектелген бөлүгүнүн (же милдеттенменин бөлүгүн аткаруудан түшкөн учурдагы кирешенин) учурдагы наркынын өзгөрүшүн жана баалардын өзгөрүшүнүн таасирин ажыратуу керек. Баалардын өзгөрүшүнүн таасирин айрым учурларда «ээлик кылуудан киреше» же «ээлик кылуудан зыян» деп аташат.

**6.1-таблица — Баалоонун тигил же бул базасы берген жыйынды маалымат**

***Активдер***

| Финансылык абал жөнүндө отчёт | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | **Баштапкы нарк** | **Адилет нарк (рыноктун катышуучуларынын божомолдору)** | **Колдонуу баалуулугу (ишканага мүнөздүү болгон божомолдор[a]** | **Учурдагы нарк** |
| **Баланстык нарк** | Баштапкы нарк (анын ичинде операциялык чыгымдар) ал керектелбеген же алынбаган жана мында орду толтурулган болуп саналган көлөмдө.<br><br>(Каржылоо компонентине чегерилген пайыздарды камтыйт.) | Активди сатууда алына турган баа (чыгып калышы менен байланышкан операциялык чыгымдар алып салынбаган). | Активди колдонуудан жана анын биротоло чыгып калышынан алынган келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын келтирилген наркы (чыгып калышы менен байланышкан операциялык чыгымдардын келтирилген наркы алып салынгандан кийин). | Учурдагы нарк (анын ичинде бүтүм боюнча операциялык чыгымдар), ал керектелбеген же алынбаган жана мында орду толтурулуучу болуп саналган көлөмдө. |
| **Финансылык натыйжалуулук жөнүндө отчёт (отчёттор)** | | | | |
| **Окуя** | **Баштапкы нарк** | **Адилет нарк (рыноктун катышуучуларынын божомолдору)** | **Колдонуу баалуулугу (ишкана үчүн мүнөздүү божомолдор)** | **Учурдагы нарк** |
| **Баштапкы таануу** [b] | — | Төлөнгөн ордун толтуруу менен сатып алынган активдин адилет наркынын ортосундагы айырма.[c]<br><br>Активди сатып алуу менен байланышкан операциялык чыгымдар. | Төлөнгөн ордун толтуруу менен сатып алынган активди колдонуу баалуулугунун ортосундагы айырма.<br><br>Активди сатып алуу менен байланышкан операциялык чыгымдар. | — |
| **Активди сатуу же** | Сатылган же | Сатылган же керектелген | Сатылган же керектелген | Сатылган же |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **керектөө** [(d), (e)] | керектелген активдин баштапкы наркына барабар болгон чыгашалар.<br><br>Алынган кирешелер.<br><br>(Дүң негизде же нетто – негизде көрсөтүлүшү мүмкүн.)<br><br>Активди сатуу менен байланышкан операциялык чыгымдарга карата чыгашалар. | активдин адилет наркына барабар болгон чыгашалар.<br><br>Алынган кирешелер.<br><br>(Дүң негизде же нетто – негизде көрсөтүлүшү мүмкүн.)<br><br>Активди сатуу менен байланышкан операциялык чыгымдарга карата чыгашалар. | активдин колдонуу баалуулугуна барабар болгон чыгашалар.<br><br>Алынган кирешелер.<br><br>(Дүң негизде же нетто – негизде көрсөтүлүшү мүмкүн.) | керектелген активдин колдонуу баалуулугуна барабар болгон чыгашалар.<br><br>Алынган кирешелер.<br><br>(Дүң негизде же нетто – негизде көрсөтүлүшү мүмкүн.)<br><br>Активди сатуу менен байланышкан операциялык чыгымдарга карата чыгашалар. |
| **Финансылык натыйжалуулук жөнүндө отчет (отчеттор)** | | | | |
| **Окуя** | **Баштапкы нарк** | **Адилет нарк (рыноктун катышуучуларынын божомолдору)** | **Колдонуу баалуулугу (ишкана үчүн мүнөздүү божомолдор)** | **Учурдагы нарк** |
| **Пайыздык киреше** | Эгер актив өзгөрүлмө пайыздык ставканы караса, жаңыртылган, баштапкы ставка боюнча эсептелген пайыздык киреше. | Адилет нарктын өзгөрүшү менен шартталган кирешелердин жана чыгашалардын курамында чагылдырылат.<br><br>(Өзүнчө идентификацияланышы мүмкүн.) | Колдонуу баалуулугунун өзгөрүшү менен шартталган кирешелердин жана чыгашалардын курамында чагылдырылат.<br><br>(Өзүнчө идентификацияланышы мүмкүн.) | Учурдагы ставка боюнча эсептелген пайыздык киреше. |
| **Нарктын түшүүшү** | Баштапкы нарк мындан ары орду толтурулбас болгондугунун натыйжасында пайда болгон чыгашалар. | Адилет нарктын өзгөрүшү менен шартталган кирешелердин жана чыгашалардын курамында чагылдырылат.<br><br>(Өзүнчө идентификацияланышы мүмкүн.) | Колдонуу баалуулугунун өзгөрүшү менен шартталган кирешелер менен чыгашалардын курамында чагылдырылат.<br><br>(Өзүнчө идентификацияланышы мүмкүн.) | Учурдагы нарк мындан ары орду толтурулбас болгондугунун натыйжасында пайда болгон чыгашалар. |
| **Нарктын өзгөрүшү** | Нарктын түшүшүн чагылдыруу керек болгон учурлардан сырткары учурда таанылбайт. | Адилет нарктын өзгөрүшү менен шартталган кирешелердин жана чыгашалардын курамында чагылдырылат. | Колдонуу баалуулугунун өзгөрүшү менен шартталган кирешелер менен чыгашалардын курамында чагылдырылат. | Баалардын өзгөрүшүнө таасирди чагылдырган кирешелер жана чыгашалар (ээлик кылуудан кирешелер жана ээлик кылуудан зыяндар). |

 © ФОЭС Фонду

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Финансылык активдерге карата колдонулат – эсептик акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүшү менен шартталган кирешелер жана чыгашалар. | | | |

(a) Бул мамычада баалоо базасы катары колдонуу баалуулугу колдонулган учурда берилген маалымат жалпыланат. Бирок, 6.75-пунктунда белгиленгендей, практикалык ой жүгүртүүдөн улам, колдонуу баалуулугу туруктуу кайра баалоо үчүн алгылыктуу база боло албашы мүмкүн.
(b) Кирешелер жана чыгашалар рыноктук эмес шарттарда сатылып алынуучу активди баштапкы таанууда пайда болушу мүмкүн.
(c) Эгерде актив сатылып алынган рынок ошол активдин адилет наркын баалоодо колдонулган баанын маалыматынын булагы катары пайдаланылган рыноктон айырмаланса, анда кирешелер жана чыгашалар пайда болушу мүмкүн.
(d) Активди керектөө, негизинен, сатуунун баштапкы наркынын көрсөткүчү, негизги каражаттардын амортизациясы же материалдык эмес активдердин амортизациясы аркылуу чагылдырылат.
(e) Алынган кирешенин өлчөмү демейде алынган ордун толтуруунун өлчөмүнө барабар, бирок аны менен байланышкан милдеттенмеге карата колдонулган баалоо базасына көз каранды.
.

***Милдеттенмелер***

| **Финансылык абал жөнүндө отчет** | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | **Баштапкы нарк** | **Адилет нарк (рыноктун катышуучуларынын божомолдору)** | **Колдонуу баалуулугу (ишканага мүнөздүү божомолдор)** | **Учурдагы нарк** |
| **Баланстык нарк** | Милдеттенменин аткарылбаган бөлүгүн өзүнө кабыл алгандыгы үчүн алынган, чыгарылган акча каражаттарынын эсептик көлөмүнүн алынган ордун толтуруунун көлөмүнөн ашкан суммасына көбөйтүлгөн ордун толтуруу (бүтүм боюнча чыгымдарды алып салганда).<br><br>(Каржылоо компонентине чегерилген пайыздарды камтыйт.) | Милдеттенменин аткарылбаган бөлүгүн өткөрүп бергендиги үчүн төлөнө турган баа (операциялык чыгымдарды кошо алганда, алар өткөрүп берүүдө тартылган). | Милдеттенменин аткарылбаган бөлүгүн аткарууда келип чыккан келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын келтирилген наркы (анын ичинде милдеттенмелерди аткарууда же өткөрүп берүүдө тартылган операциялык чыгымдардын келтирилген наркы). | Милдеттенменин аткарылбаган бөлүгүн өзүнө кабыл алгандыгы үчүн азыркы учурда алына турган, чыгып жаткан акча каражаттарынын эсептик көлөмүнүн ушул ордун толтуруунун көлөмүнөн ашкан суммасына көбөйтүлгөн ордун толтуруу (операциялык чыгымдарды алып салганда). |
| **Финансылык натыйжалуулук жөнүндө отчет (отчеттор)** | | | | |
| **Окуя** | **Баштапкы нарк** | **Адилет нарк (рыноктун катышуучуларынын** | **Колдонуу баалуулугу (ишкана үчүн мүнөздүү** | **Учурдагы нарк** |

| | | божомолдору) | божомолдор) | |
|---|---|---|---|---|
| **Баштапкы таануу**[a] | — | Алынган ордун толтуруу менен милдеттенменин адилет наркынын ортосундагы айырма[b].<br><br>Милдеттенмени өзүнө алуу менен байланышкан операциялык чыгымдар. | Алынган ордун толтуруу менен милдеттенмени аткаруу наркынын ортосундагы айырма.<br><br>Милдеттенмени өзүнө алуу менен байланышкан операциялык чыгымдар. | — |
| **Финансылык натыйжалуулук жөнүндө отчет (отчеттор)** | | | | |
| **Окуя** | **Баштапкы нарк** | **Адилет нарк (рыноктун катышуучуларынын божомолдору)** | **Колдонуу баалуулугу (ишкана үчүн мүнөздүү болгон божомолдор)** | **Учурдагы нарк** |
| **Милдеттенмени аткаруу** | Аткарылган милдеттенменин баштапкы наркына барабар кирешелер (баштапкы ордун толтурууну чагылдырат).<br><br>Милдеттенмени аткаруу менен байланыштуу тартылган чыгымдардын бөлүгүндөгү чыгашалар.<br><br>(Дүң негизде же нетто-негизде көрсөтүлүшү мүмкүн). | Аткарылган милдеттенменин адилет наркына барабар кирешелер.<br><br>Милдеттенмени аткарууга байланыштуу тартылган чыгымдардын бөлүгүндөгү чыгашалар.<br><br>(Дүң негизде же нетто-негизде көрсөтүлүшү мүмкүн. Дүң негизде көрсөтүлгөн учурда баштапкы ордун толтуруу өзүнчө көрсөтүлүшү мүмкүн). | Аткарылган милдеттенменин аткаруу наркына барабар кирешелер.<br><br>Милдеттенмени аткарууга байланыштуу тартылган чыгымдардын бөлүгүндөгү чыгашалар.<br><br>(Дүң негизде же нетто-негизде көрсөтүлүшү мүмкүн. Дүң негизде көрсөтүлгөн учурда баштапкы ордун толтуруу өзүнчө көрсөтүлүшү мүмкүн). | Аткарылган милдеттенменин учурдагы наркына барабар кирешелер (учурдагы ордун толтурууну чагылдырат).<br><br>Милдеттенмени аткарууга байланыштуу тартылган чыгымдардын бөлүгүндөгү чыгашалар.<br><br>(Дүң негизде же нетто-негизде көрсөтүлүшү мүмкүн. Дүң негизде көрсөтүлгөн учурда баштапкы ордун толтуруу өзүнчө көрсөтүлүшү мүмкүн). |
| **Милдеттенмени өткөрүп берүү** | Өткөрүп берилген милдеттенменин баштапкы наркына барабар кирешелер ( баштапкы ордун толтурууну чагылдырат).<br><br>Милдеттенмени өткөрүп бергендиги үчүн төлөнгөн | Өткөрүп берилген милдеттенменин адилет наркына барабар кирешелер.<br><br>Милдеттенмени өткөрүп бергендиги үчүн төлөнгөн чыгымдардын бөлүгүндөгү | Өткөрүп берилген милдеттенменин аткаруу наркына барабар кирешелер.<br><br>Милдеттенмени өткөрүп бергендиги үчүн төлөнгөн чыгымдардын бөлүгүндөгү | Өткөрүп берилген милдеттенменин алмашуунун учурдагы наркына барабар кирешелер (учурдагы ордун толтурууну чагылдырат).<br><br>Милдеттенмени өткөрүп бергендиги үчүн төлөнгөн чыгымдардын |

 © ФОЭС Фонду

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | чыгымдардын бөлүгүндөгү чыгашалар (анын ичинде операциялык чыгымдар).<br><br>(Дүң негизде же нетто-негизде көрсөтүлүшү мүмкүн.) | чыгашалар (анын ичинде операциялык чыгымдар).<br><br>(Дүң негизде же нетто-негизде көрсөтүлүшү мүмкүн.) | чыгашалар (анын ичинде операциялык чыгымдар).<br><br>(Дүң негизде же нетто-негизде көрсөтүлүшү мүмкүн.) | бөлүгүндөгү чыгашалар (анын ичинде операциялык чыгымдар).<br><br>(Дүң негизде же нетто-негизде көрсөтүлүшү мүмкүн.) |
| **Пайыздык чыгашалар** | Эгер милдеттенме өзгөрүлмө пайыздык ставканы караса, баштапкы ставкалар боюнча чегерилген пайыздык чыгашалар. | Адилет нарктын өзгөрүшү менен шартталган кирешелердин жана чыгашалардын курамында чагылдырылат.<br>.<br><br>(Өзүнчө идентификацияланышы мүмкүн.) | Аткаруу наркынын өзгөрүшү менен шартталган кирешелердин жана чыгашалардын курамында чагылдырылат.<br><br>(Өзүнчө идентификацияланышы мүмкүн.) | Учурдагы ставкалар боюнча чегерилген пайыздык чыгашалар. |
| **Финансылык натыйжалуулук жөнүндө отчет (отчеттор)** | | | | |
| **Окуя** | **Баштапкы нарк** | **Адилет нарк (рыноктун катышуучуларынын божомолдору)** | **Колдонуу баалуулугу (ишкана үчүн мүнөздүү болгон божомолдор)** | **Учурдагы нарк** |
| **Анын жыйынтыгында милдеттенме оордотулган болгон окуялардын таасири** | Акча каражаттарынын чыгышынын эсептик көлөмүнүн милдеттенменин баштапкы наркынан ашкан суммасына же ошол ашыруу суммасынын кийинки өзгөрүү суммасына барабар чыгашалар. | Адилет нарктын өзгөрүшү менен шартталган кирешелердин жана чыгашалардын курамында чагылдырылат.<br><br>(Өзүнчө идентификацияланышы мүмкүн.) | Аткаруу наркынын өзгөрүшү менен шартталган кирешелердин жана чыгашалардын курамында чагылдырылат.<br><br>(Өзүнчө идентификацияланышы мүмкүн.) | Акча каражаттарынын чыгышынын эсептик көлөмүнүн милдеттенменин учурдагы наркынан ашкан суммасына же ошол ашыруу суммасынын кийинки өзгөрүү суммасына барабар чыгашалар. |
| **Нарктын өзгөрүшү** | Милдеттенме оордотулган болгон учурду кошпогондо, таанылбайт. | Адилет нарктын өзгөрүшү менен шартталган кирешелердин жана чыгашалардын курамында чагылдырылат. | Аткаруу наркынын өзгөрүшү менен шартталган кирешелердин жана чыгашалардын курамында чагылдырылат. | Нарктын өзгөрүшүнөн натыйжаны чагылдыруучу кирешелер жана чыгашалар (ээлик кылуудан кирешелер жана ээлик кылуудан |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Финансылык милдеттенмелер учурунда - эсептик акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүшү менен шартталган кирешелер жана чыгашалар. | | | зыяндар). |

(a) Кирешелер жана чыгашалар рыноктук эмес шарттарда пайда болгон же өзүнө кабыл алган милдеттенмени баштапкы таанууда пайда болушу мүмкүн.

(b) Эгерде ишкана өзүнө милдеттенме алган рынок бул милдеттенменин адилет наркын баалоодо колдонуучу баа боюнча маалымат булагы катары колдонулган рыноктон айырмаланса, кирешелер жана чыгашалар пайда болушу мүмкүн.

## Баалоо базасын тандоодо эске алуу керек болгон факторлор

6.43 Актив же милдеттенме, же аны менен байланышкан киреше жана чыгаша үчүн баалоо базасын тандоодо баалоонун ошол базасын колдонуунун натыйжасында финансылык абал жөнүндө отчётто жана финансылык натыйжалуулук жөнүндө отчётто (отчёттордо) (6.23-6.42-пункттарын жана 6.1-таблицаны караңыз) берилүүчү маалыматтын мүнөзүн, ошондой эле башка факторлорду эске алуу керек (6.44-6.86-пункттарын караңыз).

6.44 Көпчүлүк учурларда баалоо базасын тандоо бир эле фактор менен аныкталбайт. Ар бир фактордун салыштырмалуу маанилүүлүгү конкреттүү факторлорго жана жагдайларга көз каранды.

6.45 Кайсы бир баалоо базасын колдонуунун натыйжасында берилүүчү маалымат финансылык отчёттуулукту пайдалануучулар үчүн пайдалуу болушу керек. Ал үчүн маалымат жөндүү болушу жана ал өзү эмнеге арналгандыгын туура көрсөтүүсү кажет. Андан тышкары, берилип жаткан маалымат мүмкүн болушунча салыштырмалуу, текшерилүүчү, өз убагында жана түшүнүктүү болууга тийиш.

6.46 2.21-пунктта түшүндүрүлгөндөй, негиздүү сапаттык мүнөздөмөнү колдонуунун рационалдуу жана натыйжалуу процесси демейде экономикалык кубулуш жөнүндө алда канча жөндүү маалыматты идентификациялоону болжолдойт. Эгер мындай маалымат жеткиликтүү эмес болсо же ошол экономикалык кубулуштун туура көрсөтүлүшүн камсыз кылгыдай түрдө берилиши мүмкүн болбосо, анда маалыматтын кийинки кыйла жөндүү түрү каралат. Баалоо базасын тандоодогу сапаттык мүнөздөмөлөрдүн ролу 6.49-6.76-пункттарында каралган.

6.47 6.49-6.76-пункттарында негизги көңүл таанылган активдердин жана таанылган милдеттенмелердин учурунда баалоо базасын тандоодо эске алуу керек болгон факторлорду кароого бөлүнгөн. Бул пункттардын айрым аспекттери таанылган же таанылбаган беренелерге карата эскертүүлөрдө берилген маалымат үчүн баалоо базасын тандоодо да колдонулушу мүмкүн.

6.48 6.77–6.82-пункттарында баштапкы таанууда баалоо базасын тандоодо эске алуу керек болгон кошумча факторлор каралат. Эгер баштапкы баалоо үчүн база кийинки баалоодо колдонулган базага шайкеш келбесе, кирешелер жана чыгашалар кийинки биринчи баалоо учурунда баалоо базасынын өзүнүн өзгөрүшүнүн натыйжасында гана таанылышы мүмкүн. Мындай кирешелерди жана чыгашаларды таануу чындыгында мындай операциялар жана окуялар болбогон учурдагы операцияларды же башка окуяларды чагылдырат деп көрүнүшү мүмкүн. Ошентип, актив же милдеттенмелер, жана алар менен байланышкан кирешелер жана чыгашалар үчүн баалоо базасын тандоодо баштапкы жана андан кийинки баалоону эске алуу керек.

### Жөндүүлүк

6.49 Баалоо базасы берген, активге же милдеттенмеге жана аны менен байланышкан кирешелерге жана чыгашаларга карата колдонулган маалыматтын жөндүүлүгү төмөнкүлөргө көз каранды:

(a) активдин же милдеттенменин мүнөздөмөлөрүнө (6.50-6.53-пункттарын караңыз); жана

(b) активдин же милдеттенменин мүнөздөмөлөрүнө (6.50-6.53-пункттарын караңыз).

 © ФОЭС Фонду

### Активдин же милдеттенменин мүнөздөмөлөрү

6.50 Баалоонун кайсы бир базасын колдонуунун натыйжасында берилүүчү маалыматтын жөндүүлүгүн активдин же милдеттенменин мүнөздөмөсүнө, негизинен акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүлмөсүнө жана активдин же милдеттенменин наркы рыноктук факторлорго же башка тобокелдиктерге сезгич болуп саналаарлыгына жарым-жартылай көз каранды.

6.51 Эгер активдин же милдеттенменин наркы рыноктук факторлорго же башка тобокелдиктерге сезгич келсе, алардын баштапкы наркы учурдагы нарктан олуттуу айырмаланышы мүмкүн. Тиешелүү түрдө, эгерде нарктын өзгөрүшү тууралуу маалымат финансылык отчётту пайдалануучулар үчүн маанилүү болуп саналса, анда баштапкы нарк жөндүү маалыматты бере албайт. Мисалы, амортизацияланган нарк туунду инструменттер болуп саналган финансылык актив же финансылык милдеттенме жөнүндө жөндүү маалыматты бере албайт.

6.52 Андан тышкары, эгер баштапкы нарк пайдаланылса, нарктын өзгөрүшү ошол нарк өзгөргөн учурда эмес, чыгып калуу, баанын түшүшү же аткаруу сыяктуу окуялардын болгон мезгилинде чагылдырылат. Бул жобо божомолдонгон катары мындай окуя болгон учурда бардык кирешелер жана чыгашалар ишкана активди же милдеттенмени кармап турган убакыт ичинде эмес, дал ошол мезгилде пайда болгон деп туура эмес чечмелениши мүмкүн. Андан тышкары, баштапкы нарк боюнча баалоо нарктын өзгөрүшү жөнүндө өз убагындагы маалыматты бербегендиктен, баалоонун ошол базасын колдонуу менен чагылдырылган кирешелер жана чыгашалар болжолдоочу жана отчёттук мезгилдин ичинде ошол активди же милдеттенмени кармап туруунун натыйжасында пайда болгон тобокелдикке ишкананын кабылышынын таасирин толук кандуу чагылдырууга мүмкүн болбогонуна байланыштуу баалуулукту тастыктоочу жана болжолдоочу баалуулукка ээ болбой калышы мүмкүн.

6.53 Активдин же милдеттенменин адилет наркынын өзгөрүшү рыноктун катышуучуларынын күтүүсүндөгү өзгөрүүлөрдү, ошондой эле тобокелдиктерге карата алардын артык көрүүлөрүндөгү өзгөрүүлөрдү чагылдырат. Бааланууч у активдин же милдеттенменин мүнөздөрүнө жана ишкананын бизнес ишмердүүлүгүнүн мүнөзүнө жараша мындай өзгөрүүлөрдү чагылдырган маалымат дайыма эле болжолдоочу баалуулукка же финансылык отчетту пайдалануучулар үчүн тастыктоочу баалуулукка ээ боло бербейт. Бул ишкананын бизнес иши активди сатууну же милдеттенмени өткөрүп берүүнү карабаган учурларда, мисалы, эгер ишкана активдерин аларды пайдалануу же келишим менен каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу үчүн кармап турса, же ишкана өзү милдеттенмелерди аткарса адилеттүү болушу мүмкүн.

### Келечектеги акча агымдарына салым

6.54 1.14-пунктунда белгиленгендей, айрым экономикалык ресурстар акча каражаттарынын агымдарын жаратып турат; башка учурларда акча каражаттарынын агымдарын кыйыр жол менен жаратуу үчүн экономикалык ресурстар башка экономикалык ресурстар менен биргеликте колдонулат. Экономикалык ресурстарды пайдалануу ыкмасы жана активдер менен милдеттенмелер акча каражаттарынын агымдарын кантип жаратышы ишкана аткарган бизнес ишмердүүлүктүн мүнөзүнө жарым-жартылай көз каранды.

6.55 Эгер ишкананын бизнес ишмердүүлүгү сатып алуучуларга товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүү жана сатуу үчүн алардын биргелешип пайдалануусунун жардамы менен акча каражаттарынын агымдарын кыйыр түрдө өндүргөн бир нече экономикалык ресурстарды пайдаланууну түшүнсө, баштапкы нарк жана учурдагы нарк мындай ишмердүүлүк жөнүндө жөндүү маалыматты берет. Мисалы, негизги каражаттар демейде ишкананын башка экономикалык ресурстары менен биргеликте колдонулат. Ошондой эле түрдө, запастар сатып алуучуга ишкананын башка экономикалык ресурстарын ири өлчөмдө пайдаланбастан сатылышы мүмкүн эмес (мисалы, өндүрүштүк жана маркетингдик ишмердүүлүктүн алкагында). 6.24–6.31 жана 6.40–6.42-пункттарында баштапкы наркы же учурдагы наркы боюнча мындай активдердин баасы мезгил ичинде алынган маржаны эсептөө үчүн колдонулуучу жөндүү маалыматты кантип бере аларлыгы түшүндүрүлөт.

6.56 Акча каражатынын агымын түздөн-түз өндүргөн активдердин, мисалы, өз-өзүнчө жана олуттуу экономикалык жоготууларсыз (мисалы, ишкананын ишмердүүлүгүндө олуттуу үзгүлтүктөр болбостон) сатыла турган активдердин же милдеттенмелердин учурунда алда канча жөндүү маалыматты берүүчү баалоо базасы катары келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын суммасынын учурдагы баасын, мөөнөтүн жана айкын эместигин өзүнө камтыган учурдагы нарк саналат.

6.57 Эгер ишкананын бизнес ишмердүүлүгү келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу максатында финансылык акттивдерди жана финансылык милдеттенмелерди башкарууну караса,

амортизацияланган нарк активдер боюнча алган пайыздардын жана милдеттенмелер боюнча төлөнгөн пайыздардын ортосундагы айырманы аныктоо үчүн колдонууга мүмкүн болгон жөндүү маалыматты бере алат. Бирок, амортизацияланган нарк пайдалуу маалыматты берерин же жоктугун талдоодо, финансылык активдин же финансылык милдеттенменин мүнөздөмөсүн эске алуу керек. Амортизацияланган нарк карыздын негизги суммасы же пайыздар менен байланышпаган факторлорго көз каранды болгон акча каражаттарынын агымдары жөнүндө олуттуу маалыматты бериши арсар.

## Туура көрсөтүү

6.58 Эгер активдер жана милдеттенмелер кандайдыр бир деңгээлде бири-бири менен байланышкан болсо, мындай активдер жана милдеттенмелер үчүн баалоонун бирдей эмес базасын колдонуу баалоого мамиленин ыраатсыздыгынын келип чыгышына (эсептик шайкеш эместикке) алып келиши мүмкүн. Эгер финансылык отчетто баалоого мамиленин ыраатсыздыгы бар болсо, мындай финансылык абал ишкананын финансылык абалынын жана анын финансылык натыйжаларынын айрым аспектилеринин туура көрсөтүлүшүн камсыз кыла албай калышы мүмкүн. Демек, айрым жагдайларда бири бири менен байланышкан активдер жана милдеттенмелер үчүн баалоонун бирдей базаларын пайдалануу финансылык отчетту пайдалануучулар үчүн баалоонун түрдүү базасын колдонгон учурда берилүүчү маалыматка караганда пайдалуураак болгон маалыматты бериши мүмкүн. Бул бир активдеги же милдеттенмедеги акча агымы башка активдин же милдеттенменин акча агымына түздөн-түз байланыштуу болгон учурларда болушу мүмкүн.

6.59 2.13 жана 2.18-пункттарында белгиленгендей, абдан туура көрсөтүү каталарды камтыбаганына карабай, бул баалоолор бардык жагынан так болушу керек дегенди билдирбейт.

6.60 Эгерде активдүү рынокто бааларга байкоо жүргүзүү аркылуу баалоону түздөн-түз аныктоого мүмкүн болбосо жана анын ордуна эсептик баалоолорду пайдалануу керек болсо, баалоонун айкын эместиги келип чыгат. Баалоонун конкреттүү базасы менен байланышкан баалоонун айкын эместик деңгээли баалоонун бул базасын пайдалануунун натыйжасында берилген маалымат камтыгандыгына, ишкананын финансылык абалынын жана анын финансылык жыйынтыгынын туура берилишине таасир этиши мүмкүн. Баалоонун айкын эместигинин бийик деңгээли жөндүү маалыматты берип турган баалоонун базасын пайдаланууга сөзсүз тоскоолдук жарата бербейт. Бирок айрым учурларда баалоонун айкын эместигинин деңгээли ушул баалоо базасы берген маалыматтын жетиштүү деңгээлде туура көрсөтүлүшүн камсыз кыла албай калат (2.22-пунктту караңыз). Мындай учурларда ал дагы жөндүү маалыматты бере алган баалоонун башка базасын тандоо мүмкүнчүлүгүн кароо максатка ылайык.

6.61 Баалоонун айкын эместиги натыйжалардын айкын эместигинен, ошондой эле болуунун айкын эместигинен айырмаланып турат:

(a) натыйжалардын айкын эместиги актив же милдеттенме менен шартталган экономикалык пайданын түшүү же чыгуу көлөмүнө же мөөнөттөрүнө карата айкын эместик болгондо келип чыгат;

(b) болуунун айкын эместиги активдин же милдеттенменин болушуна карата айкын эместик орун алганда келип чыгат. 5.12-5.14-пункттарында болуунун айкын эместиги ал активдин же милдеттенменин болушуна айкын эместик орун алганда, ал активди же милдеттенмени таануу боюнча ишкананын чечимине кантип таасир этери тууралуу маселе каралат.

6.62 Натыйжалардын айкын эместигинин же болуунун айкын эместигинин болушу айрым учурларда баалоонун айкын эместигинин пайда болушунун себеби болуп калат. Бирок, натыйжалардын айкын эместигинин жана болуунун айкын эместигинин болушу баалоонун айкын эместигинин пайда болушуна сөзсүз түрдө алып келе бербейт. Мисалы, натыйжада актив тарабынан канча акча каражаты түзүлөрүнө ишеним болбосо да, эгер активдин адилет наркын активдүү рынокто байкоо жүргүзүлгөн баанын жардамы менен түздөн түз аныктоого мүмкүн болсо, бул адилет нарктын баалоосуна карата баалоонун анык эместиги жок болуп саналат жана тиешелүү түрдө натыйжалардын айкын эместиги бар.

## Маалыматтын пайдалуулугун жогорулатуучу сапаттык мүнөздөмөлөр жана чыгымдар боюнча чектөө

6.63 Баалоо базасынын тандоосуна салыштырмалуулук, түшүнүктүүлүк жана текшерилмелик сыяктуу маалыматтын пайдалуулугун жогорулаткан сапаттык мүнөздөмөлөр, ошондой эле чыгымдарга карата чектөөлөр таасир этет. Кийинки пункттарда мындай таасирлердин мүмкүн болуучу кесепеттери каралат. 6.69-6.76-пункттарында баалоонун конкреттүү базасына карата бул


© ФОЭС Фонду

факторлордун таасири толук каралат. Өз убагында болуу маалыматтын сапаттык мүнөздөмөсү катары баалоого түздөн-түз таасир этпейт.

6.64 Берилген финансылык отчётторго карата башка чечимдерге чыгымдар чектөө киргизген сыяктуу эле, алар баалоо базасын тандоого дагы чектөө киргизет. Ошентип, баалоо базасын тандоодо мындай баалоо базасын колдонуунун натыйжасында финансылык отчёттуулукту пайдалануучуларга берген маалыматтан пайда аны берүүгө жана аткарууга кеткен чыгымдарды актаарына ишеним болгондугун эске алуу керек.

6.65 Баалоонун бир эле базаларын бир эле беренелерге карата же отчёт берүүчү бир ишкананын алкагында түрдүү мөөнөттөрдө, бирок ар түрдүү ишканалар тарабынан бир мөөнөттө ырааттуу пайдалануу финансылык отчёттуулукту салыштырмалуу кылганга жардамын бере алат.

6.66 Баалоо базасын өзгөртүү финансылык отчёттуулукту жакшы түшүнбөө шартына алып келиши мүмкүн. Бирок, эгерде башка факторлор түшүнүктүүлүктүн азайышынан жогору болсо, мисалы, эгер өзгөрүү алда канча жөндүү маалымат берүүгөө алып келсе анда өзгөрүү аныкталган болот. Эгер өзгөртүүлөр жүрүп жатса, финансылык отчёттуулукту пайдалануучуларга мындай өзгөртүүлөрдүн таасирин түшүнгөнгө түшүндүрмө маалымат керектелет.

6.67 Түшүнүктүүлүк баалоонун канчалаган базасы колдонулаарына жана алар убакыттын өтүшү менен өзгөрүшүнө көз каранды болот. Көп учурларда финансылык отчёттуулук топтомунда баалоо базасы канчалык көп колдонулса, маалымат ошончолук татаал болот жана түшүнүгү аз болот, ал эми финансылык абал жөнүндө отчётто жана финасылык натыйжалуулук жөнүндө отчётто (отчёттордо) жыйынтыктоочу жана аралык көрсөткүчтөрүнүн маалымат берүүчүлүгү төмөндөйт. Бирок, эгер бул пайдалуу малыматтын берилиши үчүн зарыл болсо, баалоо базасынын көп санын колдонуу максатка ылайыктуу болот.

6.68 Текшерилиши баалоо базасын колдонуунун эсебинен жогорулайт, алардын натыйжалары түздөн түз эркин тастыкталат, мисалы, байкоого алынган баанын жардамы менен, же кыйыр түрдө, мисалы, моделде колдонулган маалыматтарды текшерүү жолу менен тастыкталат. Эгер баалоону текшерүүгө мүмкүн болбосо финансылык отчёттуулукту пайдалануучуларга түшүндүрүүчү маалымат талап кылынат, ал бул баалоо кантип аныкталгандыгын түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Мындай айрым учурларда баалоонун башка базасы колдонулгандыгын көрсөтүү зарыл болушу мүмкүн.

### Баштапкы нарк

6.69 Көп кырдаалдарда учурдагы наркты эмес, баштапкы наркты баалоо жөнөкөйүрөөк, тиешелүү түрдө, чыгымдар аз болот. Андан тышкары, баштапкы нарктын негизинде баалоо базасын колдонуу менен алынган баалоолор дайыма түшүнүктүү жана көп учурларда текшерилүүчү болуп саналат.

6.70 Бирок, керектөөнү баалоо, нарктын түшүшүнөн же оордотулган милдеттенмелерден чыгымдарды идентификациялоо жана баалоо субъективдүү болушу мүмкүн. Ошентип, активдин же милдеттенменин баштапкы наркын баалоо же текшерүү да учурдагы наркты баалоо жана текшерүү сыяктуу эле татаал болуп эсептелет.

6.71 Баштапкы нарктын негизинде баалоо базасын колдонууда ар түрдүү мезгилдерде сатып алынган же алынган иденттүү активдер же милдеттенмелер отчёттук формаларда түрдүү сумма менен чагылдырышы мүмкүн. Бул болсо отчёт берүүчү бир ишкананын алкагында түрдүү мезгилдерде жана түрдүү ишканалар боюнча бир мезгилде салыштырмалуулукту азайтышы мүмкүн.

### Учурдагы нарк

6.72 Адилет нарк конкреттүү ишкананын позициясынан эмес, рыноктун катышуучуларынын позициясынан аныкталгандыгына байланыштуу жана актив качан сатылып алынганына же милдеттенме качан кабыл алынганына карабай адилет нарк менен бааланган иденттүү активдер же милдеттенмелер, эреже катары, бир эле рынокко кирүү мүмкүнчүлүгү болгон ишкананын бир эле суммасында бааланат. Бул болсо отчёт берүүчү бир ишкананын алкагында түрдүү мезгилдерде жана түрдүү ишканаларда бир мезгилде салыштырмалуулугун жогорулатат. Тескерисинче, колдонуу баалуулугу жана аткаруунун наркы ишканага мүнөздүү болгон божомолдорду чагылдыргандыктан, мындай баалоолор иденттүү активдер же түрдүү ишканалардагы милдеттенмелер үчүн айырмаланып турушу мүмкүн. Эгер активдер же милдеттенмелер ушул сыяктуу эле акча каражаттарынын агымына салым кошсо, мындай айырмалардын болушу салыштырмалуулукту төмөндөтүшү мүмкүн.

6.73 Эгер активдин же милдеттенменин адилет наркын активдүү рынокто байкоо жүргүзүлүүчү бааларды колдонуу менен түздөн түз аныктоого мүмкүн болсо, анда адилет наркты баалоо

процессине чыгымдар аз, түшүнүү үчүн жөнөкөй жана жеңил болмок; адилет наркты текшерүү түздөн-түз байкоо жүргүзүү жолу менен ишке ашырылат.

6.74 Баалоо ыкмасын, айрым учурларда акча каражаттарынын агымдарына негизделген баалоо методдорун кошо пайдалануу, эгер ал активдүү рынокто түздөн-түз байкоо жүргүзүлгөн болбосо жана колдонуу баалуулугун жана аткаруунун наркын аныктоодо керектүү болсо, адилет наркты баалоо үчүн керек болушу мүмкүн. Колдонулган методдон улам төмөнкүдөй болушу керек:

(a) баалоо үчүн эсептик маалыматтарды аныктоо жана баалоонун бул методун колдонуу көптөгөн чыгымдарга алып келет жана татаал болушу мүмкүн.

(b) баалоо процесинде колдонулган баштапкы маалыматтар субъективдүү болушу мүмкүн жана баштапкы маалыматты, ошондой эле процесстин өзүнүн тууралыгын текшерүү татаал болушу мүмкүн. Тиешелүү түрдө, окшош активдердин же милдеттенмелердин баалары бири-биринен айырмаланышы мүмкүн. Бул алардын салыштырмалуулугун төмөндөтүшү мүмкүн.

6.75 Көп учурларда башка активдер менен бирге колдонулган өзүнчө актив үчүн колдонуу баалуулугун так аныктоо мүмкүн эмес. Анын ордуна колдонуу баалуулугу активдердин тобу үчүн аныкталат, андан кийин натыйжасын өзүнчө активдерге бөлүштүрүү талап кылынышы мүмкүн. Мындай процесс субъективдүү жана эркин болот. Мындан тышкары кайсы бир актив үчүн колдонуу баалуулугунун эсептик наркы аны топтоо башка активдер менен бирге колдонуудан синергияны чагылдырышы мүмкүн. Ошентип, башка активдер менен бирге колдонулган активдүү колдонуу баалуулугун аныктоо чыгым коротулбаган процесс болушу мүмкүн. Ал эми анын субъективдүүлүгү жана татаалдыгы алардын текшерилишин төмөндөтөт. Ушул ой жүгүртүүлөрдөн улам колдонуу баалуулугу мындай активдерди дайыма ашыкча баалоо үчүн баалоонун кабыл алынгыс базасы болушу мүмкүн. Бирок ал активдерди дайыма болуп турбаган кайра баалоо үчүн, мисалы, баштапкы нарк толугу менен орду толтурулуучу экендигин же жоктугун аныктоо үчүн нарктын түшүүнө тесттин алкагында колдонууда пайдалуу болушу мүмкүн.

6.76 Баалоо базасын учурдагы нарктын негизинде колдонууда ар түрдүү убакытта сатып алынган же кабыл алынган окшош активдер жана милдеттенмелер финансылык отчёттуулукта бирдей суммада чагылдырылат. Бул болсо отчёт берүүчү бир ишкананын алкагында түрдүү мезгилдерде жана түрдүү ишканалар боюнча бир мезгилде алардын салыштырмалуулугун жогорулатат. Бирок алмашуунун учурдагы наркын аныктоо процесси татаал, субъективдүү болуп, көбүрөөк чыгымды талап кылат. Мисалы, 6.22-пунктунда белгиленгендей, активдин учурдагы наркын ишканада болгон активдин учурдагы курагын жана абалын чагылдыруу үчүн жаңы активдин учурдагы баасын оңдоп-түзөө жолу менен баалоо керек. Андан тышкары, бизнести жүргүзүүнүн технологиясы жана практикасы өзгөргөндүгүнө байланыштуу көптөгөн активдер ошондой эле окшош активдерге алмашылбайт. Демек, колдонуудагы активге эквиваленттүү активдин учурдагы наркын баалоо үчүн жаңы активдин учурдагы баасын кошумча субъективдүү оңдоп-түзөө керектелет. Андан тышкары, учурдагы баланстык нарктагы өзгөрүүлөрдү керектөөнүн баланстык наркына жана бааларды өзгөртүү таасирине бөлүү (6.42-пунктун караңыз) татаал жана эркин божомолдорду талап кылышы мүмкүн. Бул кыйынчылыктардан улам чыгымдарды баалоо боюнча болгон чаралар жетиштүү түрдө текшерилбеген жана түшүнүксүз болушу мүмкүн.

## Баштапкы баалоо үчүн мүнөздүү факторлор

6.77 6.43–6.76-пунктарында, ал баштапкы таануу же кийинки баалоо болбосун, баалоо базасын тандоодо эске алуу керек болгон факторлор каралат. 6.78-6.82-пункттарында баштапкы таанууда эске алуу керек болгон айрым кошумча факторлор каралат.

6.78 Операциялык чыгымдар олуттуу болгон учурларды кошпогондо, баштапкы таанууда рыноктук шарттарда операция болуп саналган окуянын натыйжасында сатып алынган же кабыл алынган активдин же милдеттенменин наркы, адатта ошол күнгө карата анын адилет наркына барабар. Бирок бул эки сумма бири бирине дал келсе дагы, баштапкы таанууда колдонулган баалоо базасын сыпаттоо керек. Эгер кийин баштапкы нарк колдонула турган болсо, анда баалоонун мындай базасы баштапкы таанууда туура келген болуп саналат. Ошондой эле андан кийин учурдагы нарк колдонула турган болсо, анда баалоонун бул базасы дагы баштапкы таанууда ылайыктуу болуп саналат. Баштапкы таануу жана андан кийинки баалоо үчүн баалоонун бир эле базасын колдонуу, баштапкы таануудан кийинки биринчи баалоодо баалоо базасынын өзгөрүшүнөн улам пайда болгон кирешелерди жана чыгашаларды таануудан оолак болууга мүмкүндүк берет (6.48-пунктту караңыз).

6.79 Ишкана рынок шарттарындагы операциянын алкагында башка активди же милдеттенмени өткөрүп берүүнүн ордуна активди сатып алганда же милдеттенмени өзүнө алганда, сатып алынган активдин же кабыл алынган милдеттенменин баштапкы аныкталган көлөмү мындай операциянын натыйжасында кирешелер же чыгашалар пайда болоорун/болбой тургандыгын аныктайт. Киреше же

чыгаша өткөрүлүп берилген активди же милдеттенмени таанууну токтотуунун натыйжасында пайда болгон же активдин наркы түшүрүлгөндө же милдеттенме оордотулган болуп саналган учурларды кошпогондо, эгер актив же милдеттенме баштапкы наркы боюнча бааланса, баштапкы таанууда эч кандай киреше же чыгаша пайда болбойт. 6.80 Ишкана рынок шарттарында операция болуп саналбаган окуялардын натыйжасында активдерди сатып ала алат же өзүнө милдеттенмелерди ала алат. Мисалы:

(a) операциянын баасы тараптар ортосундагы пайда болгон мамилелер, же финансылык кыйынчылыктар, же бир тараптын башка аргасыз аракеттери менен шартталышы мүмкүн;

(b) актив ишканага мамлекет тарабынан акысыз негизде берилиши же башка тарап аркылуу ишканага белекке берилиши мүмкүн;

(c) милдеттенменин пайда болушу мыйзамдардын же башка ченемдик актылардын талаптарына шартталган болушу мүмкүн; же

(d) компенсацияны же айып акыны төлөө милдети ишкананын мыйзамдарды бузуусунун натыйжасында пайда болушу мүмкүн.

6.81 Мындай учурларда баштапкы нарк боюнча сатып алынган активди же алынган милдеттенмени баалоо ишкананын активдери жана милдеттенмелери жөнүндө, же операциянын же башка окуянын натыйжасында пайда болгон кирешелер же чыгашалар жөнүндөгү маалыматтын туура көрсөтүлүшүн камсыз кылбай калышы мүмкүн. Тешелүү түрдө, сатып алынган активди же алынган милдеттенмени 6.6-пунктта көрсөтүлгөндөй шарттуу баштапкы наркында баалоо орундуу болуп саналат. Шарттуу баштапкы нарктын жана баштапкы таанууда төлөнгөн же ордун толтуруу менен алынган нарктын ортосундагы айырма киреше же чыгаша катары таанылат.

6.82 Эгер активди сатып алуу же милдеттенменин пайда болушу рыноктук шарттардагы операция болуп саналбаган окуянын негизинде жүрсө, бул операциянын же болгон окуянын бүткүл жөндүү аспектилерин идентификациялоо жана эске алуу керек. Мисалы, ишкананын өздүк капиталына карата талаптардын ээлери тарабынан же операциянын же башка окуянын ишкананын финансылык абалына таасиринин, же ишкананын финансылык натыйжалуулугуна тиешелүү таасирдин маңызын туура көрсөтүү үчүн алардын пайдасына бөлүштүрүүлөр боюнча башка активдерди, башка милдеттенмелерди таануу талап кылынышы мүмкүн (4.59-4.62-пункттарын караңыз).

## Баалоонун бирден ашык базасын пайдалануу

6.83 Айрым учурдарда 6.43-6.76-пункттарында белгиленген факторлорду эсепке алуу ишкананын финансылык абалын, жана анын финансылык натыйжаларын туура көрсөтүүнү камсыз кылган жөндүү маалыматты берүү үчүн активдин же милдеттенменин жана аны менен байланышкан кирешелердин жана чыгашалардын баалоосунун бирден ашык базасын колдонуу талап кылынарына алып келиши мүмкүн.

6.84 Көпчүлүк учурларда мындай маалыматты берүүнүн алда канча түшүнүктүү ыкмасы болуп төмөнкүлөр саналат:

(a) финансылык абал жөнүндө отчетто актив же милдеттенме үчүн, ошондой эле финансылык натыйжалуулук жөнүндөгү отчетто (отчеттордо) алар менен байланышкан кирешелер жана чыгашалар үчүн баалоонун бирдей базасын колдонуу; жана

(b) баалоонун башка базасын колдонуунун негизинде даярдалган кошумча маалыматты эскертүүлөрдө берүү.

6.85 Бирок, айрым учурларда мындай маалымат кыйла жөндүү болот же эгер төмөнкүлөр колдонулса, ишкананын финансылык абалын, ошондой эле анын финансылык натыйжалуулугун туура көрсөтөт:

(a) финансылык абал жөнүндө отчетто актив же милдеттенме үчүн учурдагы наркынын негизинде баалоонун базасы; жана

(b) пайда же зыян жөнүндөгү отчетто[10] алар менен байланышкан кирешелер же чыгашалар үчүн баалоонун башка базасы (7.17–7.18-пункттарды караңыз).

Баалоо базасын тандоодо 6.43-6.76-пункттарында белгиленген факторлорду эске алуу керек.

6.86 Мындай учурларда активдин же милдеттенменин учурдагы наркынын өзгөрүшү менен шартталган мезгилге жыйынды киреше же жыйынды чыгаша ажыратылат жана төмөндөгүдөй түрдө классификацияланат (7.14-7.19-пункттарды караңыз):

---

10 «*Концептуалдык негиздерде»* финансылык натыйжалуулук жөнүндө отчет (отчеттор) бир же эки отчеттон тураары же жоктугу көрсөтүлбөйт. «*Концептуалдык негиздерде»* өзүнчө отчетто, финансылык натыйжалар жөнүндө бирдиктүү отчеттун алкагындагы өзүнчө бөлүмдө белгилөө үчүн «пайдалар жана зыяндар жөнүндө отчет» термини колдонулат.

(a) пайда же зыян жөнүндөгү отчетко ушул отчет үчүн тандалган баалоо базасын колдонуу менен бааланган кирешелер жана чыгашалар киргизилген; жана

(b) башка жыйынды кирешенин курамына калган бардык кирешелер жана чыгашалар киргизилген. Натыйжада, ошол активге же милдеттенмеге кирген башка жыйынды кирешенин топтолгон суммасы төмөнкүлөрдүн ортосундагы айырманы түзөт:

(i) финансылык абал жөнүндө отчетто ошол активдин же милдеттенменин баланстык наркынын; жана

(ii) пайда же зыян жөнүндө отчет үчүн тандалган баалоо базасын колдонууда аныкталууга тийиш болгон баланстык нарктын.

## Өздүк капиталды баалоо

6.87 Өздүк капиталдын жалпы баланстык наркы (өздүк капиталдын жалпы көлөмү) түздөн-түз бааланбайт. Анын көлөмү бардык таанылган милдеттенмелердин жалпы баланстык наркын алып салгандан кийинки бардык таанылган активдердин жалпы баланстык наркына барабар.

6.88 Жалпы багыттагы финансылык отчет ишкананын наркын чагылдырууга багытталбагандыктан, өздүк капиталдын жалпы баланстык наркы, эреже катары, төмөнкүлөргө барабар болбойт:

(a) ишкананын өздүк капиталына карата талаптын жыйынды рыноктук наркына;

(b) ишмердүүлүгүнүн үзгүлтүксүздүгү жөнүндө божомолго шайкеш келген ишкананы бир бүтүн катары сатуунун натыйжасында алынмак болгон суммага; же

(c) ишкананын бардык активдерин сатуунун жана ишкананын бардык милдеттенмелерин төлөөнүн натыйжасында алынмак болгон суммага.

6.89 Өздүк капиталдын жалпы көлөмү түздөн-түз бааланбаганына карабастан, өздүк капиталдын айрым өзүнчө класстарынын (4.65-пунктту караңыз) жана өздүк капиталдын айрым компоненттеринин (4.66-пунктту караңыз) баланстык наркын түздөн-түз баалоо орундуу болушу мүмкүн. Ошентсе да, өздүк капиталдын жалпы көлөмү калдык үлүш катары бааланып жаткандыктан, өздүк капиталдын жок дегенде бир классы түздөн-түз баалана албайт. Ушул сыяктуу эле, өздүк капиталдын жок дегенде бир компоненти түздөн-түз баалана албайт.

6.90 Өздүк капиталдын өзүнчө классынын же өздүк капиталдын компонентинин жалпы баланстык наркы, эреже боюнча, оң болуп саналат, бирок айрым жагдайларда терс да болушу мүмкүн. Ушул сыяктуу эле, өздүк капиталдын жалпы көлөмү, эреже катары, оң болот, бирок кайсы активдер жана милдеттенмелер таанылганына, жана алар кандай бааланарына жараша терс да болушу мүмкүн.

## Акча каражаттарынын агымдарына негизделген баалоо методдору

6.91 Кээде көлөмдү баалоо түздөн-түз байкоо жүргүзүлүүчү болуп саналбайт. Айрым бир мындай учурларда көлөмдү аныктоонун ыкмаларынын бири болуп акча каражаттарынын агымдарына негизделген баалоо методун пайдалануу саналат. Мындай методдор баалоо базасы болуп саналбайт. Алар баалоо базасын колдонууда пайдаланылуучу методдор болуп саналат. Тиешелүү түрдө, мындай методду колдонууда баалоонун кайсы базасы колдонуларын, жана анда баалоонун ушул базасына колдонула турган факторлорду бул метод чагылдырган даражаны аныктап алуу керек. Мисалы, эгерде баалоо базасы катары адилет нарк колдонулса, анда 6.14-пунктунда көрсөтүлгөн факторлорду колдонууга болот.

6.92 Акча каражаттарынын агымдарына негизделген баалоо методдору баалоонун модификацияланган базасында колдонууда, мисалы, аткаруунун наркы ишкана өз милдеттенмесин аткарбай калышы мүмкүндүгүнүн таасирин жок кылуу максатында модификацияланганда (өздүк кредиттик тобокелдик) колдонулушу мүмкүн. Баалоо базасын модификациялоо айрым учурларда финансылык отчеттуулукту пайдалануучулар үчүн алда канча жөндүү болгон маалыматты берүүнү камсыз кыла алат же аны даярдоонун жана түшүнүүнүн чыгымдарын азыраак кыла алат. Бирок, баалоонун модификацияланган базасы финансылык отчеттуулукту пайдалануучулардын түшүнүшү үчүн татаал болуп калышы да мүмкүн.

6.93 Натыйжалардын айкын эместиги (6.61(а)-пунктун караңыз) же келечектеги акча каражаттарынын агымынын суммасына же пайда болуу мөөнөтүнө карата айкын эместик болушунун натыйжасында пайда болот. Мындай айкын эместиктер активдердин жана милдеттенмелердин маанилүү мүнөздөмөлөрү болуп саналат. Айкын эмес келечектеги акча агымдарынын эсептик баалоосунун негизинде активди же милдеттенмени баалоодо эске ала турган факторлордун бири болуп эсептик


© ФОЭС Фонду

сумманын же мындай акча каражаттарынын агымдарынын пайда болуу мөөнөтүнүн мүмкүн болуучу вариациялары саналат (6.14(b)-пунктун караңыз). Мындай вариациялар мүмкүн болуучу акча агымдарынын диапазонунан бир сумманы тандоодо эске алынат. Тандалган сумма бардык учурларда эмес, айрым гана учурларда өзүнөн-өзү мүмкүн болуучу натыйжа болуп саналат. Жөндүү маалыматты берген сумма диапазондун ортосуна таандык болот (борбордук эсептик баалоо). Түрдүү борбордук эсептик баалоолор ар түрдүү маалыматтарды берет. Мисалы:

(a) күтүлгөн нарк (ыктымалдуулук эске алынуу менен алынган орточо маани, ошондой эле статистикалык орточо деп да аталат) натыйжалардын бардык диапазонун чагылдырат жана мында ыктымалдуулугу жогору болгон жыйынтыктар салмактуу болот. Күтүлгөн нарк акча каражаттарынын же ошол активге же милдеттенмеге байланыштуу пайда болгон башка экономикалык пайдалардын түшүшүнүн же чыгышынын акыркы көлөмүн болжолдоого арналган эмес.

(b) пайда болбогонго караганда пайда болуучу максималдык сумма (статистикалык медианага окшош) кийинки зыяндын ыктымалдуулугу 50%дан ашпастыгын жана кийинки пайданын ыктымалдуулугу 50%дан ашпастыгын көрсөтөт.

(c) алда канча ыктымалдуу натыйжа (статистикалык режим) актив же милдеттенме боюнча пайда болгон акыркы түшүүлөрдүн жана чыгуулардын бирден-бир алда канча ыктымалдуу көлөмүн билдирет.

6.94 Борбордук эсептик баалоо келечектеги акча агымдарынын эсептик баалоосуна жана анын суммасынын мүмкүн болуучу вариацияларына же пайда болуучу мөөнөттөрүнө көз каранды. Ал акыркы жыйынтык ошол борбордук эсептик баалоодон айырмаланышы мүмкүндүгүнө карата айкын эместикти өзүнө алгандыгы үчүн бааны чагылдырбайт (т.а. 6.14(d)-пунктунда көрсөтүлгөн фактор).

6.95 Бир дагы борбордук эсептик баалоо мүмкүн болуучу натыйжалардын бардык диапазону жөнүндө толук маалыматты бербейт. Тиешелүү түрдө, пайдалануучуларга мүмкүн болуучу натыйжалардын диапазону жөнүндө маалымат талап кылынышы мүмкүн.

**МАЗМУНУ**

| | *Пунктту* караңыз |
|---|---|
| **7-глава — Маалыматты берүү жана ачып көрсөтүү** | |
| **МААЛЫМАТТЫ БЕРҮҮ ЖАНА АЧЫП КӨРСӨТҮҮ - КОММУНИКАЦИЯНЫН ИНСТРУМЕНТИ КАТАРЫ** | **7.1** |
| **МААЛЫМАТТЫ БЕРҮҮНҮН ЖАНА АЧЫП КӨРСӨТҮҮНҮН МАКСАТТАРЫ ЖАНА ПРИНЦИПТЕРИ** | **7.4** |
| **КЛАССИФИКАЦИЯ** | **7.7** |
| **Активдерди жана милдеттенмелерди кассификациялоо** | **7.9** |
| Өз ара чегерүү | **7.10** |
| **Өздүк капиталды классификациялоо** | **7.12** |
| **Кирешелерди жана чыгашаларды классификациялоо** | **7.14** |
| Пайда же зыян жана башка жыйынды киреше | **7.15** |
| **АГРЕГАЦИЯЛОО** | **7.20** |

 © ФОЭС Фонду

## Маалыматты берүү жана ачып көрсөтүү - коммуникациянын инструменти катары

7.1 Отчет берип жаткан ишкана өзүнүн активдери, милдеттенмелери, өздүк капиталы, кирешелери жана чыгашалары жөнүндөгү маалыматты өзүнүн финансылык отчётунда маалыматты берүү жана ачып көрсөтүү аркылуу өткөрүп берет.

7.2 Финансылык отчёттуулук аркылуу натыйжалуу коммуникация мындай маалыматты кыйла жөндүү кылат жана активдерди, милдеттенмелерди, өздүк капиталды, ишкананын кирешелерин жана чыгашаларын туура көрсөтүүгө түрткү берет. Андан тышкары, финансылык отчеттогу маалыматтын түшүнүктүүлүгү жана салыштырмалуулугу жогорулайт. Финансылык отчеттуулук аркылуу натыйжалуу коммуникация жүргүзүү үчүн төмөнкүлөр талап кылынат:

(a) эрежелерге эмес, маалыматты берүү жана ачып көрсөтүү максаттарына жана принциптерине ой топтоо;

(b) окшош беренелерди бир топко топтоп, бири-бирине окшошпогон беренелерди өзүнчө бөлгүдөй кылып маалыматты классификациялоо; жана

(c) маалыматка керексиз бир нече деталдарды киргизип жибергендиктен, же болбосо ашыкча агрегациялоодон улам аны түшүнүү кыйын болбогудай кылып агрегациялоо.

7.3 Чыгымдар финансылык отчетту берүүгө карата башка чечимдерге чектөө салгандай эле, алар маалыматты бергенге жана ачканга тиешелүү чечимдерге да чектөө салышкан. Ошентип, маалыматты берүү жана ачып көрсөтүү жөнүндөгү чечимдерди кабыл алууда, белгилүү бир маалыматты берүү жана ачып көрсөтүү аркылуу финансылык отчеттуулукту пайдалануучуларга берилген пайда анын берилишине жана ачылышына чыгымдарды акташынын ыктымалдыгы канчалык деңгээлде жогору экендигин эске алуу керек.

## Маалыматты берүүнүн жана ачып көрсөтүүнүн максаттары жана принциптери

7.4 Натыйжалуу коммуникацияга финансылык отчёттуулуктун жардамы менен көмөк көрсөтүү максатында стандарттарга киргизилген маалыматты берүүгө жана ачып көрсөтүүгө талаптарды иштеп чыгууда төмөнкүлөрдүн ортосундагы баланс сакталышы керек:

(a) ишканаларга активдерди, милдеттенмелерди, өздүк капиталды, ишкананын кирешелерин жана чыгашаларын туура көрсөткөн жөндүү маалыматты тандоодо берилген эркиндиктин; жана

(b) бир ишкананын алкагындагы түрдүү мезгилдерде, ошондой эле бир отчеттук мезгилде, бирок ар башка ишканалар ортосунда салыштырмалуу болгон маалыматты берүү талабынын.

7.5 Маалыматты берүүнүн жана ачып көрсөтүүнүн максаттарын стандарттарга киргизүү финансылык отчёттуулуктун жардамы менен натыйжалуу коммуникацияны берет, себеби мындай максаттар ишканаларга пайдалуу маалыматты идентификациялоого коммуникациянын өзгөчө натыйжалуу ыкмасын тандоого көмөк көрсөтөт.

7.6 Финансылык отчёттуулуктун жардамы менен натыйжалуу коммуникация төмөнкү принциптерди колдонуунун эсебинен камсыздалат:

(a) ишкана үчүн мүнөздүү болгон маалымат айрым учурларда «шаблон» деп аталган стандарттык сыпаттоолорго караганда алда канча пайдалуу болуп саналат; жана

(b) финансылык отчеттуулуктун ар кайсы бөлүктөрүндө маалыматты көчүрүп кайталоо демейде талап кылынбайт жана ал финансылык отчёттуулукту түшүнүксүз кылышы мүмкүн.

## Классификация

7.7 Классификация – бул маалыматты берүү жана ачып көрсөтүү максатында активдердин, милдетенмелердин, өздүк капиталдын, кирешелердин жана чыгашалардын беренелерин, алардын жалпы мүнөздөмөсүн эске алып аныкталган топтор боюнча бөлүштүрүү процесси. Мындай

мүнөздөмөлөр булардан тышкары, берененин мүнөзүн, ишкана тарабынан жүзөгө ашырылып жаткан бизнес ишмердүүлүгүндөгү анын ролун (же функциясын), жана аны баалоо ыкмасын камтып турат.

7.8 Өз ара бири-бирине окшошпогон активдерди, милдеттенмелерди, өздүк капиталдарды, кирешелерди жана чыгашаларды бир топко киргизүү жөндүү маалыматты жашырып, маалыматтын түшүнүктүүлүгүн жана салыштырмалуулугун төмөндөтүп коюушу, ошондой эле классификациялоо чагылдыра турган маалыматтын туура көрсөтүлүшүн камсыз кыла албай калышы мүмкүн.

## Активдерди жана милдеттенмелерди классификациялоо

7.9 Классификация активге жана милдеттенмеге карата аныкталган эсеп бирдигине карата колдонулат (4.48-4.55–пункттарын караңыз). Бирок, айрым учурларда активди же милдеттенмени бирдей эмес мүнөздөмөгө ээ болгон компоненттерге бөлүштүрүү жана мындай компоненттерди өзүнчө классификациялоо максатка ылайык болуп калат. Эгер мындай компоненттерди өз-өзүнчө классификациялоо ушундай түрдө алынган финансылык маалыматтын пайдалуулугун жогорулатса, анда мындай ыкма максатка ылайыктуу болот. Мисалы, активди же милдетенмени жүгүртүүдөгү/кыска мөөнөттүү же жүгүртүүдөн тышкаркы/узак мөөнөттүү компоненттерге бөлүштүрүү жана ал компоненттерди өзүнчө классификациялоо орундуу болот.

### Өз ара чегерүү

7.10 Ишкана активди жана милдеттенмелерди эсепке алуунун өзүнчө бирдиги катары таанып жана баалаганда, бирок финансылык абал жөнүндө отчетто аларды бириктирип, бирдиктүү нетто-суммада чагылдырса, өз ара чегерүү жүрөт. Өз ара чегерүү окшош эмес беренелерди бир классификациялык топко бириктирет жана, тиешелүү түрдө, демейде орундуу эмес болуп саналат.

7.11 Активдердин жана милдеттенмелердин өз ара чегерүүлөрү укуктардын жана милдеттенмелердин тигил же бул тобунан бир эсеп бирдиги катары айырмаланып турат (4.48–4.55-пункттарын караңыз).

## Өздүк капиталды классификациялоо

7.12 Эгер талаптын төмөнкү укуктары бирдей эмес мүнөздөмөлөргө ээ болсо, пайдалуу маалыматты берүү үчүн ишкананын өздүк капиталына карата талап укуктарын өз-өзүнчө классификациялоо керек болот (4.65-пунктту караңыз).

7.13 Эгер бул компоненттердин айрымдарына мыйзамдардын, ченемдик укуктук актылардын спецификалык жоболору же башка талаптар колдонулса, пайдалуу маалыматты берүү үчүн өздүк капиталдын компоненттерин өз-өзүнчө классификациялоо керек болушу мүмкүн. Мисалы, эгер ишкана белгиленген талаптарга ылайык бөлүштүрүүгө жеткиликтүү катары аныкталган жетиштүү резервге ээ болсо гана, ишкананын айрым юрисдикцияларында өздүк капиталга карата талаптардын ээлеринин пайдасына бөлүштүрүүнү жүзөгө ашырууга уруксат берилген (4.66-пунктту караңыз). Мындай резервдер жөнүндөгү маалыматты өзүнчө берүү же ачып көрсөтүү пайдалуу маалыматты бере алат.

## Кирешелерди жана чыгашаларды классификациялоо

7.14 Классификация төмүнкүлөргө колдонулат:

(a) актив жана милдеттенме үчүн тандалып алынган эсеп бирдигине кирген кирешелерге жана чыгашаларга; же

(b) эгер ушундай кирешелердин жана чыгашалардын компоненттери бирдей эмес мүнөздөмөлөргө ээ болсо жана өзүнчө идентификацияланган болуп саналса, бул компоненттер. Мисалы, активдин учурдагы наркынын өзгөрүшү нарктын өзгөрүшүнөн натыйжаны жана пайыздарды чегерүүдөн натыйжаны камтышы мүмкүн (6.1-таблицаны караңыз). Эгер бул мындай ыкма менен алынган финансылык маалыматтын пайдалуулугун жогорулатса, мындай компоненттерди өзүнчө классификациялоо орундуу болушу мүмкүн.

### Пайда же зыян жана башка жыйынды киреше

7.15 Кирешелер жана чыгашалар классификацияланат жана төмөнкүлөргө кошулат:


© ФОЭС Фонду

(a) же болбосо пайда же зыян жөнүндө отчетко;[11] же

(b) пайда же зыян жөнүндө отчеттон тышкары – башка жыйынды кирешеге.

7.16 Пайда же зыян жөнүндө отчет ошол отчеттук мезгилдеги ишкананын ишмердүүлүгүнүн финансылык натыйжалуулугу жөнүндөгү маалыматтын негизги булагы болуп саналат. Мындай отчет мезгил ичинде ишкананын ишмердүүлүгүнүн финансылык натыйжасынын жалпыланган чагылдырылышы болуп саналган пайданын же зыяндын жыйынтык суммасын камтыйт. Финансылык отчетту пайдалануучулардын көпчүлүгү бул жыйынтык сумманы өз талдоосуна анын башталгыч нокоту же ишкананын мезгил ичиндеги финансылык натыйжасынын негизги көрсөткүчү катары киргизишет. Ошентсе да, ишкананын мезгил ичиндеги финансылык натыйжаларын түшүнүү бардык таанылган кирешелеринин жана чыгашаларынын, ошонун ичинде башка жыйынды кирешенин курамына киргизилген кирешелердин жана чыгашалардын, ошондой эле финансылык отчеттуулукка киргизилген башка маалыматтардын талдоосун талап кылат.

7.17 Пайда же зыян жөнүндө отчет ишкананын мезгил ичиндеги финансылык натыйжалуулугу жөнүндө маалыматтын негизги булагы болгондуктан, бул отчетко, эреже катары, бардык кирешелер жана чыгашалар киргизилет. Бирок, эгер пайда же зыян жөнүндөгү бул отчеттун жыйынтыгында жөндүү маалыматты берүүнү же ишкананын ушул мезгил үчүн финансылык натыйжалуулугунун туура көрсөтүлүшүн камсыз кылса, стандарттарды иштеп чыгууда өзгөчө учурларда Кеңеш активдин же милдеттенменин учурдагы наркын өзгөртүүнүн натыйжасында пайда болгон кирешелер жана чыгашалар башка жыйынды кирешенин курамына кириши керек деген тыянакка келиши мүмкүн.

7.18 Баалоо базасын баштапкы наркы боюнча пайдалануунун натыйжасында пайда болгон кирешелер жана чыгашалар (6.1-таблицаны караңыз) пайда же зыян жөнүндө отчетто чагылдырылат. Мындай кырдаал кирешелердин жана чыгашалардын бул түрү активдин же милдеттенменин учурдагы наркын өзгөртүүнүн компоненттеринин бири катары бөлүнүп көрсөтүлгөндө орун алат. Мисалы, эгер финансылык актив учурдагы нарк боюнча бааланса жана пайыздык киреше нарктын башка өзгөрүүлөрүнөн өзүнчө идентификацияланса, анда мындай пайыздык киреше пайда же зыян жөнүндө отчетко киргизилет.

7.19 Эгер анын натыйжасында пайда же зыян жөнүндөгү отчет кыйла жөндүү маалыматты бере турган болсо же ишкананын ушул отчеттук мөөнөт ичиндеги финансылык натыйжалуулугун туура көрсөтүүнү камсыз кылса, эреже катары, бир мөөнөттө башка жыйынды кирешенин курамында таанылган кирешелер жана чыгашалар башка жыйынды кирешенин курамынан келечектеги мөөнөттөрдүн бириндеги пайда же зыяндар жөнүндөгү отчетко кайра классификацияланат. Бирок, мисалы, анда кайра классификациялоо ушундай натыйжага алып келген же кайра классификациялана турган сумманы идентификациялоо үчүн мөөнөттү идентификациялоого так негиз жок болсо, Кеңеш стандарттарды иштеп чыгууда башка жыйынды кирешенин курамына киргизилген кирешелер же чыгашалар андан ары кайра классификациялануга жатпайт деген чечим кабыл ала алат.

## Агрегациялоо

7.20 Агрегациялоо – бул жалпы мүнөздөмөгө ээ болгон жана бир эле классификациялык топко кирген активдердин, милдетенмелердин, өздүк капиталдын, кирешелердин жана чыгашалардын беренелерин бириктирүү процесси.

7.21 Агрегациялоо маалыматтардын ири көлөмүн жалпылоонун эсебинен маалыматты кыйла пайдалуу кылат. Бирок, агрегациялоо айрым деталдарды жашырып коюуга алып келет. Ошондуктан анча маанилүү эмес деталдардын көп болуп калгандыгынан улам же ашыкча агрегациялоонун натыйжасында жөндүү маалыматты түшүнүү кыйын болуп калбашы үчүн балансты табуу керек.

7.22 Финансылык отчеттуулуктун түрдүү бөлүмдөрүндө агрегациялоонун түрдүү даражасы талап кылынышы мүмкүн. Мисалы, эскертүүлөрдө алдан канча кең-кесири маалымат берилгенине карабай, финансылык абал жөнүндө отчетто жана финансылык натыйжалуулук жөнүндө отчетто (отчеттордо) демейде жалпыланган маалымат берилет.

[11] «*Концептуалдык негиздерде»* финансылык натыйжалуулук жөнүндө отчет (отчеттор) бир же эки отчеттон тураары же жоктугу көрсөтүлбөйт. «*Концептуалдык негиздерде*» өзүнчө отчетко, финансылык натыйжалуулук жөнүндө бирдиктүү отчеттун алкагындагы өзүнчө бөлүмгө таандык «пайда же зыян жөнүндө отчет» термини колдонулат. Ушул сыяктуу эле өзүнчө отчет боюнча жыйынтыкты, финансылык натыйжалуулук жөнүндө бирдиктүү отчеттун бөлүмү боюнча арадагы жыйынтыкты белгилөө үчүн «пайда же зыян боюнча жыйынтык» термини колдонулат.

**МАЗМУНУ**

*Пунктту караңыз*

**8-глава — Капиталдын жана капиталды колдоонун концепциялары**

| | |
|---|---|
| **КАПИТАЛДЫН КОНЦЕПЦИЯЛАРЫ** | **8.1** |
| **КАПИТАЛДЫ КОЛДОО КОНЦЕПЦИЯЛАРЫ ЖАНА ПАЙДАНЫ АНЫКТОО** | **8.3** |
| **КАПИТАЛДЫ КОЛДОО МЕНЕН БАЙЛАНЫШКАН ОҢДОП-ТҮЗӨӨЛӨР** | **8.10** |


 © ФОЭС Фонду

8-главага киргизилген текст 2010-жылы жарык көргөн *Финансылык отчеттуулуктун концептуалдык негиздеринен* өзгөртүлбөгөн түрдө алынган. Бул материал алгач 1989-жылы чыгарылган *Финансылык отчеттуулукту даярдоонун жана берүүнүн концепциясында* камтылган эле.

## Капиталдын концепциялары

8.1 Капиталдын финансылык концепциясын ишканалардын көпчүлүгү финансылык отчеттуулукту даярдоодо колдонот. Капитал инвестицияланган акчалары же инвестицияланган сатып алуу жөндөмдүүлүгү катары түшүнүлгөн финансылык капиталдын концепциясына ылайык, капитал таза активдер же ишкананын өздүк капиталы менен окшоштурулат. Капитал операциялык жөндөмдүүлүк катары туюндурулган физикалык капиталдын концепциясына ылайык, мисалы, күнүгө чыгарыла турган продукциянын бирдигине негизделген ишкананын өндүрүштүк кубаттуулугу болуп эсептелет.

8.2 Ишкананын капиталдын тиешелүү концепциясын тандоосу финансылык отчеттуулукту пайдалануучулардын керектөөлөрүнө негизделиши керек. Ошентип, эгер финансылык отчеттуулукту пайдалануучуларды алды менен инвестицияланган капиталдын номиналдык көлөмүн же инвестицияланган капиталдын сатып алуучулук жөндөмдүүлүгүн кармап туруу тынчсыздандырса, анда финансылык капиталдын концепциясын кабыл алуу керек. Бирок, эгер пайдалануучулар, эң ириде, ишкананын операциялык жөндөмдүүлүгүнө кызыкса, физикалык капиталдын концепциясын колдонуу керек. Тандалган концепция, мындай концепцияны колдонууда баалоо менен байланышкан татаалдыктардын болушуна карабай, кирешени аныктоодо жетилүүгө тийиш болгон максатты көрсөтөт.

## Капиталды колдоо концепциялары жана пайданы аныктоо

8.3 8.1-пунктундагы капиталдын концепциялары капиталды колдоонун төмөнкү концепцияларын шарттайт:

(a) *Финансылык капиталды колдоо*. Эгер бөлүштүрүүлөр натыйжасын менчик ээлеринен жана алар тараптан төгүмдөрдүн пайдасына ошол мезгил ичинде чыгаргандан кийин, таза активдердин мезгилдин аягындагы финансылык (же акчалай) наркы таза активдердин мезгилдин башындагы финансылык (же акчалай) наркынан ашып кетсе, бул концепцияга ылайык пайда иштеп табылат. Финансылык капиталды колдоо номиналдык акча бирдигинде же туруктуу сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн бирдиктеринде бааланышы мүмкүн.

(b) *Физикалык капиталды колдоо.* Ушул концепцияга ылайык, эгер бөлүштүрүү натыйжасын жана алар тараптан төгүмдөрдү менчик ээлеринин пайдасына ошол мезгил ичинде чыгаргандан кийин мезгилдин аягында ишкананын физикалык өндүрүшүнүн кубаттуулугу (же операциялык кудурет) (же мындай кубаттуулукка жетүү үчүн керек болгон ресурстар же каражаттар) мезгилдин башындагы физикалык өндүрүштүк кубаттуулуктан ашып кетсе гана, пайда иштеп табылат.

8.4 Капиталды колдоо концепциясы ишкана анын көлөмүн колдоого умтулуп жаткан капиталды кандай аныктаары менен байланышкан. Ал капиталдын концепцияларынын жана пайданын концепцияларынын ортосундагы өз ара байланышты аныктайт, себеби ал пайданы баалоо үчүн баштапкы нокотту сунуштайт; ал ишкананын капиталынан кайтарым түшүнүгүн жана ал тарабынан капиталды кайтаруу түшүнүгүн чектөө, пайда менен эсептешүү үчүн өбөлгө болуп саналат жана капиталдан кайтарым менен капиталды колдоо үчүн керек болгон суммадан жогору активдердин түшүшү болот. Тиешелүү түрдө, пайда – бул кирешелерден чыгашаларды алып салгандан кийинки калдык сумма (анын ичинде, орундуу болгон учурда, капиталды колдоо менен байланышкан түзөтүүлөр). Эгер чыгаша кирешеден ашып түшсө, анда калдык сумма зыян болуп эсептелет.

8.5 Физикалык капиталды колдоо концепциясы баалоо базасы катары учурдагы наркты тандоону талап кылат. Финансылык капиталды колдоо концепциясы баалоонун белгиленген базасын колдонууну талап кылбайт. Баалоо базасын тандоо бул концепцияга ылайык көлөмүн ишкана колдоого умтулган финансы капиталынын тибине көз каранды.

8.6 Капиталды колдоонун эки концепциясынын ортосундагы принципиалдуу айырма – ишкананын активдерине жана милдеттенмелерине баалардын өзгөрүшүнөн натыйжаны кантип эске алуу

керектигинде турат. Жалпысынан алганда, эгер ал мезгилдин аягында мезгилдин башындагыдай эле көлөмдөгү капиталга ээ болсо, анда ишкана өзүнүн капиталын колдоону камсыз кылган. Капиталды мезгилдин башындагыдай деңгээлде колдоо үчүн керек болгон суммадан ашкан ар кандай сумма пайда болуп саналат.

8.7 Финансылык капиталды колдоо концепциясына ылайык, капитал номиналдык акча бирдигинде аныкталганда, пайда мезгил ичинде капиталдын номиналдык акчалай суммасынын көбөйүшүн билдирет. Ошентип, мезгил ичинде кармалып турган, демейде ээлик кылуудан киреше деп аталган активдерге баанын өсүшү, концептуалдык жактан пайданын түзүүчүсү болуп саналат, бирок алмашуу операциясынын алкагында активдер чыкканга чейин мындай катары таанылбашы мүмкүн. Финансылык капиталды колдоо концепциясы туруктуу сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн терминдеринде аныкталганда, пайда мезгил ичинде инвестицияланган сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн жогорулашын билдирет. Мындай учурда баанын жалпы деңгээлинин көтөрүлүшүн жогорулаткан активдерге баанын көбөйгөн бөлүгү гана пайда болуп эсептелет. Көбөйүүнүн калган бөлүгү капиталды колдоо менен байланышкан оңдоп-түзөө болуп саналат жана, тиешелүү түрдө, өздүк капиталдын курамына киргизилет.

8.8 Физикалык капиталды колдоонун концепциясына ылайык, капитал физикалык өндүрүштүк кубаттуулуктун көз карашынан аныкталганда, пайда мындай капиталдын мезгил ичинде өсүшүн билдирет. Ишкананын активдерин жана милдеттенмелерин козгогон баалардын бардык өзгөрүүлөрү ишкананын физикалык өндүрүштүк кубаттуулугунун баасындагы өзгөрүү болуп саналат; тиешелүү түрдө, алар пайда катары эмес, капиталды колдоо менен байланышкан өздүк капиталдын курамына кирген оңдоп-түзөө катары каралат.

8.9 Баалоо базасын жана капиталды колдоонун концепциясын тандоо финансылык отчетту түзүүдө колдонулган эсепке алуу моделин аныктайт. Эсепке алуунун түрдүү модели жөндүүлүктүн түрдүү даражасы жана ишенимдүүлүгү менен мүнөздөлөт жана өзүнүн тандоосунда башка тармактардагыдай эле, жетекчилик жөндүүлүктүн жана ишенимдүүлүктүн ортосундагы балансты сактоого тийиш. *Концептуалдык негиздерди* эсепке алуунун түрдүү моделдерине карата колдонууга болот жана тандалган моделге ылайык даярдалган финансылык отчёттулукту түзүүгө жана берүүгө карата колдонмону камтыйт. Азыркы учурда Кеңеш, мисалы, гиперинфляциялык экономикасы бар өлкөнүн валютасында финансылык отчёттуулукту берген ишкана үчүн каралган сейрек учурларды кошпогондо, эсепке алуунун аныкталган моделин колдонууну кароого ниеттенген жок. Ошого карабастан бул ниет дүйнөдө болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн өңүтүндө кайрадан талдоого алынат.

## Капиталды колдоо менен байланышкан оңдоп-түзөөлөр

8.10 Активдердин жана милдеттенмелердин наркын кайталап баалоо же кайра эсептөө өздүк капиталдын көбөйүшүнө же азайышына алып келет. Көбөйүүнүн же азаюунун бул суммалары кирешелердин жана чыгашалардын аныктамасын канааттардырганы менен, алар капиталдын көлөмүн колдоонун аныкталган концепциясына ылайык кирешелер жана зыяндар жөнүндөгү отчётко киргизилбейт. Анын ордуна мындай беренелер капиталды колдоо же кайталап баалоо боюнча резервдер менен байланышкан оңдоп-түзөөлөр катары өздүк капиталдын курамына киргизилет.


© ФОЭС Фонду

# Тиркеме
# Терминдердин аныктамасы

Терминдердин төмөндө келтирилген аныктамалары *Финансылык отчёттуулуктун концептуалдык негиздеринин* тиешелүү пункттарынан алынды.

| | | |
|---|---|---|
| **агрегациялоо** | Жалпы мүнөздөмөгө ээ болгон жана бир эле класификациялык топко кирген активдердин, милдеттенмелердин, өздүк капиталдын, кирешелердин же чыгашалардын беренелерин бириктирүү. | CF.7.20 |
| **актив** | Өткөн окуялардын натыйжасында ишкана тарабынан контролдонгон, колдо болгон экономикалык ресурс. | CF.4.3 |
| **баланстык нарк** | Финансылык абал жөнүндөгү отчётто актив, милдеттенме же өздүк капитал таанылган сумма. | CF.5.1 |
| **классификация** | Маалыматты берүү жана ачып көрсөтүү максатында алардын жалпы мүнөздөмөсүн эске алуу менен активдердин, милдеттенмелердин, өздүк капиталдын, кирешенин жана чыгашанын беренелерин белгилүү топторго бөлүштүрүү. | CF.7.7 |
| **айкалышкан финансылык отчёттуулук** | Курамына башкы ишкана, ошондой эле туунду ишкана кирген отчёт берүүчү ишкананын финансылык отчёттуулугу. | CF.3.12 |
| **бириктирилген финансылык отчеттуулук** | Курамына башкы ишкана, ошондой эле туунду ишкана кирген отчёт берүүчү ишкананын финансылык отчёттуулугу. | CF.3.11 |
| **экономикалык ресурстарды контролдоо** | Азыркы учурда болгон экономикалык ресурсту пайдалануу ыкмасын аныктоо жана ал алып келе турган экономикалык пайданы алуу кудурети. | CF.4.20 |
| **таанууну токтотуу** | Таанылган активдин бардыгын же бөлүгүн, же милдеттенмени же анын бөлүгүн ишкананын финансылык абалы жөнүндө отчёттон алып салуу. | CF.5.26 |
| **экономикалык ресурс** | Экономикалык пайданы түзүү потенциалына ээ болгон укук. | CF.4.4 |
| **маалыматтын пайдалуулугун жогорулатуучу сапаттык мүнөздөмөлөр** | Пайдалуу маалыматты андан да пайдалуу кылган сапаттык мүнөздөмө. Маалыматтын пайдалуулугун жогорулатуучу сапаттык мүнөздөмө болуп салыштырмалуулук, текшерилиши, өз убагында болушу жана түшүнүктүүлүк саналат. | CF.2.4, CF.2.23 |
| **өздүк капитал** | Ишкананын бардык милдеттенмелерин алып салгандан кийин анын активдериндеги калган үлүш. | CF.4.63 |
| **ишкананын өздүк капиталына карата талап** | Ишкананын бардык милдеттенмелерин алып салгандан кийин анын активиндеги калдык үлүшкө карата талап кылуу укугу. | CF.4.64 |
| **аткарыла турган келишим** | Бирдей деңгээлде аткарылбаган болуп саналган келишим же келишимдин бөлүгү: бир да тарап өз милдеттеринин бирин да аткарган жок же эки тарап тең өз милдеттерин бирдей деңгээлде жарым жартылай аткарган. | CF.4.56 |
| **болуунун айкын эместиги** | Активдин же милдеттенменин болушуна карата айкын эместик. | CF.4.13, CF.4.35 |
| **чыгашалар** | Ишкананын өздүк капиталына карата талап укугунун ээлеринин пайдасына аны бөлүштүрүү менен байланышпаган өздүк капиталдын азайышына алып келген активдердин азайышы же милдеттенмелердин көбөйүшү. | CF.4.69 |
| **негизги сапаттык мүнөздөмө** | Жалпы багыттагы финансылык отчётту негизги пайдалануучулар үчүн пайдалуу болууга финансылык маалымат ээ болушу керек болгон сапаттык мүнөздөмө. Негизги сапаттык мүнөздөмө болуп, жөндүүлүк жана туура көрсөтүү саналат. | CF.2.4, CF.2.5 |

| | | |
|---|---|---|
| **жалпы багыттагы финансылык отчет** | Отчёт берүүчү ишкананын экономикалык ресурстары, ишканага талап укуктары жана экономикалык ресурстардын өзгөрүүлөрү жөнүндөгү финасылык маалыматты жана ошол ишканага ресурстарды берүү жөнүндөгү чечимди кабыл алууда негизги колдонуучулар үчүн пайдалуу болуп саналган талаптардын укугун билдирген отчёт. | CF.1.2, CF.1.12 |
| **жалпы багыттагы финансылык отчёттуулук** | Отчёт берүүчү ишкананын активдери, милдеттенмелери, өздүк капиталы, кирешелери жана чыгашалары жөнүндө маалымат берүүчү жалпы багыттагы финансылык отчёттордун конкреттүү формасы. | CF.3.2 |
| **киреше** | Ишкананын өздүк капиталына карата талап укуктарынын ээлеринин төгүмдөрү менен байланышпаган өздүк капиталдын көбөйүшүнө алып келүүчү акивдердин көбөйүшү же милдеттенмелердин азайышы. | CF.4.68 |
| **милдеттенме** | Өткөн мезгилдеги окуялардын натыйжасында келип чыккан, экономикалык ресурсту өткөрүп берүү боюнча ишкананын азыркы учурдагы милдети. | CF.4.26 |
| **маанилүү маалымат** | Эгерде маалыматтын камтылбай калышы, бурмаланышы же жашырылышы конкреттүү отчёт берүүчү ишкана жөнүндө финансылык маалыматты берүүчү бул отчёттордун негизинде жалпы багыттагы финансылык отчёттордун негизги пайдалануучулары тарабынан кабыл алынган чечимдерге таасирин тийгизиши мүмкүн деп негиздүү түрдө күтүүгө мүмкүн болсо, маалымат маанилүү болуп саналат. | CF.2.11 |
| **чоңдуктун баалоосу** | Активге же милдеттенмеге жана аны менен байланышкан кирешелерге жана чыгашаларга карата баалоо базасын колдонуунун натыйжасы. | CF.6.1 |
| **баалоо базасы** | Бааланууучу берененин белгиленген мүнөздөмөсү, мисалы, баштапкы нарк, адилет нарк же аткаруу наркы. | CF.6.1 |
| **баалоонун айкын эместиги** | Финансылык отчёттордо чагылдырылган акчалай суммаларга түздөн-түз байкоо жүргүзүлбөгөн жана анын ордуна эсептик баалоону колдонуу менен аныкталышы керек болгон учурларда келип чыккан айкын эместик. | CF.2.19 |
| **өз ара чегерүү** | Эсепке алуунун өзүнчө бирдиги катары таанылган жана бааланган активди жана милдеттенмени бириктирүү жана аларды финансылык абал жөнүндө отчётто бирдиктүү нетто-сумма катары чагылдыруу. | CF.7.10 |
| **натыйжанын айкын эместиги** | Актив же милдеттенме менен шартталган экономикалык пайданын түшүү же чыгуу көлөмүнө же мөөнөттөрүнө карата айкын эместик. | CF.6.61 |
| **экономикалык пайданы алып келүү потенциалы** | Эчак болгон жана бир конкреттүү кырдаалда ишкана үчүн экономикалык пайданы, башка бардык тараптарга жеткиликтүү болгон жогорулатуучу пайданы алып келүүгө жөндөмдүү экономикалык ресурстун мүнөздөмөсү. | CF.4.14 |
| **(жалпы багыттагы финансылык отчётторду) негизги пайдалануучулар** | Иштеп турган жана потенциалдуу инвесторлор, зайым берүүчүлөр жана башка кредиторлор. | CF.1.2 |
| **Этияттуулук** | Айкын эместик шарттарында баалоо жүргүзүүдө этият болуу. Этияттуулукту колдонуу – активдер жана кирешелер жогорулатылбайт, ал эми милдеттенмелер жана чыгашалар төмөндөтүлбөйт дегенди билдирет. Этияттуулукту бирдей деңгээлде колдонуу активдердин же кирешелердин жогорулатылышына же милдеттенмелердин же чыгашалардын төмөндөтүлүшүнө жол бербейт. | CF.2.16 |
| **таануу** | Финансылык абал жөнүндөгү отчетко же финансылык натыйжалуулук жөнүндөгү отчетко (отчетторго) финансылык отчеттуулуктун элементтеринин биринин - активдин, милдеттенменин, өздүк капиталдын, кирешенин же чыгашанын | CF.5.1 |


© ФОЭС Фонду

| | | |
|---|---|---|
| | аныктамасын канаттандыруучу беренелерди киргизүү процесси. Таануу берененин белгиленген отчеттордун биринде – өзүнчө же башка беренелер менен бирге – сөздүн жана акчалай сумманын жардамы менен чагылдырылышын, ошондой эле бул сумманы отчеттун жыйынтык көрсөткүчтөрүнө киргизилишин билдирет. | |
| **отчет берүүчү ишкана** | Жалпы багыттагы финансылык отчетту даярдоого милдеттүү болгон же өз алдынча даярдоону чечкен ишкана. | CF.3.10 |
| **бириктирилбеген финансылык отчеттуулук** | Башкы ишкананы гана билдирген отчет берүүчү ишкананын финансылык отчету. | CF.3.11 |
| **эсеп бирдиги** | Таануу критерийлери жана баалоо принциптери колдонулган укук же укуктар тобу, милдет же милдеттер тобу, же укуктар жана милдеттер тобу. | CF.4.48 |
| **пайдалуу финансылык маалымат** | Жалпы багыттагы финансылык отчетту пайдалануучулар үчүн отчет берүүчү ишкананын ресурстарын берүү жөнүндө алар чечим чыгарууда пайдалуу болуп саналган финансылык маалымат. Финансылык маалымат пайдалуу болушу үчүн ал өзү багытталган нерсесин жөндүү жана туура көрсөтүшү керек. | CF.1.2, CF.2.4 |
| **жалпы багыттагы финансылык отчетторду пайдалануучулар** | «Негизги пайдалануучулар (жалпы багыттагы финансылык отчетторду)» караңыз. | – |

## 2018-жылдын мартында басылып чыккан *Финансылык отчеттуулуктун концептуалдык негиздерин* Кеңештин жактыруусу

*Финансылык отчеттуулуктун концептуалдык негиздери* басып чыгаруу үчүн Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары боюнча кеңештин 14 мүчөсүнүн 13ү тарабынан жактырылган. Тарка айым анын жакында Кеңешке дайындалганына байланыштуу добуш берүүдөн карманган.

| | |
|---|---|
| Ханс Хугерворст | Төрага |
| Сюзанна Ллойд | Вице-төрага |
| Ник Андерсон | |
| Мартин Эдельман | |
| Франсуа Флорес | |
| Амаро Луис Де Оливейра Гомес | |
| Гари Кабурек | |
| Жанхао Лу | |
| Такацугу Очи | |
| Даррел Скотт | |
| Томас Скотт | |
| Чунгву Су | |
| Анн Тарка | |
| Мари Токар | |


© ФОЭС Фонду